КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

К.ТЫНЫСТАНОВ АТЫНДАГЫ ЫСЫК-КӨЛ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ

Т.3.1.14. Филологиялык билим берүү багытынын Кыргыз тили жана адабияты адистиги үчүн

Кеп маданияты курсу боюнча окуу-методикалык комплекс

Оторбаева Салтанат Батырбековна

КАРАКОЛ, 2016

Киришүү

Биздин тилибиз, бир карасак, өтө эле жөнөкөй, жеңилдей сезилет, оозуңа келгенди айтып, оюңду билдиресиң, бир карасаң, өтө эле татаал, өтө кыйын, оюңду так, таамай, таасын, ачык, жеткиликтүү бере албай мукактанасың, дилиң жетип турганга, тилиң жетпей, көзүң жетип турганга, кебиң жетпей, оюң жетип турганга сөзүң жетпей кыйналасың. Мындан улам, кеп – адам баласынын жан дүйнөсү экендигине ынанабыз. Адамдын мүнөзүн, табиятын, билимдүүлүгүн, маданияттуулугун, анын сүйлөгөн кебинен эле баамдап койсок болот. Ар бир жогорку билимдүү адистин оозеки жана жазуу речин өнүктүрүп, сүйлөөнү теориялык жактан эле эмес, практикалык жактан ким менен, качан, кайсы жерде, кандай максатта, пикир алышуунун кырдаалына карай сүйлөөнүн адебин сактап, тилдин мыйзам ченемдүүлүгүнө чыгармачылык менен колдоно билүүсүн өнүктүрүү максаты көздөлөт.

Кеп маданияты курсунда студенттерге кеп маданиятынын тарыхы, кеп менен тилдин өзгөчөлүктөрү, кептин комуникативдик, негизги сапаттары жана баскычтары, сүйлөө маданияты тууралуу, ошондой эле, кептик этикеттер тууралуу маалымат берилет. Ораторлук искусствонун тарыхы, анын эң көрүнүктүү өкүлдөрү Демосфен, Аристотель, Марк Туллий Цицерондун өмүр жолу, эмгектери жана бийик сапаттары жөнүндө окутулат. К.Маркс, Ф.Энгельс жана В.И.Ленин иштеп чыккан жумушчу табынын ораторлук искусствосунун негизги принциптери менен тааныша алышат. Ошону менен бирге кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы, чечендер, чечендердин негизги сапаттары тууралуу сөз болот. Чечендик өнөр – адамдын туубаса таланттуулугуна түздөн-түз байланыштуу келип, ар кыл чөйрөдө, ар кандай жагдайда өзүнүн логикасын, өз күчүн, тынымсыз көнүгүүсүнүн, изденүүсүнүн аркасында жүрө-жүрө калыптана тургандыгы фактылар менен далилденип берилет.

Студенттер сүйлөөнүн коммуникативдик сапаттарын толук өздөштүрүп, пикир алышуунун кырдаалына ылайык, тилдин, сүйлөөнүн стилдерин сактап, сүйлөөнүн адебин сактай алгандай болушу керек.

Дисциплинада колдонулуучу окутуунун интерактивдүү усулдары

Эгер сабак учурунда студенттердин ортосунда, студенттер менен окутуучунун ортосунда карым-катыш жогорку деңгээлде жүрсө, мындай сабак өтүүнү интерактивдүү деп атайбыз. Мындай карым-катыш кайсы бир проблеманы чечүүдө жана сунуш кылынган чечим канчалык алгылыктуу экендиги интерактивдүү методдорду колдонуу менен өтүлгөн сабакта байкалат. Мындагы эң башкы нерсе – маселени чечүү процесси анын жообундай эле маниге ээ, кээде андан да маанилүү экендиги. Себеби, интерактивдүү усулду колдонуудагы негизги максат студенттерге маалымат берүү эле эмес, алардын жоопторду өз алдынча таба билүү көндүмдөрүн да калыптандыруу болуп саналат.

Интерактивдүү усул ар түрдүү көп маселелерди чечүүдө өз ара аракеттенүү ыкмаларын ар башкача колдонууга ийкемдүү келет. Бирок кандай гана усул колдонулбасын, студенттердин турмуштук тажрыйбасы билим алуунун негизги башаты катары каралышы керек. Интерактивдүү окуу учурунда студенттер окутуучу менен, башка студент менен (эки-экиден болуп иштөөдө), чакан топ менен, чоң топ менен, эл менен (интервью жүргүзүүдө) жана техниканын айрым түрлөрү менен байланышта болот.

Интерактивдүү усулдарды пайдалануда студенттер маалымат эле албастан, өздөрү сунуштаган жол же чечим эмне үчүн туура же айтылган башка варианттардан артык экендигин логикалуу кылып түшүндүрүүгө аргасыз болот, идеяларды кыйла терең иштеп чыгышат, маселени чечүү учурунда өздөрүнүн жана өзгөлөрдүн тажрыйбасын пайдаланышат, окутуучу өзү да студенттерден жаңы нерселерди билип, үйрөнүшү мүмкүн.

Интерактивдүү усулдарды колдонуу менен окутууда студенттердин активдүүлүгү артып, чыгармачыл ой жүгүртүүсү калыптанат. Ал эми окутуучунун билим берүүчүлүк тажрыйбасы артып, билим деңгээли жогорулап, ар тараптан өнүгүүгө кадам таштайт. Төмөндө сабакта колдонулуучу интерактивдүү методдордун бир нечесинин жол-жобосун белгилеп кетебиз.

ПСМТ (позиция, себеп, мисал, тыянак) – усулун колдонуу балдардын талкууга катыша билүүсүн өнүктүрүү үчүн эң мыкты ыкма болушу мүмкүн. Мындай ыкма балдардын инсандарга эмес, идеяларга көңүл бургандай кылып өз пикирлерин айтышына багыт берет. Пикирлерин айтып жатканда балдардан төмөндөгүдөй ырааттуулукту сактоону өтүнүү керек:

1.Позиция.
2. Себеп.
3. Мисал.
4. Тыянак.

Синквейн – француз тилинен которгондо “беш сап” деген түшүнүктү берет. Синквейн уйкаштыкты талап кылбаган, рифмалашпаган, ойду жыйынтыктоочу каражат катары колдонулуп, студенттердин ой жүгүртүүсүн ойготуп, ойлонууну талап кылган түшүнүктөрдүн жыйындысынан турган “5 сап ыр”. Студенттер билген маалыматтарын топтоштуруп, системалаштырат жана сөз байлыгы артат. Синквейн түзүүнүн эрежеси:

- 1-сап: бир зат атооч сөз.
- 2-сап: зат атоочту сыпаттоочу эки сын атооч сөз.
- 3-сап: зат атоочтун кыймыл-аракетин билдирүүчү үч этиш сөз.
- 4-сап: зат атооч сөз катышкан төрт сөздөн турган сүйлөм.
- 5-сап: зат атооч сөздүн синоними, же маанилеш сөз.



Класстер – англис тилинен которгондо “шингил” деген түшүнүктү берет. Жүзүмдүн бир шингилинин тобун элестетүүгө болот. Класстер – топ-шингил бөлүштүрүү же түзүү – кандайдыр бир тема боюнча ачык жана эркин ойлонушуна жардам бере турган педагогикалык стратегия. Ой жүгүртүүгө мажбурлоонун кыйыр түрү класстер түзүү болуп эсептелет. Ойду, билимди, сөздөрдү системалаштырып, улам туулган жаңы ойду кошумчалап, эсине

сактоого, сынчыл ойлоого түрткү берет. Класстер түзүүдө убакыт эске алынуусу зарыл. Жекече жана топтордо иштөөгө болот.

Класстер түзүүнүн эрежеси:

- тема, идея берилет, тандалган тема жалпыга белгилүү болушу керек;
- темага байланыштуу келген ойдун бардыгын жазуу;
- жазууда кетирилген орфографиялык каталарга көңүл бурбоо, катаны ыңгайы келгенде оңдоо;
- убакыт бүткөнчө ойлорду жаза берүү же сүрөт тартуу;
- убакыт бүткөндө жазгандарын окуп берүү.

Дил баян – жанрдык, тематикалык, стилдик жактары чексиз болуп, байланыштуу речти өстүрүү үчүн колдонулуучу окутуу ишмердүүлүгүн бир түрү. Дил баян жазуу аркылуу студенттер ички ой-толгоосун, дүйнөсүн, турмуштук көз карашын өстүрүүгө тарбияланат. Стилдик өзгөчөлүгүнө карата дил баяндын 3 түрү бар:

1. Дил баян – мүнөздөмө.
2. Адабий сын дил баяны.
3. Эркин темадагы дил баян.

Эссе – латын тилинде “ченемдөө, байкаштыруу”, англис, француз тилдеринде очерк, макала, иштелип бүтпөгөн чыгарма, аракеттенүү деген түшүнүктөрдү берет. Жалпылаганда, адабий жанрдын бир түрү. Стиль жагынан автордун өз идеясы, көз карашы, баасы берилет. Чечмелөө, корутундулоо, анализдөө өзүнүн ой-толгоосу тажрыйбасы менен айкашат. Ал мазмундуулугу менен өзгөчөлөнөт. Эссе студенттердин ой жүгүртүүсүн калыптандырат.

Эссе жазуунун эрежеси:

- убакытты белгилөө;
- теманы талкуулап, бир чечимге келүү;

❖ өз алдынча жазуу.

Угуп-түшүнүү методун колдонууда сүйлөп жаткан учурда ар кандай тематикадагы кырдаалдарда көркөм адабий, саясий тема боюнча сүрөттөө, ой жүгүртүү, баяндоо жана сыналгы, үналгы берүүлөрдү угуп түшүнүү жөндөмүнүн деңгээли коюлган максатка жараша текшерилет, бааланат, байкоо жүргүзүлөт.

Долбоор түзүү – белгилүү бир теманы өз алдынча окуп үйрөнүп жатканда башкалар менен чыгармачылык иштерди жүргүзүүгө багытталган. Долбоор түзүүдө студенттер өз алдынча жана топтордо иштей алышат. Долбоор методунда турмушта өтө зарыл, актуалдуу тема тандалуусу керек. Окутуучу долбоордун жетекчиси катары кеңешин айтып, багыт берет. Ал эми студент байкоочу, изилдөөчү катары проблеманы чечүүнүн жолдорун таап, маалыматтарды жыйноосу зарыл. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарын сунуштоо, долбоорду жактоо – бул студенттин же топтун чыгармачылык иши болуп саналат. Күтүлүүчү натыйжа – студенттерде өз алдынча иштөө ыкмалары, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү өнүгөт. Алган билимдерин окуудан тышкары пайдаланып, чыгармачылык иште өзүнүн тажрыйбасын алмаша алат.

Венндин диаграммасынын максаты – тилдик, кептик түшүнүктөрдүн айырмачылыктаын жана окшоштуктарын салыштыруу. Өткөрүүнүн тартиби:

❖ окутуучу тапшырманы түшүндүрөт;
❖ ар бири өз алдынча өз билгендерин жазышат;
❖ жуп менен иштешип, бири-бирине көргөзүп толукташат;
❖ топто иштешип, жазгандарын кезектешип окуп беришет;
❖ диаграмманы толтурушат.

Дебат – студенттер кайсы бир теманы талкуулашы керек. Мында каралып жаткан маселени чечүү боюнча бардык “макул жана каршы” позициялар иликтенет. Талкуу натыйжалуу жүрүш үчүн белгилүү бир жол-жобону сактап, баарын катуу тартипте аткаруу керек. Өткөрүүнүн тартиби:

❖ чыгып сүйлөгөн адам белгиленген убакытты эске алуусу керек;
❖ бир-бирден гана сүйлөө керек;
❖ чыгып сүйлөөчү топторго карап сүйлөшү керек.

ЧТО – Чакыруу-Түшүнүү-Ойлонуу. Чакыруу – ой жүгүртүүнү талап кылып, мээнин иштешин мажбурлоо. Эгерде сын ой

жүгүртүүнүн аспектисинде алсак, ойлонуп акылдын таймашуусуна чакыруу. Өтүлө турган тема боюнча билгендерин сыртка аңтарып чыгуу. Түшүнүү – маалымдоочу кабарды түшүнүп, маанисине жетүү, билүү. Ойлонуу – ой жүгүртүп окуп, анализден өткөрүү. Маанисин түшүнгөндөн кийин, анализдөөгө шыктандыруучу ар түрдүү сындар, ойлор.

Аң-сезимге чабуул- бул тапшырма окуучулардан идея сунуш кылууну талап кылат. Айтылган бардык идеялар сындалбай кабыл алынса, тапшырма ийгиликтүү аткарылат. Тапшырма студенттердин буга чейинки билгендерин аныктоо жана пикир алмашуу үчүн пайдалуу. Өткөрүүнүн тартиби:

- ❖ теманы жана бөлүнгөн убакытты жарыялоо керек;
- ❖ айтылган идеяларды көбүрөөк жазуу;
- ❖ эң алгылыктуу идеяларды тандоо.

ИНСЕРТ – студенттерге окуу процессинде өз түшүнгөндөрүн өздөрү сезип, туя билүүгө мүмкүнчүлүк берип, мурдагы алган билимдерин эске түшүрүү үчүн колдонулат. Өткөрүүнүн тартиби:

- ❖ студенттерге тема берилет да, ал тема боюнча аз убакыттын ичинде билгендеринин баарын өз алдынча жазып чыгышат;
- ❖ алар туурабы же туура эмеспи эч кандай маниге ээ болбогондуктан, көбүрөөк жазуу керек;
- ❖ жазгандарын жупта, топто бири-бири менен талкуулап, толукташат;
- ❖ топтун мүчөлөрү талкуу бүткөндөн кийин аткарган иштери тууралуу ой бөлүшүп, аларды окуп беришет;
- ❖ маалыматтарын доскага же ватманга жазышат;
- ❖ андан кийин бул тема боюнча текст таратылат;
- ❖ текстке белгилерди коюшат, ар бир сүйлөмдү белгилей берүүнүн зарылдыгы жок, абзацка койсо болот;
- ❖ белгилер коюлгандан кийин талкуулашат;
- ❖ талкуулап бүткөндө, белгилерди пайдаланып, таблица түзүшөт.

"V" - билем	**"+" – жаңы билдим**	**"-" – оюма карама-каршы**	**"?" - түшүнгөн жокмун**

Сүрөт аркылуу жат жазуу – бул ыкма аркылуу сүрөт боюнча оюн жаза билүүгө машыгышат. Орфографиялык сабаттуулугун арттырууга көмөкчү болуп, маалымат алмашышат. Сөз байлыгы өсүп,

сүйлөмдөрдү, тексттерди түзүүгө көнүгүшөт. Студенттерге кандайдыр бир сүрөт берилет, ал сүрөт боюнча билген маалыматтарын жазышат.

Эки бөлүктүү күндөлүк – текст менен интерактивдүү иштөө. Студенттерге тексттин мазмуну менен өз ой-пикирин, жеке тажрыйбасын байланыштырып, табигый жооп табууга мүмкүндүк берилет. Комментарий – бул кайсы бир ой жөнүндөгү талкуулар, түшүнүктөр жана сын-пикирлер. Комментарий кандай болушу мүмкүн?

- ❖ окуп жаткан адамдын позициясы;
- ❖ жазылып алынган цитаталардын түшүндүрмөсү;
- ❖ маалыматка карата эмоция, сезим, окшоштуктардын берилиши;
- ❖ окулган маалымат, материал боюнча суроолор болушу мүмкүн.

Цитата	**Комментариялар**

Тест – англис тилинен алынган, изилдөө, сыноо, байкоо деген сөздөрдүн түшүнүгүнөн келип чыккан. Студенттердин билим деңгээлин текшерүү, өз күчүн сыноо, унутулган материалдарды кайталоо, билгендерин калыптандыруу максатында сабактарда тесттик тапшырмалар колдонулат.

Баалоо усулдары

Сабакта студенттердин жетишкендиктерин баалоо, окутуунун максаттары, натыйжалары, методдору менен тыгыз байланышта

болот. Баалоонун максаты – окутуунун күтүлүүчү натыйжалары менен фактылык натыйжаларынын ылайыктуулугун аныктоо. Студенттердин билим жетишкендиктерин өлчөө үчүн баалоонун төмөнкүдөй түрлөрү колдонулат.

Оозеки жоопторду баалоо

Сабакта эң жыш колдонулган баалоонун түрү катары студенттин оозеки жооп берүүсү болуп саналат. Жоопту баалоодо төмөнкү критерийлер эске алынат:

- ❖ жооптун толуктугу жана тууралыгы;
- ❖ окугандарды түшүнгөндүгүн аңдап билүү деңгээли;
- ❖ жооптун тилдик жасалгасы.

Оозеки жоопторду баалоодо төмөнкүлөр эске алынат:

- ❖ аныктаманын маңызын, тексттин кебин түшүнүүсү;
- ❖ алардын негизги маанисин, мазмунун айтып берүү;
- ❖ айтылуучу ойго карата сөздөрдү тандап, ыктуу колдонушу;
- ❖ сүйлөм курулуштарынын тактыгы, интонациянын тууралыгы;
- ❖ берген жоопторунда өз оюунун болушу;
- ❖ сүйлөө кебинин лексикалык байлыгы.

Жазуу иштерин баалоо

Студенттердин жазуу иштерин баалоодо төмөнкүлөр эске алынат:

- ❖ айтылган сөздөрдү туура кабылдап, теориясы менен айкалыштырып, орфографиялык эрежелерге ылайык, туура жаза билүүсү;
- ❖ жазууда орфографиялык, пунктуациялык жана стилистикалык эрежелердин сакталышы;
- ❖ окулган текст боюнча план түзүп, реферат, доклад, эсселерди өз эрежеси, талаптары боюнча жазуусу.

Кыскача суроолор жана жооптор

Кыскача суроолор менен жоопторду колдонуу студенттер теманын мазмунун канчалык жакшы өздөштүргөнүн текшерүүгө мүмкүндүк берет. Берилген суроолор так болушу зарыл, ал эми жооптор “ооба же жок” деген сөздөр менен гана чектелбестен, өзүнүн идеяларын анализдеп, далилдеп, толук жана маңыздуу болушу керек.

Тест алуу аркылуу баалоо

Тест алуу аркылуу баалоодо убакыт үнөмдөлөт. Бул окутуучуга да, студенттерге да жеңил болот. Окутуучу туура жоопту билет, ал эми студенттер жооптордун варианттарын окуп жатып эле, туура жооп эсине түшөт. Тесттер түшүнүү, анализдөө, маселелерди чечүү жана баалоо жөндөмдөрүнүн деңгээлин өлчөөгө мүмкүндүк берет. Жооптор оңой белгиленет жана жыйынтыктарды анализдөө анча татаал эмес.

Өзүн-өзү баалоо

Өзүн-өзү балоо студенттерге эмнени үйрөнүшкөндөрүн, ошондой эле концепцияларды окуп үйрөнүүдө алар ачкан проблемаларды анализдөө мүмкүнчүлүгүн берет. Өзүн-өзү баалоо процесси студенттердин баалоо критерийлерин түшүнүүсүнө шарт түзөт. Ошондой эле, баалоонун бул түрү студенттерге өзүнүн күчтүү жана начар жактарын анализдөөгө мүмкүнчүлүгүн берет, аларды окутуу процессинин активдүү катышуучуларына айлантат.

Өз ара баалоо

Өз ара баалоо окуучуларга бири-бири менен өз ара аракеттенишүү гана мүмкүнчүлүгүн бербестен, үйрөнүлгөн концепцияларды бири-бирин баалоо аркылуу бекемдөө мүмкүнчүлүгүн берет. Кайтарым байланышындагы жана өз жолдошторунун жетишкендиктер деңгээлин көтөрүүдөгү жоопкерчилик окуучуларга үйрөнүлүп жаткан концепцияларды бири-бирин кыйла натыйжалуу баалоо үчүн өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн тартуулайт. Мындан тышкары өз ара баалоо окуучулардын өздөрү тарабынан бааланган концепциялардын негизинде группанын ийгиликтери жөнүндө окутуучулардын түшүнүк алуусун камсыз кылат.

Студенттер башкалардын күчтүү жана начар жактарын белгилөөнү үйрөнүшөт, ошондой эле өздүк прогрессти анализдешет.

Студенттин өз алдынча иштеринин камтылышы жана аны аткаруу боюнча методикалык жолдомолор

Студенттин өз алдынча иштери билим берүү программасы жана окутуучунун түздөн-түз жардамысыз ишке ашырууга багытталган жана төмөнкү көндүмдөрдүн калыптанышын камсыздайт:

❖ Окуу-методикалык, маалыматтык жана башка адабияттар менен өз алдынча иштөө;

❖ Аналитикалык иштерди өз алдынча жүргүзүү (фактылардын, окуялардын анализин салыштыруу, изилденген маселелерди баалоо ж.б.);

❖ Чыгармачылык иштерин аткарууга өз алдынча даярдык көрүү (доклад, реферат, курстук иш);

Өз алдынча иштердин түрлөрү:

1. Реферат – бул, берилген тема боюнча бир же бир нече китептин негизинде жазылган, б.а. ошол китептердин негизги мазмуну кыскача берилген илимий иштин эң жөнөкөй түрү.

Реферат жазыш үчүн алгач план иштеп чыгуу керек, андан кийин тема боюнча бир нече китеп тандап алып, изилдеп жаткан теманы ачуу үчүн ал китептердеги маалыматтарды колдонуу керек. Студенттерге көбүнчө Интернет да чоң жардам берет. Иштин көлөмү басма тамгалары менен беш беттен жыйырма беш бетке чейин болууга мүмкүн.

Рефератта титулдук бет, иштин планы, киришүү, мазмуну, корутунду жана адабияттардын тизмеси болуусу зарыл.

2. Доклад – белгилүү бир темада ачык жазылган иш менен эл алдында чыгып сүйлөө. Докладдар мазмундук жагынан рефераттан практикалык жактан айырмаланбайт. Болгону көлөмү боюнча гана айырмаланат.

3. Эссе (фр. essai – тажрыйба, шилтем) өтө чоң эмес, берилген маселе боюнча билимин жана жеке пикирин билдирген студенттин жазуу иши болуп саналат.

Эреже боюнча эссенин түзүлүшү төмөнкүдөй болуусу керек:

Баш сөзүндө дисциплинага ылайык берилген теманын мааниси жана орду анализделет, о.э. иштин түзүлүшү жана методикасынын өзгөчөлүгү аныкталат. Демек, киришүү маселеге карай кыскача түшүнүгүңүздү жана маселени ачуу ыкмасы камтылат. Эгер иштин максатын көрсөтүп, негизги сөздөргө аныктама берип койсо, андан да мыкты болот. Бирок, келтирилген аныктамалардын саны 3-4төн ашпашы керек.

Негизги бөлүгү тема боюнча студентке белгилүү маалыматтарга, темага байланыштуу маселелерди салыштырууга, көз караштарга арналат. Бул бөлүмдө аргументтердин жана анализдердин

өрчүшү, алардын ушул тема боюнча башка аргументтер менен далилдениши болуш керек.

Корутундуда жазылган материалдын жыйынтыгы чыгарылып берилген маселе боюнча студенттин жеке пикири камтылышы зарыл.

Аягында колдонулган адабияттардын тизмесин киргизип койсо болот. (Эсседе адабияттардын тизмесинин болуусу зарыл эмес).

4. Кейс-стади - студенттер менен окутуучулар иштиктүү жагдайларды же маселелерди түздөн-түз талкуулоодо колдонулган үйрөтүү методу. Бул методдо студент өз алдынча чечим чыгарат жана аны жыйынтыктайт.

5. Презентация – студент, конкреттүү тематика боюнча Power Point программасын колдонуу менен өз алдынча ишин көрсөтөт.

Студенттин өз алдынча иштеринин тематикасы

1. Кыргыз элинин сүйлөө маданияты.
2. Кептин негизги сапаттары.
3. Кепке терс таасир тийгизүүчү кубулуштар.
4. Сөз маданияты деген эмне?
5. Кеп маданияты, сүйлөө маданияты тууралуу жазылган макалалар.
6. Кептик этикеттин түрлөрү.
7. Пикир алышуудагы вербалдык эмес каражаттар.
8. В.И.Лениндин өмүр жолу жана илимий эмгектери.
9. Цицерон жана анын ораторлук искусствосу.
10. Риторика илиминин тарыхы жана өнүгүшү.
11. Жаңылмачтар, табышмактар, макал-лакаптардын кеп маданиятына тийгизген таасири.
12. Чечендик өнөр жана элдик чечендер.
13. Чечен сөздөр жана алардын мааниси.
14. Калыгул жана анын олуячылыгы.
15. Дүйнөнү сактаган улуу ойлор жана алардын мааниси.
16. Төкмө акындар жана алардын чыгармачылыгы.
17. Жеңижок жана айтыш өнөрү.
18. Аалы Туткучев жана анын чыгармачылыгы.
19. Азамат Болгонбаев жана анын чыгармачылыгы.
20. Жетимиш өнөрлүү Куйручук.
21. Чечендик кепти окутуунун зарылчылыгы.
22. Ысык-Көлдүн жети акеси жана алардын чечендик өнөрү.
23. Кыргыз санжырасы.

Окуу-методикалык материалдар

1 - лекциялык сабак

Кеп маданияты жөнүндө жалпы түшүнүк

План:

1. Кеп маданияты деген эмне?
2. «Өнөр алды кызыл».

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Давлетов С. Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. Каракол, 2010.
3. Давлетов С. Байланыштуу речь. Бишкек, 1999.
4. Исиралиева А. Кыргыз кеп маданиятынын маниси жана өзгөчөлүгү. И.Раззаков ат. КМТУ, илимий макала.
5. Мусаев С. Кеп маданиятынын маселелери. Бишкек, 1993.
6. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

Акыл, билим көпүрөсү- кызыл тил,
Таамай сөздөр жан жыргатат, муну бил.
Тил келтирет бакыт-таалай даңкыңды,
Тил кор кылат алат алтын башыңды.
Тил - арстан, карасаң эшик тоскон,
Байкабасаң кабылат өлүм жоктон.
Кызыл тилде пайда көп, зыян да көп,
Жүрүп турат мактоо, сөгүү далай кеп.
Сөздөрүмдү угарманым, өз балам,
Баатырым ал кантип болот тең маган?
Уулум, сага айтып жатам мен өзүм,
Бергим келип насаатымды, ал сөзүм.
Алтын, күмүш калса менден өзүнө,
Теңебе аны ушул айткан сөзүмө.
Күмүш буюм урунсаң тиреп калат,
Сөзүмдү урун, ал сага күмүш табат.
Ата сөзү балага мурас болот,
Мурасты сен сактасаң пайда конот. («Кул алчу билим»)

1. Кеп маданияты.

Ар бир улуттун, ар бир элдин эне тили - алардын ой-пикири, нечен доорлор бою түзгөн, сарамжалдуулук менен жыйып-терген зор байлыгы, чыгармачыл эмгегинин – таман акы, маңдай теринин - улуу

көрсөткүчү. Эмгек жана аны менен бирге эле тил адам баласынын бардык маданиятын бардык адабиятын жаратуудагы эң башкы булактар. Ошондуктан тил каражаттарын күндөлүк турмушта ийгиликтүү колдоно билүү талабы байыркы замандардан бери эле күн тартибине коюлуп, эл тарабынан талкууга алына баштаган. Бирок ал пикирлер ар бир элдин тарыхый, маданий өнүгүшүнө карата ар түрдүү формада, ар түрдүү даражада келип жеткен.

Маселен, элдик акылмандуулук кийинки тукумдарга чийиле элек кат, жазыла элек китеп, таалим-тарбия, билим берүүчү мектеп катары толуп жаткан макал, ылакаптарды, так, таамай айтылган курч сөздөрдү жараткан.

Тилдин тактыгы баарыдан мурда сөздөрдүн так, ачык мааниде колдонулушу аркылуу аныкталат. Эгерде сөздөрдүн мааниси такталбаса, айтылган ой угуучуга ачык, даана, толук жеткиликтүү болбой, кеп эмне жөнүндө болуп жаткандыгы белгисиз болуп кала берет. «Мен сизге түшүнбөй жатам», «биз бири-бирибизди түшүнө албай жатат окшойбуз» деп айтышкан учурлар да болот.

Тилдин тактыгы, тазалыгы жөнүндө сөз болгондо кээ бир жаштарыбыз «эмне себептен бир кыйла терминдер кыргызча болбостон, башка тилдерден алынып жүрөт?» - деп да сурашат.

Ырас, бир кыйла терминдер биздин тилибизде гана эмес, бир катар тилдерде да ошондой алынып жүргөндүгүн көрөбүз. Мунун да себеби ошол терминдердин маанисин так, дал өзүндөй кылып берүүгө жарамдуу сөздүн жоктугу менен түшүндүрүлөт. Эгерде андай терминдердин өз эне тилибизге которсок маани бузулат, ошол себептүү андай терминдерди кабыл алабыз да, өз эне тилибиздин байышына мүмкүнчүлүк беребиз. Ошентип, тилдин тазалыгы бир тилден экинчи тилге кабыл алынган сөздөрдүн баарына каршы келбейт, орундуу колдонулган сөздөрдү өз кучагына камтыйт жана ал аркылуу байып, өнүгүп отурат.

Эгерде биз улуу орус тилин да, өзүбүздүн эне тилибизди да талапка ылайык билсек, бирок кимдер менен, кайсы тилди билгендер менен аңгемелешип жаткандыгыбызды эске албасак, эки тилдин сөздөрдүн аралаштыра сүйлөй берсек, анда тилдин тактыгы бузулат, айтылган пикир угуучуга жетпей да калат. Маселен, «Жолдош, сегодня в кино барасызбы?» деп сүйлөсөк, албетте, күлкү келерлик иш. Ал эми биз сүйлөшүп жаткан адам орус тилин билбесе, сөз эмне жөнүндө бара жаткандыгын түшүнө албай оозун ачып отуруп да калат. Бирок, мында орус тили же өз эне тилибиз күнөөлүү эмес, маданияттуу сүйлөй билбеген өзүбүз күнөөлүбүз.

2. «Өнөр алды - кызыл тил»

«Өнөр алды - кызыл тил» деп айтылат. Эмне үчүн «өнөр алды кызыл тил» деген макал кылымдар бою өз күчүн жоготпой бизге чейин жетти экен? Тилдин түспөлүнө жараша «кызыл»-деген сөз (түс билдириш үчүн) колдонулганбы? Эгерде «өнөр алды тил» деп койсок эмне болмок? деген суроо туулушу да мүмкүн.

Ооба, пикир алышуу каражатынын да өңү-түсү болмок беле, анда логикалык жактан бул тизмек сөз атасы–макал катары укум-тукумдарга урмат кылуучу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калмак. Ал эми **кызыл** деген сөздү алып таштап колдонуу да мүмкүн эмес эле. Анткени, тил өзү өнөр болсо, анда сандаган адамдардын баары эле сөз чеберлери, профессионалдар болуп кетмекчи. Ошондуктан **кызыл** деген сөздү алып таштоого мүмкүн болбогон, түс билдирбей турган зарыл көркөм каражат.

Көрсө кеп тилде эмес, кеп тилден көркөм тандалган каражаттар аркылуу ой-пикирин ишке ашыруудагы сергек сезим, тунук акыл, чыныгы баамчылдык, туура тапкычтык, өзгөчө чеберчилик **тил** менен кызыл тилди айырмалоо чечендик менен бап келүүчү өзгөчөлүк тура. Ошентип, кызыл деген чечендик, чебердик, тилди кесип, өнөр кылган адистерге, акындарга, чукугандай сөз тапкандарга тиешеси бар көркөм каражат экендигин оңой эле байкоого болот.

Дүйнөдө бир да жаман эл болбогон сыяктуу, бир да жаман тил болбойт. Ар кандай коллектив (эл, этникалык топ, улут) пикир алышуу куралы катары жалгыз гана өз эне тилин пайдаланып турган мезгилдерде, алардын тили ошол коллективдин аң-сезимине, рухий балыгына толук шайкеш келет. Алардын эстетикалык талабын толук канааттандыра алат. Эгерде андай коллектив эки тилди бирдей билип, экөөнү тең эне тили катары пайдаланса, акыры күчтүү өнүккөнү кеңири колдонула берип, анча өнүкпөгөнү өзүнүн коомдук милдетин улам басаңдатып отурат. Мына ушундай жеңилүүгө бет алган тилди да маданиятсыз, жарды тил деп айтууга болбойт. Аны тил илими ачык-айкын белгилейт.

Элибиздин **кызыл тил** деген түшүнүгү речтеги ушул өндүү өзгөчөлүктөрдү байкай алгандыктан келип чыккан. Мындагы кызыл деген сөз өз маанисинен өзгөчөлөнүп, фразеологиялык байланыштуу мааниге ээ болгон да, кийинки сөз менен маани жактан абдан ишенишип кеткен. Мындагы фразеологиялык байланыштуу маани чечен, чебер, устат, кылдат деген сыяктуу синонимдерди катар коюу аркылуу гана аныкталууга мүмкүндүк болуп калган. Демек, макал өнөр алды тил делбестен, кызыл тил (б.а. чечен, чебер, устат, кылдат тил) деп туура формулировкаланган.

Элдик түшүнүк кызыл тилди чоркок тилге каршы койгон. Өзүнүн ордун таппаган, кулактын кужурун алып, ыгы жок чубалжыган, кыскасы, терс жагы менен өзгөчөлөнгөн речти чоркок (тантык) тил катары караган.

Кызыл тил — сөз маданиятынын өз мезгилиндеги жогорку баскычы. Ал коомдун, аң-сезимдин, жалпы эле маданияттын өнүгүшү менен кошо өнүгүп отурат. Ошондуктан кызыл тилдин өнүгүш деңгээли, масштабы бардык доорлордо бирдей болбойт. Бул төмөнкүлөр менен далилденет.

Октябрь революциясына чейинки мезгилдерде акындар менен чечендердин гана жанга жагымдуу, кулакка угумдуу, көңүлгө толумдуу, так, таамай, мүмкүн болушунча кыска айтылган сөздөрдү кызыл тилдин булагы катары кызмат кылган. Ал мезгилдерде жазуучу деген түшүнүк да болгон. Тил каражаттары жалпы элге жарыялануудан мурда акыл-эстин «таразасы» аркылуу абдан өлчөнүлбөгөн. Алар так гана интиуциянын күчү менен сөз жүрүп жаткан шартта дароо колдонулган. Бул болсо көп учурларда бирдей мазмундун маани жактан жакын турган экинчи бир башка тил каражаттары аркылуу кайрадан кайталанышына алып келген. Сөз чебери мындай ыкманы зарылдыктан пайдаланган. Анткени ал аркылуу, 1-ден, эл алдында сөз таппай, мукактанып, токтолуп калуу коркунучунан кутулткан, 2-ден, мына ошол мезгилде ой чабытын жасашып, жаңы мазмун, жаңы ой табууга аракеттенишкен. Натыйжада көлөм көбүрөөк, мазмун азыраак болуп чыккан.

Лекцияны бышыктоо үчүн берилүүчү суроолор:

1. Маданият деген эмне?
2. Кеп маданияты деп эмнени түшүнөсүнөр?
3. Кеп маданияты курсунун максаты, милдети кандай?
4. “Өнөр алды – кызыл тил” деген макалдын чечмелениши?
5. Тил жөнүндө дагы кандай макалдар бар?

2 - лекциялык сабак

План:

1. Тил менен кептин өз ара айырмачылыктары.
2. Кептин жаралуу процессиндеги жагдайлар.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Давлетов С. Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. Каракол, 2010.
3. Давлетов С. Байланыштуу речь. Бишкек, 1999.
4. Исиралиева А. Кыргыз кеп маданиятынын мааниси жана өзгөчөлүгү. И.Раззаков ат. КМТУ, илимий макала.
5. Кадыров Ы. Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар. Бишкек, 2011.
6. Мусаев С. Кеп маданиятынын маселелери. Бишкек, 1993.
7. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

1. Тил менен кептин өз ара айырмачылыктары.

Тил менен кептин ортосундагы айырма - тил илиминдеги фундаменталдык маселелердин бири. Бул эки түшүнүктүн окшоштугу, жакындыгы ачык эле көрүнүп турат. Бул жакындык көпчүлүк учурда чаташууларга, алардын ортосундагы айырмачылыктарды байкабоого, эки түшүнүктү "бириктирүүгө" алып келет. Ал эми алардын айырмасы эмнеде?

Тил - система. Тил - байланыш үчүн колдонулуучу бирдиктердин (тыбыштардын, сөздөрдүн, мүчөлөрдүн, сүйлөмдөрдүн ж.б.) жыйындысы. Ал эми кеп - ал бирдиктердин конкреттүү кырдаалда, мезгилде, шартта колдонулган ырааттуулугу, тизмеги. Тилде мүмкүнчүлүктөр орун алса, ал эми кепте ал мүмкүнчүлүктөр ишке ашат. Мисалы, белгилүү сандагы сөздөрдөн белгилүү сандагы сүйлөмдөрдү түзүүгө болот: мен, ал, көр, адам, көчө деген сөздөрдөн –Мен ал адамды көчөдөн көрдүм. –Мен аны көчөдөн көрдүм. –Мен аны көрдүм. –Аны көрдүм. –Көчөдөн көрдүм. –Көрдүм. - деген сүйлөмдөрдү түзүү мүмкүнчүлүгү бар. Бул тилдик системада камтылган, орун алган мүмкүнчүлүктөр. Конкреттүү кырдаалда ушул сүйлөм варианттарынын ичинен бирөө гана колдонулушу мүмкүн. Бул - ишке ашкан мүмкүнчүлүк же кеп. Ошентип, тил - мүмкүнчүлүктөрдүн системасы, кеп ал мүмкүнчүлүктөрдүн конкреттүү

кырдаалда ишке ашышы. Тилде белгилүү сандагы тыбыш, мүчө, сөз, сүйлөм түрлөрү камтылса, кепте ал бирдиктерден белгилүү көлөмдөгү, мазмундагы, максаттагы текст түзүлөт.

Тил - семиотикалык, белгилик система. Тилдин ар бир бирдиги символдук, белгилик кызмат аткарат. Тилдеги ар бир сөз - обьективдүү чындыктагы белгилүү бир затты же кубулушту туюндуруучу, чагылдыруучу белги, символ. Мисалы, "дарак" деген сөздү укканда же окуганда аң сезимде белгилүү бир элес чагылат, б.а. ушул беш тыбыштын айкашынан турган символ аң-сезимде тиешелүү элести чакыруу, чагылдыруу касиетине ээ. Ал эми кеп - сөз тизмеги, сүйлөм же текст аң-сезимде нерсенин же кубулуштун элесин чагылдыруу менен токтолбостон, бир нече элестерди камтыган көрүнүштү, обьективдүү чындыктын белгилүү бир фрагментин, моделин чагылдыра алат. Мисалы, "Моюнкумдун аптаптуу талаасы заматта ай-ааламды толтурган ызы-чууга бөлөнүп, акыр-кыямат келгендей боло түштү. Вертолеттордун добушу, мылтыктардын тарсылдагы, бөкөндөрдүн жер жаңырткан дүбүртү..." деген үзүндүнү окуганда, турмуштун бир бүтүн фрагменти, эпизоду көз алдыңа келет (аң сезимиңе чагылат). Мына ушундан байкалгандай эле, пикир алышуу процесси - эки (же андан көп) аң-сезимдин ортосундагы маалымат алмашуу. Пикир алышуу, баарлашуунун түпкү максаты - бир аң-сезимдеги элес, түшүнүктөрдү башка аң-сезимге көчүрүү. Көчүрүүдө элестерди ташуунун, алып жүрүүнүн каражаты болуп кеп кызмат кылат.

Тилдик бирдиктердин мааниси жалпы элге бирдей, тилдик системада маанилер ординардуу. Кепте болсо, сөздүн мааниси айтуучунун жекече дүйнө таанымын, инсандык мамилесин кошумча чагылдырып, башка да маниге ээ болуп калышы мүмкүн. Мисалы,

Замана кандай кары, кандай керең,
Закымдап учкан сайын түбү терең -

- деген саптарда "керең" деген сөз жаңыча, тилдик системада бул сөзгө "бекитилбеген" маниге ээ болот. Сөздөр, тилдик бирдиктер инсандын дүйнөгө жекече көз карашын чагылдыруунун каражаты катары кызмат кылат. Тилдик семантика жалпы, тилде жеке көрүнүштөр орун албайт, ал эми кептик маанилер - жекече инсандык мүнөзгө

ээ.

Кеп тилдик бирдиктердин семантикасынын жогорку деңгээлдеги түрүн - кептик мазмунду камтый алат. Кептик мазмун көптөгөн тилдик бирдиктердин маанилеринин татаал байланыштар аркылуу биригишинен, айкашынан түзүлөт. Ал эми тилдик бирдиктер мындай татаал семантикалык бүтүндүктү түзө алышпайт. Мазмун - тилден тышкаркы, кепке гана тиешелүү категория. Ошондуктан кеп тилдик гана кубулуш эмес, ал психологиялык, эстетикалык да кубулуш. Кеп эзелтен эле эстетикалык, психологиялык жактан бааланып, "көркөм сөз", "айкын сөз", "ак сөз" деген сыяктуу баалар берилип келген. Бирок, кептин бул сыяктуу баалары, кептин сапаттары терминдик деңгээлде - мааниси такталып колдонулган эмес. Кеп маданиятынын дагы бир милдети - кептин сапаттарын аныктоо, аларды атай турган терминдерди иштеп чыгуу. Ал эми тилдик бирдиктерди эстетикалык, көркөмдүк жактан баалоого мүмкүн эмес. Айрым сөздөр эмоционалдык ыраңга, экспрессивдик маниге ээ болгону менен алардын бул маанилери өз алдынча турганда эч кандай таасир кыла албайт, сөз маанилери кептин курамында, кептин мазмуну, контексти менен байланышта гана толук ачылат.

Тил - жалпы коомдун, элдин аң-сезиминин, генийинин продуктысы. Ал жеке адамга же коомдук катмарга тиешелүү эмес. Ал эми кеп жеке адам, индивид тарабынан жаралат. Анын жетишкендиктери же кемчиликтери жалпы элге же жалпы тилге байланыштуу эмес, ошол адамдын кеп маданиятына жана жалпы маданиятына байланыштуу.

Тил - абстрактуу көрүнүш, тилдик бирдиктер, алардын мүмкүнчүлүктөрү реалдуу дүйнөдө жашабайт, алар жалпы элдин аң-сезиминде, ар бир адамдын аң-сезиминде жашайт. Тилдик бирдиктердин реалдуу колдонулушу, реализацияланышы - кеп гана реалдуу, жарык дүйнөгө жаралат.

"Тилдин маданияты" деп айтуунун өзү туура эмес, анткени тигил же бул сөз мүчөсүн, тыбышты маданияттуу же маданиятсыз баалоого болбойт. Абстракттуу тилдик бирдиктер өз алдынча туруп, ыймандык же адеп-ахлактык маниге ээ болбойт, тигил же бул кубулушка атайын, түз багытталбайт, ошондуктан алар этикалык, нравалык критерийлерге, чен-өлчөмгө баш ийбейт. Ал эми кеп адамдын дүйнөгө

көз карашын чагылдырат, айрым этикалык, эстетикалык, адеп-ахлактык сапаттарга ээ болот. Ошондуктан, "кептин маданияты", анын айрым критерийлерге, талаптарга жооп бериши жөнүндө сөз кылуу жөндүү, жүйөлүү. Ал эми тил маданияты деген терминдин маанисинин өзүндө логикалык ката камтылган.

2. Кептин жаралуу процессиндеги жагдайлар.

Кеп маданиятын, кептин критерийлерин аныктоо үчүн анын табиятын - жаралуу процессин, анын жаралышындагы жагдайларды аныктап алуу зарыл. Төмөндө кептин жаралышына, бааланышына (критерийлерине) байланыштуу жагдайлар жөнүндө сөз болот. Ар бир кеп бир нече жагдайлардын өз ара карым-катышында түзүлөт. Кептин табиятында, анын жаралуусунда жана бааланышында төмөнкү байланыштар маанилүү роль ойнойт:

- "Кеп-тилдик система"
- "Кеп-ой жүгүртүү"
- "Кеп-аң-сезим"
- "Кеп-реалдуу дүйнө"
- "Кеп-угуучу"
- "Кеп-кырдаал"

Кеп тилдик системанын каражаттарын колдонуу аркылуу түзүлөт. Кептин мазмуну тилдик каражаттардын мааниси, семантикасы аркылуу берилип, кептин структурасы тилдик эрежелердин, нормалардын негизинде уюшулат. Ошондуктан кеп маданиятынын негизги критерийлери ушул байланышка негизделип, кептин тилдик каражаттарды, алардын семантикасын туура колдонуу, кеп түзүүдө тилдик нормаларды сактоо талабы коюлат. Кеп айтуучунун оюн чагылдырат, мазмунга ээ болот. Мазмундун туура, так берилиши үчүн анын ой жүгүртүү менен байланышын жөнгө салуу - ойдун ырааттуу, так чагылышын камсыз кылуу зарыл. Бул байланыштын негизинде кепке ой жүгүртүүнүн мыйзамдарын, логиканын мыйзамдарын туура колдонуу, кыйшаюусуз сактоо талабы коюлат.

Кеп - аң-сезимдин продуктысы. Аң-сезимдин өзгөчөлүктөрү, анын дүйнөнү таанып-билүү жөндөмдүүлүгү кептин мазмунун түзөт. Аң-сезимдин дүйнө таанымы, дүйнөгө жекече көз карашы кептин элестүү болушун же болбошун, көркөмдүк деңгээлин аныктайт.

Кептин жаралышына реалдуу дүйнөдөгү кубулуштар, заттар стимул, түрткү берет. Кептин мазмуну обьективдүү чындыктагы кубулуштарды чагылдыруу, реалдуу дүйнөнүн белгилүү бир фрагментин, үзүндүсүн, моделин түзүү үчүн кызмат кылат. Бул модель дүйнөнү так же так эмес, бурмалап чагылдырышы мүмкүн. Демек, кепке коюлуучу дагы бир талап - реалдуу дүйнөнү так, бурмалабай, "обьективдүү" чагылдыруу.

Кеп конкреттүү угуучуга, адресатка багытталат. Ал адресат балким жалпы адамзат, балким белгилүү бир адам болушу мүмкүн. Ар бир кеп өз адресатына ылайыкталууга, анын психикалык, логикалык өзгөчөлүктөрүн, дүйнө таанымын эске алуу менен түзүлүүгө тийиш. Ошондо гана кеп угуучуга "жетет" - угуучунун аң-сезими аркылуу адекваттуу, туура кабыл алынат. Кеп реалдуу дүйнөдө, демек белгилүү бир мезгилде жана мейкиндикте жаралат. Ар бир кеп өз мезгилине (дооруна), ордуна жана шартына ылайыкталышы зарыл. Бул талап аткарылбаса, кептин этикалык, эстетикалык сапаттары төмөндөйт.

Кеп маданияты кепке коюлган критерийлерди жана ал критерийлерге төп келиш үчүн зарыл болгон сапаттарды аныктоо, ал сапаттарды камсыз кылыш үчүн айтуучу аткара турган иш-аракеттерди, ээ боло турган жөндөмдүүлүктөрдү изилдөө менен алектенет. Кептин сапатын арттырууга жасалган аракет - кеп маданиятын өнүктүрүү, кеп аркылуу оюбузду так, таамай, таасын, көркөм жана таасирдүү берүүгө үйрөнүү үчүн жасалган аракет.

Лекцияны бышыктоо үчүн берилүүчү суроолор:

1. Тилдин сапаттарын санап, мүнөздөп бер.
2. Кепти мүнөздөп бер.
3. "Тилдин маданияты" деп айтуу эмне үчүн туура эмес?
4. Кептин жаралышында кандай жагдайлар катышат?
5. Кепке кандай талаптар коюлат?

3-лекциялык сабак

План:

1.Кептин негизги сапаттары.
2.Кептин сапаттарынын бөлүштүрүлүшү.
3.Кеп маданияты жана анын баскычтары.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Давлетов С. Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. Каракол, 2010.
3. Давлетов С. Байланыштуу речь. Бишкек, 1999.
4. Исиралиева А. Кыргыз кеп маданиятынын маониси жана өзгөчөлүгү. И.Раззаков ат. КМТУ, илимий макала.
5. Кадыров Ы. Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар. Бишкек, 2011.
6. Мусаев С. Кеп маданиятынын маселелери. Бишкек, 1993.
7. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

1.Кептин негизги сапаттары.

Кеп маданияты жөнүндөгү илимдин негизги маселелеринин бири - кептин табиятын аныктоо. Кептин табияты - ал ээ болгон сапаттардын жыйындысы. Кеп маданиятында кептин коммуникативдик (байланыштык) сапаттары деген термин колдонулат. Бул термин кептин пикир алышуунун, коммуникациянын куралы экендигине жана кептин пикир алышуу үчүн кызмат кылган сапаттарын өзүнчө бөлүп кароого негизделген. Кеп маданиятына ээ болуу - кептин сапаттарын жогорку деңгээлге жеткире өнүктүрүү. Эгер кеп жогорку сапатта түзүлсө, айтуучунун оюн угуучуга толук, туура жеткире алат, пикир алышуунун сапатын өстүрөт. Кептин сапаттарын аныктоо, классификациялоо боюнча окумуштуулар алигиче бир пикирге келише элек. Ар түрдүү көз караштар, чечмелөөлөр азыркы мезгилге чейин орун алып келет. Мунун объективдүү себеби - кептин көп кырдуу, көп жагдайлуу кубулуш экендиги. Төмөндө бул маселеге өз пикирин билдиришкен төрт окумуштуунун көз караштары талдоого алынат.

Орус окумуштуусу Б.Н.Головин өз эмгегинде кептин коммуникативдик сапаттарын анын ой жүгүртүү, аң-сезим, тил, реалдуу дүйнө, угуучу жана пикир алышуунун шарты менен байланыш-катышта аныктаган. Кептин тил менен байланышынан

кептин тууралыгы, тазалыгы жана байлыгы келип чыгат. Кептин тууралыгы - анын тилдик эрежелердин, нормалардын негизинде түзүлгөндүгү, нормалардын кепте кыйшаюусуз сакталышы. Кептин тазалыгы - анын адабий тилге жат жана этикалык нормаларга ылайык келбеген сөздөрдү камтыбагандыгы. Ал эми кептин байлыгы - анда тилдик каражаттардын мол колдонулгандыгы. Кептин ой жүгүртүү менен карым-катышынын негизинде кептин логикалуулугу, тактыгы жана жеткиликтүүлүгү түзүлөт. Эгер кепте түшүнүктөр жана элестер аларды так туюнткан сөздөр жана сөз айкаштары менен чагылдырылган болсо, андай кеп так болот. Эгерде сөздөрдүн, сөз айкаштарынын жана сүйлөмдөрдүн өз ара маанилик байланышы логикалык мыйзамдарга карама-каршы келбесе, анда кептин логикалуулугу сакталат. Кептин жеткиликтүүлүгү анын логикалык ырааттуу өнүгүшүнө байланыштуу.

Кептин аң-сезим менен байланышы кептин көркөмдүгүн, элестүүлүгүн жана таасирдүүлүгүн жаратат. Эгер кепте атайын даярдалган сөздөрдүн жайгашуусу, кептин түзүлүшү акыл-эске гана эмес, аң-сезимге да таасир этип, угуучунун көңүлүн бурса, кызыктырса, кептин көркөмдүгү жогорулайт. Ал эми аң-сезимде конкреттүү-сезимдик, көркөм элестерди жаратууга жөндөмдүү кеп элестүү кеп катары бааланат. Кеп угуучулардын акыл-эсинин, аң-сезиминин бардык сфераларына таасир этип, угуучуну айтуучуга багындыра алса, мындай кеп таасирдүү болот.

Кептин реалдуу дүйнө менен катышы кептин предметтик тактыгын жана предметтик логикалуулугун берет. Сөз мааниси менен дүйнөдөгү предметтин (нерсенин, кубулуштун) ортосунда толук дал келүүчүлүк болсо, кептин предметтик тактыгы камсыз кылынат. Ал эми предметтердин ортосундагы байланыштар, мамилелер сөздөрдүн ортосундагы маанилик байланышка дал келсе, кеп предметтик логикалуулукка ээ.

Кептин угуучу менен байланышынан улам кептин жеткиликтүүлүгү жана таасирдүүлүгү аныкталат. Тилдик структурасы андагы маалыматты жеңил түшүнүү үчүн ылайыкталган кеп **жеткиликтүү кеп** деп аталат. Эгер кептин структурасы угуучунун жүрүм-турумун, ишмердигин, көз карашын өзгөртүүгө таасир кыла алса, андай кептин таасирдүүлүгү жогору катары бааланат.

Кептин пикир алышуунун шарты менен байланышы кептин орундуулугун шарттайт. Кептин структурасы пикир алышуунун шарт-кырдаалына ылайык түзүлсө, кеп орундуулугу сакталат.

2.Кептин сапаттарынын бөлүштүрүлүшү.

Б.Н.Головиндин эмгегинде кептин 10 коммуникативдик сапаты көрсөтүлгөн:

1. Кептин тууралыгы.
2. Кептин тазалыгы.
3. Кептин байлыгы.
4. Кептин тактыгы.
5. Кептин логикалуулугу.
6. Кептин көркөмдүгү.
7. Кептин элестүүлүгү.
8. Кептин жеткиликтүүлүгү (жатыктыгы).
9. Кептин таасирдүүлүгү.
10. Кептин орундуулугу.

Автор эмгегинде бул сапаттардын "накта" терминдик маниге ээ боло электигин моюнга алып, китептин калган бөлүгүндө аларды терминдештирүүгө, маанисин тактап-чектөөгө аракет жасайт. Бирок, китепте кептин 7 гана сапаты толук чечмеленип, элестүүлүк, жеткиликтүүлүк жана таасирдүүлүк деген сапаттарга атайын темалар арналган эмес. Ал эми М.Р.Львовдун эмгегинде кеп маданиятына кыскача гана тема арналып, анда риторикалык көз караштан кептин төмөнкүдөй "критерийлери" саналып өткөн:

1. Кептин мазмундуулугу.
2. Кептин адеп-ахлактын, ыймандуулуктун талаптарына жооп бериши.
3. Кептин логикалуулугу.
4. Кептик ишмердүүлүктүн жогорку деңгээли.
5. Кептин "тилдик" тууралыгы.
6. Кептин айкындыгы.
7. Кептин көркөмдүгү.

М.Р.Львов кептин сапаттарына риториканын деңгээлинен карап, эл алдында сүйлөнүүчү кептерди гана эсепке алат. Ал эми Л.А. Введенская менен Л.Г.Павлованын эмгегинде кептин табияты

теориялык ыңгайда эмес, практикалык жактан анализге алынып, төмөнкү сапаттар кеп жаратуучудан талап кылынган:

1. Сүйлөөчүнүн лексиконунун байлыгы. Жөнөкөй адамдын лексиконунда 7-9 миңден тартып, 11-13 миңге чейин сөз камтылат. Ал эми көркөм сөз чеберлеринде лексикондун байлыгы чеберчиликтин көрсөткүчү катары бааланат. Мисалы, А.С.Пушкин өз чыгармаларында 21 миң сөз колдонгон болсо, С.Есенин - 19 миң, М.Сервантес - 17 миң, В.Шекспир - 15 миң сөз колдонгон. Лексикондун жардылыгы кеп маданиятын жогорулатууга тоскоол болот.

2. Кептин тазалыгы - кеп маданиятынын зарыл шарты. Кеп ашыкча сөздөрдөн, мите сөздөрдөн, отоо сөздөрдөн таза болушу керек.

3. Кеп айкын, элестүү, көркөм болууга тийиш.

4. Айкындык, түшүнүктүүлүк - кеп маданиятынын орчундуу белгиси. Кепте жаңы, угуучулар үчүн белгисиз сөздөр, терминдер, диалектизмдер ж.б. лексиканын пассивдүү катмарларын этияттык менен колдонуу зарыл. Түшүнүүгө жеңил, жалпы элге кеңири тараган тилдик каражаттарды колдонуу - кеп маданиятынын талабы.

5. Кептин тактыгы ачык, так, туура ой жүгүртүү менен байланыштуу. Ойду так туюнткан сөздөрдү чебер тандап алып, колдонуу зарыл. Сөздүн маанисин терең билип, аны чебер колдонуу керек.

6. Кептин тууралыгы - адабий тилдин нормаларынын сакталышы.

Ал эми С.Ж.Мусаевдин эмгегинде кептин сапаттары Б.Н.Головиндин изилдөөсү менен үндөш жагдайда, тагыраак айтканда, теориялык жагдайда иликтенген. Автор кептин төмөнкү сапаттарын белгилейт:

1. Кептин тууралыгы.
2. Кептин байлыгы.
3. Кептин тазалыгы.
4. Кеп тактыгы.
5. Кеп адеби.

Ошентип, жогоруда анализге алынган төрт эмгекте кептин сапаттары ар кыл өңүттө, ар кандай курамда, мүнөздөмөдө аныкталат. Бул классификацияларды өз ара салыштыруунун, кептин табиятын, өзгөчөлүктөрүн талдоонун натыйжасында, кептин төмөнкү сапаттарын негизгиси катары кароо сунуш кылнат:

1. Кептин тууралыгы.
2. Кептин тазалыгы.
3. Кептин байлыгы.
4. Кептин тактыгы.
5. Кептин орундуулугу.
6. Кептин көркөмдүгү.

Ал эми кептин жогорку эмгектерде аталган башка сапаттары ушул алты сапаттын ичинде камтылат. Ошентип, жогорудагы алты сапат кептин талдоого алынган, кептин максатка жетиши, өз кызматын аткарышы үчүн зарыл болгон бардык сапаттарын камтый алат. Ал эми кептин мазмундуулугун өзүнчө сапат катары изилдөө анчалык актуалдуу эмес, анткени кептин белгилүү бир ойду туюнтушу, мазмунга ээ болушу ага коюлган эң биринчи талап. Мазмунсуз кеп орундуу да, көркөм да, так да, туура да боло албайт.

3.Кеп маданияты жана анын баскычтары.

Кептин сапаттарын андан ары талдоо аларды эки баскычка ажыратууга алып келет. Кеп маданиятынын эки баскычы төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт:

1. Кеп маданиятынын алгачкы баскычы кептин коммуникативдик сапаттуулугу деп аталат да, айтуучунун маалыматын угуучуга жеткирүү үчүн зарыл болгон кептин баштапкы сапаттарын камтыйт. Мында маалымат катары реалдуу дүйнөдөгү окуя же кубулуш жөнүндөгү "жылаңач" (сезим, мамиле, көркөм элес катышпаган) кабар түшүнүлөт. Мындай кабарды берүү үчүн ойдун, түшүнүктөрдүн тилдик каражаттар менен туура туюнтулушу гана жетиштүү. Бул баскычта кепке ойду чагылдырууда тилдик нормаларды бузбай сактоо талабы гана коюлат. Демек, биринчи баскычка, кептин коммуникативдик сапаттуулугуна жогорудагы сапаттарынын ичинен кептин тууралыгы гана тиешелүү.

2. Кептин коммуникативдик максаттуулугу деп аталган кеп

маданиятынын экинчи баскычында кептин жөн гана маалымат берүүдөн жогору турган максаттары - айтуучунун кабарга болгон мамилесин, ички сезимдерин көркөм чагылдыруу, кепти чөйрөгө, кырдаалга жана шартка ылайыктоо жана угуучунун аң-сезимине таасир этүү максаттары эске алынат. Бул максаттарды ишке ашыруу үчүн кеп так, таза, орундуу, көркөм, бай болушу зарыл. Кептик ишмердүүлүк, кептин максаттары, кызматы жана сапаттары жөнүндө түшүнүк алгандан кийин бул түшүнүктөргө таянып, кеп маданияты деген терминдин маанисин тактап алууга болот. Бул термин азыркы мезгилде кырдаалга жараша үч мааниде колдонулуп жүрөт:

1. Адамдын кептик ишмердүүлүгүнүн өнүгүү деңгээли, өз оюн так, туура, көркөм, таасирдүү, орундуу чагылдыра билүү жөндөмү. "Кеп маданияты жогору", "маданияттуу сүйлөйт" дегенде ушул маанини түшүнөбүз.
2. Кептин сапаттарынын жыйындысы, кептин өз максатына жетиши үчүн зарыл болгон сапаттар. "Маданиятсыз кеп" же "маданияттуу кеп" дегенде ушул маани колдонулат.
3. Кептин табияты, анын пикир алышуудагы кызматы, ал кызматты аткаруу үчүн зарыл болгон сапаттар жөнүндөгү илим, тил илиминин бир тармагы.

Арийне, бул эмгекте "кеп маданияты" терминининин экинчи мааниси, б.а. айтуучунун оюн угуучуга сапаттуу жеткирүү үчүн зарыл болгон кеп сапаттары изилдөөгө алынат.

Лекцияны бышыктоо үчүн берилүүчү суроолор:

1. Б.Н.Головин кептин сапаттарын эмнеге таянып бөлүштүргөн?
2. Б.Н.Головин кептин кандай сапаттарын бөлүп көрсөтөт?
3. М.Р.Львов кептин кандай сапаттарын аныктайт?
4. Л.А.Введенская менен Л.Г.Павлованын эмгегинде кептин сапаттары кандай багытта каралган?
5. С.Ж.Мусаевдин эмгегинде кептин кандай сапаттары изилдөөгө алынат?
6. Сенин оюңча, кептин кайсы сапаттарын негизги деп эсептөөгө болот?

4-лекциялык сабактар

Кептин негизги сапаттары

План:

1. Кептин тууралыгы.
2. Кептин тазалыгы.
3. Кептин байлыгы.
4. Кептин тактыгы.
5. Кептин орундуулугу.
6. Кептин көркөмдүүлүгү.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Головин Б. Основы культуры речи. Москв, 1987.
3. Давлетов С. Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. Каракол, 2010.
4. Давлетов С. Байланыштуу речь. Бишкек, 1999.
5. Исиралиева А. Кыргыз кеп маданиятынын мааниси жана өзгөчөлүгү. И.Раззаков ат. КМТУ, илимий макала.
6. Мусаев С. Кеп маданиятынын маселелери. Бишкек, 1993.
7. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

1.Кептин тууралыгы.

Кептин тууралыгы деп - кептин тилдик нормаларга ылайык түзүлүшү, тилдик норманын талаптарына жооп берген структурага ээ болушу аталат. Кептин структурасынын тилдик нормаларга ылайык болушу - андагы сөздөрдүн, грамматикалык формалардын, сүйлөм курулмаларынын ж.б. тилдик каражаттардын нормага ылайык болушу. Кептин бул коммуникативдик сапаты тилдик норма илими менен өтө тыгыз байланышкан. Ошондуктан, кептин тууралыгы жөнүндө толук түшүнүк алуу үчүн тилдик норма жөнүндө жалпы түшүнүктөргө ээ болуу зарыл. Тилдик норма деген түшүнүк тил илиминдеги салыштырмалуу жаңы түшүнүктөрдүн бири. Анын мааниси жаңыдан гана такталып келе жатат. Тилди нормалаштыруу, норманын тилдик система жана кеп менен карым-катышы сыяктуу маселелер тилдик норма деген түшүнүктүн маанисин, предметин аныктоо үчүн зарыл теориялык маселелер болуп эсептелет.

Тилдик норма тилдин бардык структуралык деңгээлдери (тыбыш, сөз, морфема, сүйлөм) менен бирдей байланыштуу. Бул пикир алышууда тилдик деңгээлдердин бардыгы бирдей

катышкандыгы менен шартталган: тыбыштан сөз куралат, сөзгө мүчө жалганат, сөздөрдөн сүйлөм түзүлөт. Ар бир тилдик деңгээлдин өзүнө гана тиешелүү эрежелери, нормалары бар. Ушуга байланыштуу тилдик норманы төмөнкүдөй структуралык типтерге ажыратуу орун алган:

1. Орфоэпиялык норма.
2. Орфографиялык норма.
3. Морфологиялык норма.
4. Синтаксистик норма.
5. Стилистикалык норма.

Орфоэпиялык норма оозеки, үндүк кепти тейлейт. Ал сөздөрдү туура айтуунун эрежелеринен түзүлөт. Тил илиминин орфоэпия бөлүмү орфоэпиялык норма менен тыгыз байланыштуу. Норма эрежелерди калыптандырат, өзгөртөт, ал эми илим, орфоэпия ал эрежелерди илимий анализге алат. Орфоэпиялык норманын орчундуу маселелери төмөнкүлөр: кепте тыбыштардын фонетикалык варианттарынын туура тандалышы. Мисалы, жазууда сөз башына келген **к** тыбышы оозеки кепте интервокалдык (эки үндүүнүн ортосуна келген) позицияда жумшарып айтылат: бара кел - [барагел], ак ун - [агун]. Кээ бир тыбыштар айрым позицияларда редукцияланып, алсырап, түшүп калат: келе жатат - [келатат], алып кел - [апкел] ж.б. Сүйлөөдө бул өзгөчөлүктөр эске алынбаса, жазуу варианты боюнча эле айтыла берсе, кеп туура эмес кабыл алынышы мүмкүн. Басымдын туура коюлушу. Кыргыз тилинин төл сөздөрүндө басым негизинен аяккы муунга түшөт: маданий эмес-маданий, руханий эмес-руханий ж.б.

Орфографиялык норма жазуу кебин тейлеп, туура жазуунун эрежелеринен турат. Анын эрежелери тил илиминин орфография бөлүмүндө окутулат.

Морфологиялык норма сөз жасоонун эрежелерин камтыйт. Бул норманы шарттуу түрдө эки бөлүккө ажыратууга болот:

- ❖ Мүчө жалгоонун эрежелери.
- ❖ Морфемалардын сөз ичиндеги орун тартиби.

Синтаксистик норма сүйлөм түзүүнүн эрежелеринен турат. Бул норманы да эки шарттуу бөлүккө ажыратууга болот:

- ❖ Сөздөрдү өз ара байланыштыруунун эрежелери.
- ❖ Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби.

Сөздөрдү өз ара байланыштырууда эки маселеге көңүл бурулат: сөздөрдүн маанилик жактан өз ара байланышы жана ал байланыштын

грамматикалык каражаттар менен туюнтулушу. Стилистикалык нормада:

- сөздөрдү чөйрөгө, шартка, кырдаалга ылайык тандоо.
- чөйрөгө, кырдаалга, шартка ылайык сөз курулмаларын тандоо маселелери талдоого алынат.

Стилистикалык норма стилистика менен да тыгыз байланыштуу. Тилибизде беш функционалдык стиль ажыратылат:

- Сүйлөшүү стили.
- Көркөм стиль.
- Публицистикалык стиль.
- Илимий стиль.
- Иш кагаздар стили.

Ар бир стиль башка стилден тилдик каражаттарды колдонуудагы өзгөчөлүктөр менен айырмаланат. Мисалы, көркөм стилге көп маанилүүлүк жана көп маанилүү сөздөр мүнөздүү болсо, илимий стилге, тескерисинче, бир маанилүүлүк, ойдун так берилиши, терминдер мүнөздүү.

2.Кептин тазалыгы.

Кептин маданияттуулугун, түшүнүктүүлүгүн, көркөмдүгүн жогорулата турган дагы бир сапат - кеп тазалыгы. Кеп тазалыгы - анда чет тилден кирген, угуучуга түшүнүксүз сөздөрдүн жана адеп-ахлактык нормаларга туура келбеген сөздөрдүн колдонулбашы. Аныктамадан байкалып тургандай, кеп тазалыгын эки аспектиден кароого болот:

1. Чет сөздөрдөн жана адабий тилдин нормасына жатпаган сөздөрдөн кептин таза болушу - кептин адабий тилдин нормалары менен байланышы.
2. Орой, булганыч, адепсиз сөздөрдөн таза болуу - кептин адеп-ахлактык нормалар менен байланышы.
3. Кепти мазмундук-маанилик жүк көтөрбөгөн, ашыкча сөздөрдөн тазалоо маселеси да катышат.

Кеп тазалыгы жөнүндө сөз кылганда чет тилдердин таасиринен кутулуу, нукура эне тилде таза сүйлөө маселеси биринчи планга коюлуп келет. Арийне, бул маселе улуттук аң-сезимге байланыштуу болуп, атуулдук сезимди козгой турган маселелердин бири.

3. Кептин байлыгы.

Кеп байлыгы - кептин эң маанилүү коммуникативдик сапаттарынын бири. Адатта адамдын кептик ишмердүүлүгү "сөзгө бай", "тил байлыгы кенен" деген сөздөр менен бааланат. Чыгаан жазуучунун чыгармасы менен гезиттик макаланы салыштырып, кайсынысында кеп байлыгы жогорку деңгээлде экендигин баалоодо баарыбыздын көз карашыбыз бирдей эле болуп чыгат. Демек, кеп байлыгы - кептин ачык байкалган, обьективдүү сапаты. Кеп байлыгы биринчи иретте лексикалык байлык менен байланыштырылат. Кепте канчалык көп сөз колдонулса, кептин байлыгы ошончолук жогору бааланат. Демек, адамдын лексиконунун байлыгы, адамдын активдүү колдонгон сөздөрүнүн көптүгү кеп байлыгына өбөлгө түзөт.

Лексикондун жардылыгы, ылайыктуу сөздөрдүн, синонимдердин эс тутумда жоктугу же кеп түзүү көндүмдөрүнүн өнүкпөгөндүгү кепте ыксыз кайталоолордун болушуна алып келет.

Кыргыз тилинде оюн так, толук түшүндүрө албоонун, "тилдин жардылыгынын" дагы бир себеби - кыргыз тилин дайыма эмес, чанда гана, керек учурда гана колдонуу. Бул, айрыкча, шаардын жашоочуларына мүнөздүү. Үй-бүлөдө, жумушта, көчөдө - жашоо убактысынын көпчүлүк бөлүгүндө чет тилин колдонуу кыргыз тилин унуттурат, аны колдонуу чеберчилигин начарлатат.

Кеп байлыгынын зарыл шарты - адамдын лексиконунун, активдүү сөздүк корунун байлыгы. Конкреттүү жеке тилди колдонгон адам ал тилдеги сөздөрдүн бардыгын билиши, түшүнүшү мүмкүн. Бирок, тилдеги бардык сөздөрдү өз кебинде активдүү, дайыма

колдонууга эч бир адам жөндөмдүү эмес. Бизге белгилүү болгон лексикону эң бай адам А.С.Пушкин өз кебинде, чыгармаларында 21 миң гана сөз колдонгон. Ал эми жөнөкөй, карапайым адамдын лексиконунда 7 миңден 11 миңге чейинки гана сөздөр камтылат. Лексикону канчалык бай болсо, адам өз оюн ошончолук так, таамай бере алат, оюн так бере турган сөздөрдү тандоо мүмкүнчүлүгү кеңейет.

4. Кептин тактыгы.

Ойду так бере билүү чеберчилиги ар бир эле адамга мүнөздүү сапат эмес. Бул жөндөмдүүлүктү калыптандыруу үчүн талыкпаган, узакка созулган машыгуулар керек. Ойду кеп аркылуу туюнтууда, чагылдырууда эки процесстин так, катасыз аткарылышы талап кылынат:

1. Реалдуу дүйнөнүн, андагы кубулуштардын аң-сезимде так чагылышы.
2. Аң-сезимде жаралган идеяны, түшүнүктөрдү тилдик бирдиктер аркылуу так туюнтуу, башка аң-сезимге - угуучунун аң-сезимине түшүнүктүү болгондой кылып туюнтуу. Мына ушул эки процесске байланыштуу, кеп тактыгы өз ичинен эки түргө бөлүнөт:

1. Кептин предметтик тактыгы - кепте реалдуу дүйнөнүн так чагылышы.
2. Кептин түшүнүктүк тактыгы - кепте ойдун, түшүнүктөрдүн так чагылышы.

Кеп түшүнүктөрдү, элестерди, ойду, маалыматты - мазмунду камтыйт. Ал эми ар бир кабар, ой реалдуу дүйнөнүн аң-сезимге таасир этишинен, чагылышынан жаралат. Мисалы, "Кар жаады.", "Асан - жакшы бала.", "Экиге экини кошсо төрт болот." деген сүйлөмдөрдүн ар биринде реалдуу дүйнөдөгү окуя, кубулуш, мамилелер аң-сезимдин лабораториясынан өткөрүлүп, ойго, маалыматка айланган. Сырткы дүйнөдөгү бардык кубулуштар адамдын билим деңгээли, дүйнөгө көз карашы, турмуштук тажрыйбасына таянып анализденет, түшүнүлөт. Мисалы, кичинекей балдардын аң-сезими жогорку мисалдарда туюнтулган кубулуштарды төмөнкүдөй так эмес чагылдырышы, түшүнүшү мүмкүн: "Сыртта кебез жаап жатат.", "Асан - унчукпаган бала.", "Экиге экини кошсо үч болот." ж.б.у.с. Демек, кеп тактыгынын алгачкы талабы - обьективдүү чындыктын аң-сезимде так, катасыз чагылышы. Реалдуу дүйнөнүн так чагылышы кептин предметтик тактыгын камсыз кылат. Мисалы, "Тоту куш сүйлөйт, демек акылдуу", "Машина кыймылдайт, демек жандуу" деген сыяктуу сүйлөмдөрдө логиканын мыйзамдары бузулгандыктан, предметтик так эместикке жол берилген. Кептин тактыгынын жалпы шарты -

логикалык мыйзамдарды бузбай, так, туура ой жүгүртүү. Байыркы Римде эле «Ким так ой жүгүртсө, ал так сүйлөйт» деген макал жаралган. Ал эми орус ойчулу В.Г.Белинский мындай деген: "Сөз ойду чагылдырат: ой түшүнүксүз болсо, сөз да түшүнүксүз. Айтуучу өзү үчүн түшүнүктүү, өзү айкын элестете алган ойду гана так, айкын баяндап бере алат." Реалдуу чындыктан алынган маалымат аң-сезимде иштелип чыгып, билимге айланат. Муну айкын элестетүү үчүн жаңы илимий ачылыш жасаган окумуштуунун мисалында кароого болот. Ал дүйнөдөгү кубулуштарды изилдөө татаал эксперименттерди өткөрүү жана алынган жыйынтыктарды, маалыматтарды аң-сезиминде анализдөөнүн натыйжасында жаңы маалыматка, билимге ээ болду. Ал билим анын аң-сезиминде жаралды, демек ал билим ошол окумуштуунун жекече дүйнө таанымына, билимине, психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ыңгайланышкан, терең жекечелик (глубоколичностный) мүнөзгө ээ.

Ойду кепте чагылдырууда төмөнкү маселелер негизги ролду ойнойт:

1. Сөз колдонуу тактыгы - түшүнүктөрдү так атаган сөздөрдү тандап алуу.
2. Баяндоо логикасы - кептеги тилдик бирдиктерди логикалык жактан туура байланыштыруу жана ойдун ырааттуулугун сактоо.

Сөз колдонуу, сөздү туура тандап алууда сөз маанилерин терең билүү чоң мааниге ээ. Бул учурда көп маанилүүлүк, синонимия, омонимия жөнүндө маалыматтуулук талап кылынат. Адам өз оюн чагылдыруу учурунда алгач синонимдик катарды - бир маани билдирген сөздөрдү, сөз курулмаларын эс тутумдан "алып чыгат". Андан кийин синонимдердин ичинен ойдогу түшүнүктү так, таамай, таасын туюнткан сөз тандалат. Мисалы, эгер сизге чогуу окуган курдашыңызды мүнөздөөгө туура келсе, анда болжол менен төмөнкүдөй сөздөр эс тутумунан чакырылат: "Асан (менин, биздин) (таанышым, группалашым, досум, таанышыбыз, группалашыбыз, досубуз). Ал (ак көңүл, боорукер, кичи пейил - жакшы же таш боор, бой көтөргөн, кекирейген, мактанчаак - жаман) (бала, жигит, студент)." Мына ушул синонимдерден, варианттардан сиздин оюңузду, мамилеңизди так чагылдырган сөздөр тандалып, алардан сүйлөм түзүлөт. Синонимдер лексикондо, эс тутумда канчалык көп болсо, тандоо ошончолук натыйжалуу болуп, түшүнүктү, ойду ошончолук так берүүгө болот. Синонимдер лексикалык же синтаксистик болушу мүмкүн. Лексикалык синоним - эки сөздүн маанилеринин жакындыгы. Ал эми синтаксистик синонимдер бир нече сөздөрдүн айкашуусунан турат. Мисалы, "Асан - республикалык

олимпиадага катышкан (билимдүү), өзүн жакшы алып жүргөн (сылык), кыйшың-мыйшыңы жок (ак ниет) бала." Синонимдердин жогорку көркөмдүктөгү, жогорку тактыктагы түрү катары фразеологизмдер да кызмат кыла алышат. "Асан - биттин ичегисине кан куйган (тың), кессе кан чыкпаган (сараң), кой оозунан чөп албаган (момун) бала. Фразеологизмдер ойду элестүү, так чагылдырышат. Ошентип, кептин тактыгын камсыз кылуунун эң биринчи жана негизги шарты - кептин предметин, кепте козголгон маселени терең билүү. Кепти так түзүү үчүн тилди, тилдик маанилерди терең билүү да зарыл шарт болуп эсептелет. Кептин бардык сапаттары бирин-бири шарттап турат: кеп так болмоюнча көркөм жана орундуу боло албайт.

5. Кептин орундуулугу.

Кептин орундуулугу деп, андагы тилдик бирдиктердин кептин максатына жана шартына ылайык уюштурулган структуралык-семантикалык өзгөчөлүктөрүн айтабыз.

Кептин бул сапатына кыргыз эли эзелтен эле көңүл бурган. "Сөздү учуру келгенде айтпаса, атасы өлөт" деген сыяктуу макалдарды колдонуп, элибиз орду менен сүйлөгөнгө үйрөткөн. Тоголок Молдонун "Кемчонтой" тамсили - кептин орундуулугуна, кайсы жерде кандай сөз айтуу ылайыктуу экендигине үйрөтүүгө түздөн-түз багытталган чыгарма.

Байыркы Римде жана Грецияда кептин орундуулугу анын эң негизги сапаттарынын бири катары бааланган. Аристотель өз эмгектеринде ар бир стилде, ар бир чөйрөдө кеп ар кандай формада айтылышы керек экендигин белгилеген. Ал эми атактуу чечен Марк Туллий Цицерон оратордун ийгилиги, анын угуучуну ынандырып, өзүнө багынта алуусу биринчи иретте кептин орундуулугуна байланыштуу экенин айткан: "Турмушта да, кепте да эмне орундуу экенин аныктоодон татаал нерсе жок: Бардык коомдук абалга, бардык кызматтарга, ар кыл абройдогу ораторлорго, бардык жаш курагына, ошондой эле бардык орунга, мезгилге жана угуучуга бир эле стилдеги кеп ылайык келбейт, кептин ар бир бөлүгүндө эмне орундуу экенин байкап туруу керек, бул сөз болуп жаткан иштин мүнөзүнө да, сүйлөп жаткан, угуп жаткан адамдарга да байланыштуу. "

Ата-бабаларыбыз ар бир сөздү барктап-баалап келишкен. "Жигиттин сөзү өлгөнчө, өзү өлсүн", "Эр жигиттин уялганы - өлгөнү", "Ойлонбой сүйлөгөн онтобой ооруга жолугат", "Буттан жыгылган турат, сөзгө жыгылган турбайт" деген макалалар сөздүн, кептин канчалык аздектелгенин, сөздөн жеңилүү, жыгылуу канчалык оор

болгонун айгинелейт. Илимпоз бабабыз М.Кашкаринин сөздүгүндө "Тил арслан турур, эшигиңде йатур" (тил - босогоңдо жаткан арстан) деген накыл кеп жазылып калган. Бабаларыбыз кепти курч, коркунучтуу курал катары баалашып, ага этият мамиле кылууга үйрөтүшкөн: "Айтылган сөз - аткан ок", "Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет", "Ириген ооздон чириген сөз чыгат". "Жакшы сөз - жарым ырыс" деп кепти жакшылыкка, аруу тилекке гана багыттоого үндөшкөн.

6. Кептин көркөмдүүлүгү.

Ар бир адам өзүнүн сүйлөп жаткан сөзүн, макалдатып, ар кандай учкул сөздөрдү, фразеологизмдерди колдонуп, угуучуларды өзүнө тартып туруу үчүн көркөмдөтүп сүйлөшү зарыл. Кептин көркөмдүүлүгү канчалык жогорку деңгээлде болсо, ошончолук көркөмдүгү артат. Кеп көркөмдүүлүгүнүн бузулушу орунсуз кайталоодон башталат. Ошондуктан ар бир сөздү дыкат талдап, туура, так сүйлөп, кептик этиканы билүү керек. Кеп көркөмдүүлүгү өз ичине тилдик норма, кептин тууралыгы, кептин тактыгы, кептин тазалыгы, жана кептик этикетти камтыйт. Демек, кеп маданияты адабий тилдин нормасында учуучуга жана коомчулукка так, даана таасирдүү сүйлөө дегенди түшүндүрөт. Тил пикир алышуунун куралы катары өзүнүн коомдук функциясын коммуникативдик милдетин кеп аркылуу гана аткарат. Кептин көркөмдүккө ээ болушу, анын субьективдүүлүгү, варианттуулугун, кырдаалга жарашыктуулугун ж.б. жекече өзгөчөлүгүн айгинелөөчү негизги касиет. Пикир алышуу монолог, диалог, оозеки, жазма формаларында болот. Булардын өзгөчөлүгүнө жараша, кеп белгилүү бир ыргак, жанр, интонация, басым, артикуляциялык айтылыш, графикалык белгилер, жест, мимика, дикция, текст, структура аркылуу берилет.

Лекцияны бышыктоо үчүн берилүүчү суроолор:

1. Кептин тууралыгы деп эмнени айтабыз?
2. Кептин тактыгына кедерги болуучу шарттар.
3. Кеп байлыгына эмнелер кедерги болот?
4. Кептин тазалыгы деп эмнени айтабыз?
5. Кеп орундуу болуш үчүн кандай шарттар керек?
6. Кептин көркөмдүүлүгү деген эмне?

5-лекциялык сабак

Сүйлөө маданиятынын өнүгүшү

План:

1. Сүйлөө маданияты.
2. Речь, сөз, кеп.
3. Сүйлөө маданиятын окуп үйрөнүү.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Жумакадыров Д. Сүйлөө маданияты жана стилистика. Бишкек, 2007.
3. Кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү. Фрунзе, 1983.
4. Мусаева В. Сүйлөшүү маданияты аркылуу чечендик кепке үйрөтүүнүн методикасы. Бишкек, 2012.
5. Рыспаев С. Сөз жөнүндө дастан. «24.kg» МА, 14.01.2014-ж.
6. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

1. Сүйлөө маданияты.

Сүйлөө маданияты – латын тилиндеги ***kultuzal*** сөзүнөн келип чыккан. Сөзмө-сөз которгондо иштелген, иштелип чыккан, тазаланган дегенди түшүндүрөт, б.а., элибиздин сөз байлыгын, биз тараптан оңдоп, түзөп, жакшыртып, анын колдонулуш сапатын арттыруу менен пикир алышууда тилди пайдалана билүүнүн коомдогу адам турмушунун акыл-эс ийгилигинин жетишкендиги.

Демек, **сүйлөө маданияты дегенибиз** – бул баарыдан мурун сүйлөөдөгү өзгөчө көрүнгөн тилдин нормалык белгилери, касиеттери, биримдүүлүгү жана системасы, анын коммуникативдүүлүк жагынан жеткиликтүүлүгү, тактыгы, логикалуулугу, таасирдүүлүгү, көркөмдүүлүгү, ыктуу колдонулушу.

Сүйлөө маданиятын окуп үйрөнүүгө негиз болуучу маселелердин бирине тил менен сүйлөөнүн айырмасын билип, тилдик норманы баамдап, тилдин жана сүйлөөнүн стилин айырмалоо кирет. Мындан сырткары, сүйлөөнү системалык-структуралык жактан бир бүтүндүккө кабылдоо менен, аны сүйлөнбөгөн, аны түзүүгө катышкан структуралык бирдиктерге болгон байланышын аныктоо болуп эсептелет. Сүйлөө маданиятын ушундай комплекстүү түрдө окуп үйрөнүү, ага системалык жактан мамиле кылуу дегенди билдирет. **Сүйлөө** деп - ар кандай коммуникативдик жактан пикир алышуунун шартында, кырдаалында, чөйрөсүндө сүйлөөчү тарабынан бир мазмунду туюндуруш үчүн тил каражаттарынын ички мүмкүнчүлүктөрүнөн толук пайдаланып, угуучуну же кубантып, же өкүндүрүп, баяндоонун өзгөчө ыкмалары менен информациялык билдирүүлөрүн, ой-пикирин ишке ашыруучу чыгармачылык процессти айтабыз. Адам баласынын бардык өмүр тирчилиги ой менен тилдин

тыгыз байланышанан туруп, сүйлөө аркылуу башка адамдарга анын ой корутундусунун суммасы катары тартууланат.

Сүйлөө социалдык жана жекече элементтердин биргелешип аракетке келтирилиши, тил каражаттарынын пикир алышуу процессинде колдонулушу. Сүйлөөчү ар бир адамдын ой-пикири, сезими сүйлөө процессин ишке ашыруу ыкмасына, максатына байланыштуу аныкталат. Андыктан адамды анын сүйлөгөнүнө карап маданияттуу же маданиятсыз, оң же терс, орой же сылык деп айтышы мүмкүн.

Сүйлөшүү маданияты – карым-катнаштын, баарлашуунун, маданияттуу сүйлөшө билүүнүн, сабаттуу, алдыңкы, үлгүлүү кептик жүрүм-турумдун эрежелери. Ар кыл кептик карым-катнаш кырдаалдарындагы, мисалы, учурашуу, саламдашуу, таанышуу, өтүнүү, кечирим суроо же куттуктоодо сүйлөө маданиятын, сөздөрдү, сөз айкаштарын туура пайдалануу зарыл.

Кыргыз эли эзелтеден меймандостугу, боорукерлиги жана сыпайылыгы менен башка улуттардан айырмаланып келишкен. Мисалы, “Саламатсыздарбы!”, “Арбаңыздар!”, “Кош келиңиздер!”, “Аман-эсен болуңуздар!”, “Ыраазыбыз!” жана “Береке берсин!” деген сыяктуу сылык-сыпаа сөздөрдү колдонуп келишкен. Сүйлөшүү чөйрөгө жараша ар түрдүү болот жана ошого жараша ар кандай талаптар да болот. Элибизде “Сөздү уккан жерге айт, сууну сиңген жерге сеп” дегендей, сөздү уга билүүнүн да маданияты бар.

Маданияттуу сүйлөшүүнүн талаптары:

- Эгер сүйлөшүүгө, диалогго баргың келсе, каалоо сен тараптан гана болбостон, экинчи жактан да болуусу зарыл. Эгер каршыңдагы адамдын сүйлөгүсү келбей турганын байкасаң сөздү токтотуу керек, башка ыңгайлуу учур таап сүйлөшсөң максатыңа жетесиң.
- Сүйлөшүүнүн кызыктуулугу теманын тандалып алышынан түздөн-түз көз каранды. Сүйлөшүп жаткан адамдын пикири мени ойлондурбайт, мен үчүн ушул маселе гана актуалдуу деген кадамга барсаң, өтө жаңылышасың.
- Уга билүү, тактап айтканда, сүйлөшүп жаткан мезгилде тынымсыз сүйлөп, кезек берүүнү унутсаң, сени менен аңгемелешүүдөн адамдар качышы мүмкүн. Эгер сен тынымсыз сүйлөп жаткан маалда жаныңдагы адамдар унчукпай отурса, алар мени угуп жатат деп ишенбе. Балким алар өз ойлоруна сүңгүп, башка жөнүндө ойлонуп отурушу ыктымал. Сүйлөө менен катар уга билүү өзүнчө

бир маданият, өнөр. Каршыңдагы адамдын пикирин угууда, анын дүйнө таанымынан, көз карашынан, ой-туюмунан кабар аларың күмөн эмес.

- ❖ Маданиятты сактоо. Сүйлөшүүнүн маданияты ошол коомдун адептик абалынан, деңгээлинен кабар берүүчү фактор. Сүйлөшүү маданияты сакталбаса, ал адамда ирээнжүү пайда болот да, андай адамдар менен сүйлөшүүдөн алыстоого туура келет.
- ❖ Угуучулар менен көзмө-көз байланыш түзүү. Мындай байланышта адамдын көзү активдүү роль ойнойт. Сүйлөшүү маалында каршыңдагы адамдын көздөрү ойноктоп турса, анда бир нерсени ачык айталбай жатканынан же калп айтып жатканынан кабар берет. Көздөрү менен ар кандай маселени так берип кое алат. Анткени, көз адамдын жан дүйнөсүнүн күзгүсү эмеспи. Бирок ар бир улуттун көз менен байланыш түзүүсү ар башка. Мисалы, кыргыздарда улуу адамдын сөзүн угуп жатканыңдын далили катары көз албай сүйлөшсөң, алар жактырышпайт. Көз ирмебей карайт, «тик көз» деген аталыштар ушундан улам айтылып калган болуусу керек. Япондордо да, тик караган көз сыйлабастыкты түшүндүрөт. Ошондуктан алар сүйлөп жаткан адамдын жүзүнө тике карабастан, баш ийкеп, «хай» - «ооба» деп турушат, «ооба» деген ишаарат япондуктарда дайыма эле макул дегенди түшүндүрбөйт.
- ❖ Эгер сүйлөшүүнүн жыйынтыгын чыгарууга камдансаң, анда уккан сөзүңдөн: «Сиз айтканыңыздан улам ...», «Менин түшүнгөнүмө караганда, ...», «Сиз айткан жагдай боюнча ...» - деген сыяктуу сөз тизмектери менен жыйынтык жасасаң, сүйлөп берген адам үчүн жагымдуу болот.

Сөздү уга билүү маданияты

- ❖ Унчукпоону көңүл буруу катары кабыл алба. Эгер сени менен сүйлөшүп жаткан адам унчукпаса, анда ал балким өз ойлору менен алектир.
- ❖ Сүйлөп жаткан адамга түз кара. Аны менен көзмө-көз байланышта бол. Сенин жестиң жана турган турушуң менен аны абдан кунт коюп угуп жаткандыгына көзүң жетсин.
- ❖ Калп эле угуп жаткандай түр көрсөтпө, бул пайдасыз, себеби, сенин өңүңдөн, жестиңден билинип калышы мүмкүн.

- Сүйлөп жаткан адамга сүйлөгөнгө убакыт бер. Анын айткандарына көңүл бур. Анын сөздөрүндөгү ойго гана эмес, анын жыйынтыктарына да көңүл бөл.
- Эгер зарыл болбосо, адамдардын сөзүн бөлбө. Көпчүлүгүбүз бири-бирибиздин сөзүбүздү бөлө беребиз, бул маданиятсыздык.
- Эгер сен бирөөнүн сөзүн бөлсөң, «Кечиресиз!», «Мүмкүн болсо ...», «Улуксат этсеңиздер ...» деген сөз тизмектерин пайдаланышың керек, жана сөздү кайрадан улантып кетүүгө жардам беришиң керек.
- Шашылыш жыйынтык чыгарба. Бул натыйжалуу сүйлөшүү үчүн бирден-бир тоскоолдук болуп саналат. Баалоого шашылба. Сүйлөп жаткан адамдын көз карашын, анын оюн акырына чейин түшүнүүгө аракет кыл.
- Эмоционалдык сөздөргө өтө эле көңүл бура бербе. Өтө токунданып сүйлөп жаткан адамды угуу менен абайлап, анын сезим-туюмуна өтө таасир этпе.

2.Речь, сөз, кеп.

Речь өз ара бирдик жана процесс катары бир канчага бөлүнөт.

Сырткы речь – адам ой-пикиринин речтик аппараттардын жардамы аркасында үндүн катышы менен сыртка чыгып айтылышы.

Ички речь (эндофазия) - айтылбаган, сүйлөнбөгөн, үн катышпаган, субьекттин өзүнө гана тиешелүү процесс. Мунун тескерисинче, ички ой-пикирдин сыртка чыгышы сырткы речь.

Интеллектуалдык речь (логикалык, англ. intelekt) – бул речь негизинен интеллектуалдуу, логикалык татаал ой-пикирди билдирет.

Эмоционалдык речь – ар кандай толкунданууну, кубанууну, өкүнүчтү ж.б. сүйлөөнүн психикалык жактан кескин өзгөрүүсү.

Кинетикалык речь – өз пикирин кол жаңсоо менен башкаларга түшүндүрүү.

Жаш өспүрүмдөрдүн речи – аргасыздан өз оюн айталбастан, маанисиз сөз айкалыштарынын кайталанышы.

Өлчөм речи (ыр речи) – бирдей жыштыктагы темптин ылдамдашы, жайлашы, тондун бийик көтөрүлүп, ылдый түшүп, муундун кыска жана узун болуп айтылышы менен ыр саптарындагы ритмикалык топтордун көркөмдүгүн арттыруу жагынан мүнөздөлгөн речь.

Жазуу речи – биринчиден, кагаз бетине түшүрүлгөн, экинчиден, стилистикалык ар кандай ыкмаларды колдонуп, ошол тилдеги адабий норманы сактап, такталган жазуу.

Коммуникативдик максатка ылайык, белгилүү коомдук шартка, чөйрөгө карата тил каражаттарынын аларга ылайыкташып, стилдик, маанилик, интонациялык жактан колдонулушуна негизделген тигил же бул пикирди, информацияны билдирүүнүн өзгөчө сүйлөө түрлөрү төмөнкүлөр: турмуш-тиричилик речи, диалектилик речь, официалдуу речь, поэтикалык речь, жөнөкөй элдик речь, сценалык речь, оратордук речь, обзордук речь, сүйлөшүү речи, публикалык речь, диктордук речь, цитаталык речь, автордук речь, персонаждык речь, түз жана кыйыр речь.

Речь жана кеп деген терминдерди салыштырып көрөлү.

Речь 1. (способность говорить) сүйлөө, сөз сүйлөө, (дар речи) сүйлөй алуу жөндөмдүүлүгү;

2. (красноречие) чечендик, (развитие речи) сөз өстүрүү; (речь ребенка) баланын тили; (устная речь) оозеки сөз;

3. (вступление) сөз (бир маселе жөнүндө эл алдына сүйлөнгөн сөз), (произнести речь) сөз сүйлөө;

4. (разговор) кеп, сөз сүйлөшүү;

5. (части речи) сөз түркүмдөрү.

Кеп - слова, разговор; кеп сал же кеп айт; кеп уруш – разговаривать, беседовать; кеп урушуп отурдук – мы сидели и разговаривали; кеп жебес кежир – упрямый на слух; кепке кел – соглашаться; кеп ойло – обдумать, поразмыслить.

Жыйынтыктап айтканда, **“речь” “кеп”** деген терминге толук төп келбейт, окшош да эмес. Анткени, речтик аппарат, речтик тыбыш, речтин тембри, речтин диапозону, речтин мелодикасы, жазуу речи, дикторлук речь, автордук речь, речтин интонациясы ж.б. сөздөрдө “речь” деген сөздү “кеп” менен алмаштырып айтууга болбойт.

Сөз слово, речь. Сөзгө жараша сөз айтпаса, сөздүн атасы өлөт. Сөзгө баатыр, ишке бакыр; ырас, ак сөз; куттуктоо сөз, басма сөз; өз сөзү менен айтуу, сөз эркиндиги; сөздүн кыскасы, сөзмө-сөз. Демек, “сөз” дагы “речь” деген терминдин маанисин толук камтый албайт.

Ошентип, сөздүктөрдөн алынган факты-материалдарга караганда, айрым окумуштуулар айткандай, “сөз” сүйлөө процессин билгизүү мүмкүнчүлүгө ээ болгон менен, тек гана сүйлөмдү куруучу составдык бирдик катары “речь” деген терминдин маанисин толук камтый албайт. Сөз речтик процессти, б.а., сүйлөө, айтуу, билдирүү, чечен кеп, маек, аңгеме ж.б. толук камтый албастыгын баамдадык.

3.Сүйлөө маданиятын окуп үйрөнүү.

XX-кылымдын 20-жылдарынан баштап, совет өкмөтү мезгилинде чечендик кеп проблемасы өзүнүн актуалдуулугун жоготуп, риторика жогорку окуу жайларында жана мектепте окутулбай калган. Анткени, тоталитардык заманда риторика өзүнүн маанисинен ажырап, оратор менен аудиториянын жандуу карым-катнашы ишке ашпаган. Мунун дагы бир себеби, сүйлөй турган адам, тигил же бул мекеме тарабынан мурдатан даярдалган жана бекитилген, эч кандай өзгөрүүсүз, анын чегинен чыга албай турган текст боюнча гана чыгып сүйлөгөн. Оратор ээн-эркин сүйлөө укугуна ээ боло албай, анын сөзү катуу цензурага туш болгон. Бул докладчыны жекече, эркин ой жүгүртүү менен өз оюндагысын айтуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан. Ошентип, кызыл тил, чечендик, оратордук жөнүндөгү илим эч кимге керексиз болгон. Ушундан улам, бул мезгилде жалпы элдин сабатсыздыгын жоюу иши ийгиликтерге жетишкендиги менен сүйлөшүү этикети, кеп маданияты төмөнкү деңгээлге түшкөн:

- ❖ мектептерде чечендик искусствосу, риторика окутулбаган;
- ❖ кооз, көркөм, туура, так сүйлөөгө үйрөтүлбөгөн.

Ал эми азыркы демократиялык коомдо оратор ээн-эркин сүйлөөгө мүмкүнчүлүгү бар. Ал аудиториянын көңүлүн өзүнө буруу менен угуучулар үчүн өзүнүн сөзүн кызыктуу кылууга, өзүнүн сөзүнүн акыйкаттуулугуна угармандарды ынандыра билүүсү зарыл. Оратор өзүнүн докладын чыгармачылык менен даярдоосу керек. Бул үчүн риториканын бардык алдыңкы үлгүлөрүн, сырларын билүүсү зарыл. Бүгүнкү күндө риторикага карата кызыгуу кайрадан жанданып, бул предмет айрым мектептерде окутулуп жатат. Ошондой эле, кеп маданияты анын ажырагыс бир бөлүмү катары саналууда.

Риторика бүгүнкү күндө Россиянын окуу жайларынын баарында, ал түгүл техникалык факультеттерде да окутулууда. Ошондой эле, эми мектептердеги жана жогорку окуу жайларындагы бүтүрүү экзамендеринде бүтүрүүчүлөрдүн кеп маданиятына да өзгөчө көңүл буруу менен бул боюнча суроо-тапшырмаларды тесттерге да киргизүү маселеси каралууда.

Риториканын өнүгүүсүнө теориялык жана практикалык жактан эң чоң салым кошкондор булар таланттуу акын-жазуучулар. Алар сөздөрдүн гүлүн терүү менен, эң сонун сүйлөмдөрдүн үлгүлөрүн түзүүдө, көркөм кепти өркүндөтүүдө өздөрүнүн өнөрканасында тынымсыз эмгектенишип, сөз жасоонун устасы катары саналышат. Адабий тилди байытып, анын чөйрөсүн кеңейтип, кептин образдуулугун, эмоционалдуулугун күчөтүшүп, ага жан киргизет. Тилдин тазалыгы, тууралыгы, байлыгы үчүн күрөшүшүп, тилдин кеп

байлыгын кантип өркүндөтүү, сактоо тууралуу ачык-айкын сунуштарын билдиришет.

Риториканы окутуп-үйрөтүүдө кеп маданиятына айрыкча маани берүү зарыл. Анткени чечендик өнөр адабий-тилдик эрежелерди мыкты билүүнү, туура, так, сабаттуу, логикалуу, орундуу, негиздүү, далилдүү сүйлөй алууну талап кылат. Риторика сөздөрдү кеңири пайдалануу менен сүйлөмдөрдү туура түзүүгө, сөздөрдүн образдуулугун, көркөмдүүлүгүн, кооздугун таанып билүү менен, стилдик каталарды кетирбөөгө үйрөтөт. Өзүнүн тилдик, кептик маданий деңгээлин жогорулатам деген ар бир адам риториканы окуп-үйрөнүүсү зарыл. Риторика филологиялык илим катары кызыл тилдеги, чечендик өнөрдөгү (оратордук искусствадогу), кептин ачыктыгына, тактыгына, көркөмдүүлүгүнө, уккулуктуулугуна жетиштирүүчү, анын ыкмаларын үйрөтүүчү илим. Азыркы кездеги риторика туура, так, сабаттуу, негиздүү, көркөм, далилдүү сүйлөөгө жана жазууга үйрөтөт. Бул жагынан ал дагы бир филологиялык предмет болуп саналган, айрыкча мектептин ортоңку жана жогорку класстары үчүн өтө зарыл болгон, тилди окутууда анча көңүл бөлүнбөй жаткан кеп маданияты бөлүмү менен тыгыз байланышып кетет.

Кыргыз тили сабагында чечендик кепке окутуп үйрөтүү бул азыркы учурда зарыл маселеге айлануда. Ошону менен бирге чечендик кепти, риториканы өз алдынча курс катары окутуп үйрөтүү да зарыл маселелердин бири.

Чечендик кеп (риторика) бул кептик жана маданият таануучулук компетенттүүлүктөрдү калыптандырууда абдан кеңири, кызыктуу, керектүү жана ар тараптуу болгондугуна байланыштуу мындан ары дагы терең изилдөөлөрдү талап кылмакчы.

Лекцияны бышыктоо үчүн берилүүчү суроолор:

1. Сүйлөө маданияты дегенди кандай түшүнөсүңөр?
2. Речтин кандай түрлөрү бар?
3. Речь, сөз, кеп деген терминдердин чечмелениши кандай?
4. Сүйлөө маданиятын окутуу иштеринин жүргүзүлүшү?

6-лекциялык сабак

Көркөм сүйлөөнүн үндүк, тилдик каражаты

План:

1. Көркөм сүйлөөдөгү интонация.
2. Сүйлөөдөгү эмоционалдуу экспрессивдүүлүк.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Дүйшеев Ж. Эмоционалдуу-экспрессивдүү лексиканын көркөм окуудагы кээ бир өзгөчөлүктөрү. Эл агартуу, 1978.
3. Ибраимова Э. Элдик оозеки чыгармачылыктагы чечендик сөздөрдүн идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү. Бишкек, 1998.
4. Мусаева В. Сүйлөшүү маданияты аркылуу чечендик кепке үйрөтүүнүн методикасы. Бишкек, 2012.
5. Жумакадыров Д. Сүйлөө маданияты жана стилистика. Бишкек, 2007.
6. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

1.Көркөм сүйлөөдөгү интонация.

Интонация адамдын өз ара пикир алышуусунда сүйлөөгө эмоционалдуу-экспрессивдүү өзгөчө бир түр берип, алардын ой-пикирин, сезимдерин, толкунданууларын жана эрктик касиетин көрсөтөт. Мындан сырткары, интонация сүйлөөдөгү күчтүү сезимде айтылган сөздөрдү туура түшүнүүгө, фразаларды коммуникативдик типтерге, түрлөргө бөлүүгө жардам берет. Ошондуктан ар бир сөз же сүйлөм интонация менен айтылат. Сүйлөмдөгү сөздөр адам оюн жөн гана чагылдырбастан экинчи бирөө менен карым-катнаш жасоодо алардын ички сезимин, ал-абалын билүүгө көмөк көрсөтөт. Интонация тигил же бул сүйлөмгө көрк берет, оттенкалык түр берет. Ошондуктан интонациясыз оозеки сүйлөшүү мүмкүн эмес. Жазууда, текстти окууда интонация катышат.

Интонация – көркөм сөз өнөрүнүн, чебер, чечен сүйлөөнүн, ораторлук искусствонун негизги үндүк тилдик каражаты.

А.С.Макаренко көркөм сөз адистеринин сүйлөө техникасына өзгөчө көңүл буруп, мыкты, жатык, жагымдуу үндү негизги куралым деп эсептеген. “Мен, “мында кел” деген сөздү окууда 15-20 түрлүү кылып айттыра алганымда гана өз ишимдин нагыз чеберимин деп эсептедим” – деген.

Демек, “мында кел” деген бир эле тизмекти интонациялык жактан ар башка мааниде кайталап айтканда, сүйлөөчүнүн максатына ылайык үндүн көп кырдуу ритмо-мелодикалык кыймылына карай ар түрдүү оттенкалык мааниге ээ болуп, чечендин чеберчилигине, оюн толук түшүнгөндөй болуш керек. Анткени кандай гана оратор болбосун,

угуучуларга ички жан дүйнөсүн сөз менен гана эмес, интонация аркылуу да түшүндүрөт. В.Н.Всеволодский-Гернгросстун сөзү менен айтканда, “адамдын жан дүйнөсүндө канча кубулуш болсо, ошонун баарын интонация аркылуу билүүгө болот.” Ошондуктан интонация маселесине адабиятчылардын эле эмес, лингвисттердин көңүл бөлүшү да бекеринен эмес.

Ар бир сүйлөгөн адамдын сөзү так, туура, түшүнүктүү гана болбостон, таасирдүү да, ачык-айрым, маанилүү болуш керек. Ал эми ар кандай ойдун оңой кабыл алынышы тилдик каражаттардын негизинде, анын ичинде интонациянын жардамы аркасында ишке ашат.

Сүйлөөдө, ырдоодо, айтышта, текстти көркөм окууда интонациянын ролу зор. Ал сүйлөмгө ийкемдүүлүктү, көркөм элестүүлүктү гана бербестен, адамдын ички дүйнөсүн, күчтүү сезимин, ой-пикирин так, таасын билдирүүгө түздөн-түз катышат. Интонация аркылуу сүйлөмдүн эмоционалдуулугу, түрлүү-түстүү боектору, оттеноктору артат. Көркөм сүйлөөдөгү чеберчиликтин негизи анын үн кубултуп көркөм сүйлөөсүндө эле эмес, ошол кырдаалга шайкеш ораторлук искусствосунун үндүк тилдик каражаттарын таба билип, сүйлөөнүн техникасын мыкты өздөштүрүп, ага талыкпай, тажабай көнүгүү керек. Көркөм сүйлөөнүн конкреттүү үн белгилери болуп интонация, басым, логикалык, психологиялык тыным менен ритмди жана тембралдык окрасканы сүйлөөчү окуяга шайкеш өзгөртүп, үндүн кубулушун чебер искусстволук ыкмада мыкты өздөштүрүп, аны өз орду менен эрежеде айтылгандай колдонсо, ал ораторлук искусствонун мыкты адиси боло алат.

Интонация көркөм сөз адиси тарабынан ойлонуп чыгарылбайт. Эгерде көркөм сүйлөөчү окуяга, чындыкка берилип эмоция менен окуса, сүйлөө жандуу, элестүү, көркөм болот.

Негизинен, интонациянын төмөндөгүдөй компоненттери бар:

- мелодика үндүн, негизги тондун жыштыгынын ритмо-мелодикалык кыймылы;
- фразалык басым түрлөрү менен;
- тынымдар негизги компонент болуп эсептелет;
- интенсивдүүлүк – сүйлөөдөгү айрым муундардын жана сөздөрдүн айтылышына карай кеткен үндүн серпилүү күчү, динамикалык компонент болуп эсептелет;

- ❖ үн узундугу же сүйлөөнүн темпи, б.а., убакытка карай тездик, акырындык-темпоралдык компонент;
- ❖ тембрлик боекче, обертон – экинчи катардагы үндүк каражат сыяктанганы менен көркөм сүйлөөдө өтө орчундуу орунду ээлейт.

Оратор айтуучу пикиринин негизги маңызын, мазмунун түшүнүп, угуучуларга активдүү билдирүүгө аракет жасап көркөм чагылдырса гана интонация өзүнөн өзү пайда болот. Ал үчүн көркөм сүйлөөчү өзү айткан, өзү жазган окуяга ж.б. кумарланып, суктанып, чыгармачылык менен берилип, өзү аралашып жүргөндөй толкундап, өзгөчө дем менен чындыкка чыркыраганда гана эмоция, интонация ж.б. көркөм сүйлөөнүн компоненттери жаралат.

Закушняктын ою боюнча, интонацияны эки рычаг пайда кылат. Алар эмоция жана ой. Көркөм сүйлөөчү оратордун милдети айтайын деген идеясын, материалдын маңызын, ошондой эле өзүнүн позициясын туура жоромолдосо гана эмоция өзүнөн-өзү пайда болуп, агып келет.

Интонация негизги логикалык сөздөргө баш ийип, басым түшкөн сөз менен айкалышат да, фразаны көркөмдөйт. Интонация сүйлөөнүн угуучуга таасир берүүчү эң жогорку жана өтө курч формасы болуп эсептелет. Көркөм сүйлөө интонациянын негизинде түзүлөт. Анткени адам эмне жөнүндө сүйлөбөсүн, адам максатына, толкунануусуна, ой-пикирине жараша интонация, эмоция жаралат.

Жыйынтыктап айтканда, интонация – чечендик чберчиликтин, ораторлук адистердин бет ачаары. Ораторлордун үндүк каражаттарды ыктуу, көркөм, чебер колдонуусу чындыкты көркөм, элестүү, жеткиликтүү берип, таасирдүүлүгү, сүйлөөнүн образдуулугу артат.

2. Сүйлөөдөгү эмоционалдуу экспрессивдүүлүк.

Адам баласынын эмоционалдык реакциясы өтө татаал рефлектордук акт. Эмоция – психикалык процесстердин, ой-толгоолордун конкреттүү формасы. Эмоциянын өзгөчөлүктөрү: кыска убакытта аракетке келүүсү, активдүүлүгү, шартсыз рефлектордун негизинин конкреттүүлүгү, органикалык керектөөлөрдү канааттандырууга болгон байланыштардын артыкчылыгы. Эмоция аң-сезимдин түпкү компоненти катары адамдардын обьективдүү чындыктарды кабылдоосунда же көркөм окууда, чыгармадагы же көз

көргөн чындыктарга, угуу менен, жаман же жакшы жыт пайда болгон учурда ал туюмдарга, б.а., маашырканyy, ырахаттануу, таңыркоо, капалануу, заарлануу, күйүү, ачуулануу ж.б. нукура субьетивдик реакциялар пайда болот. Мындай учурда андагы туюмдар ички сезимди, б.а., оң жана терс эмоцияны пайда кылат.

"Экспрессия" бир жагынан адамдын ар кандай чагылдырылган күчтүү сезимин ачык билдирүүчү, андан бөлүп карагыс каражат болсо, экинчи жагынан образдын ички демин, көңүлүн көркөм көрсөтүү үчүн тилдин образдуулугуна да тыгыз байланыштуу экендигине карабастан, сүйлөөнүн образдуулугу тилдик категория катары толук изилдене элек.

"**Эмоция**" деген сөз латын тилиндеги *emotion*, бизче, сезимди козгоо, ага таасир этүү, толкундатуу, тынчсызданyy дегенди билдирет.

Экспрессивдүүлүк өз ара бири-бири менен тыгыз байланыштагы компоненттердин бирдигинен турат. Бул түшүнүк экспрессивдүүлүктүн негизинде жаткан үндүк-мелодикалык кыймыл-аракеттин интенсивдүүлүгүн күчөтүүчү, анын экспрессивдик кызматын деталдаштырып, көркөм чагылырып сүрөттөп көрсөтүүчү мүнөзүн аныктайт, ошондой эле эмоционалдуулукка да компонент түзүп, адамдардын ар кандай сезимдеринде, туюмдарында акыл калчап, угуучу же окуучу андай көрүнүштү, окуяны өз башынан өткөрүп толкунданат. Ал эми экспрессивдүүлүктүн кийинки компоненти образдуулук болсо, көркөм чыгармалардагы окуялар угуучуларга, окуучуларга типтүү образдар аркылуу түшүндүрүлөт. Образ дегенибиз, белгилүү бир ачык түшүнүк берүүчү жаңы сапаттын базасындагы эки детонанттык салыштырымдуулуктан пайда болгон жыйынтыктын бирдиги.

Жыйынтыктап айтканда, экспрессия – бул таасирдүү, ачык-айкындыкты үн каражаттары аркылуу өзгөчө курч сезимдин күч алуусу, айтылгандардын таасир этүүчү кубатын арттыруу.

Экспрессивдүүлүк сүйлөөнү ачык, так, айкын, элестүү көрсөтүп, сүрөттөй турган нерсе, эсте, көңүлдө калуучу тилдик каражаттар менен жабдылганда гана таасирлентет, жугат, эстен кетпейт.

Сүйлөшүүдөн экспрессивдүүлүктү таба билүүнүн көптөгөн ыкмалары жолдору бар. Анын айрымдарына токтолу.

1. Экспрессивдүүлүк фонетикалык каражаттардын негизинде көрүнөт.

- ❖ Үндүүлөрдү, үнсүздөрдүн кайталанышынан же созулуңку айтылышынан, мисалы: *-Пай-пай, кандай сулуулук!*
- ❖ Үндүү тыбыштардын интенсивдүү, өзгөчө күч менен эмфатикалык жактан айтылышына байланыштуу таңыркоо: *-Эртең 20 градус суук болот. -Эмне-е-е? Май айындабы?*
- ❖ Экспрессивдүү речь ар башка сүйлөөнүн тонуна байланыштуу жасалат. Алар жогорку, ортоңку, төмөнкү тондор. Мындан сырткары, экспрессивдүүлүк сүйлөөнүн темпинин ар кандай формаларына ылайык таасир этет.
- ❖ Экспрессивдүү тынымдын мааниси өтө зор. Тынымдар: кыска, узун, эмоционалдуу-контрастык, өтө узак, өтө кыска, элестүү, эске салуучу ж.б. түрлөрү эмоционалдык интонация менен жабдылганда гана экспрессивдүү чыгып, таасир этүүчү күчкө айланат.

2. Экспрессивдүүлүк синонимдик түгөйү бар сөздөрдүн орун алышынан да байкалат. Алсак, «жакшы иштеп жатат» деген мисалдагы «жакшы» деген сөздүн ордуна «эң сонун» деген сөздү койсок, анда «эң сонун иштеди» болуп, фразаны экспрессивдүүлүгү артат.

- ❖ Сын атоочтук синонимдик катарларда экспрессивдүүлүк жогору болот. Мисалы: көңүлсүз-капалуу-кайгылуу, жаман-жагымсыз-ырайы суук, жакшы-жакшынакай-укмуштуудай сонун.
- ❖ Зат атоочтордун экспрессивдик маанилик катарлары да көп. Мисалы: баатырдык-эрдик-каармандык; баатыр-эр-арстан; жолборс-кабылан-шер; ыктуу-жөндөмдүү-таланттуу-шыктуу.
- ❖ Этиштерде: мактоо-өтө мактоо-ашыра мактоо; сурануу-жалынып-жалбаруу; тентүү-жер кезүү-селсаяктануу.

3. Антонимдик каражаттар менен экспрессивдүүлүк чагылдырылат: сүйүү-көрө албастык-ичи тардык; оройлук-жароокерлик-мээримдүүлүк.

4. Кайталоо маселеси канчалык көп функционалдык касиеттерге ээ экендигине карабастан, айрым лексикалык кайталоолор экспрессивдик каражаттарга ээ.

- ❖ Көк-көпкөк, жарык-жапжарык, чоң-чопчоң, аз-аздан.

- Убакыттын өтүшүн көрсөтүү үчүн сезимди билдирүүчү лексикалык кайталоолор: жүрө-жүрө бердим, отура бердим-отура бердим, баса бердим-баса бердим.
- Экспрессивдүүлүктү чагылдырыш үчүн этиштин чагы ыңгай формасында айтылат: Кеттик эмесе, эл үчүн, жер үчүн!
- Көбүнчө элдин поэтикалык тилде бир эле түшүнүктү синонимдик кош айкаш менен берүүдө окуянын тигил же бул бөлүмүнүн сапатын арттырууда экспрессивдүүлүк колдонулат: эртең-таң эрте, кечкурун-кечинде, үнсүз-үн катпай, карыган-карынын карысы.
- Айрым мүчөлөр тигил же бул обьективдүү көрүнүштүн чоңдугун, кичинелигин, көлөмүн ж.б. айырмасын көрсөтүүсүнө карай экспрессивдүү айтылат: шаар-шаарча, келин-келинчек, желек-желекче, ини-иничек ж.б.у.с.

Эмоционалдык окраскалык сөздөр адамдын ички сезимин, туюмун билгизет да, сүйлөөнүн ачык-айкындыгын, таасирдүүлүгүн арттырат, б.а., экспрессивдүүлүгү артат. Ал эми экспрессивдүү окраска адам сезимин көрсөткөн сөздөрдө эле эмес, эркти, каалоону, умтулууну, ой-пикирди, ишенимди да билдирүүчү сөздөрдө болот.

Сүйлөөнүн экспрессивдүүлүгү дегенибиз – бул ошол пикир алышуунун же контексттин, окуянын тактыгын, таасирдүүлүгүн, маанилүүлүгүн, ачык-айкындыгын, сүрөттөп көрсөтүүнүн уккулуктуулугун, жеткиликтүүлүгүн, таасирдүүлүгүн арттыруу дегендик.

Лекцияны бышыктоо үчүн берилүүчү суроолор:

1. Интонация деген эмне?
2. Интонациянын компоненттери кайсылар?
3. Экспрессивдүүлүк деп эмнени айтабыз?
4. Кепте экспрессивдүүлүктү таба билүүнүн ыкмалары?
5. Сүйлөөнүн экспрессивдүүлүгү деген эмне?

7-лекциялык сабак

Ораторлук искусствонун тарыхынан

План:

1. Ораторлук искусствонун тарыхы.
2. Байыркы дүйнөдөгү ораторлук искусство.
3. Кайра жаралуу доорундагы ораторлук искусство.
4. Байыркы орустун ораторлук искусствосу.
5. Жумушчу табынын ораторлук искусствосу.
6. Революциянын улуу ораторлору.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Апресян Г.З. Ораторское искусство.- Москва, 1978.
3. Головин Б. Основы культуры речи. Москв, 1987.
4. Ножин Е. А. Основы советского ораторского искусства. - Москва 1976.
5. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.
6. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

«Тил адам баласынын өз ара катнашынын маанилүү куралы болуп саналат».
В.И.Ленин.
«Тил дегенибиз – ойдун тикеден-тике чындыгы».
К.Маркс.
«Тил да эс сыяктуу байыркы нерсе».
Ф.Энгельс.

1. Ораторлук искусствонун тарыхы.

Ораторлук чеберчиликтин, чечендиктин тарыхый өнүгүшүн, калыптанышын окуп үйрөнүп билбей туруп, ораторлук искусствонун азыркы мезгилдеги мазмунун, маңызын, тигил же бул элдин публикалык оозеки сүйлөөсүнүн бай маданиятына карай ийгилктүү көз чаптырыш кыйын.

Чынында, ар башка коом ораторлук чеберчиликтин өзүнө ылайык стилдик ыкманы пайдалануу менен алардын сүйлөсүндө таптык мазмундагы эле эмес, саясий багыттагы сөз чеберлери чыга келген.

Греция менен Римдиктерде эле эмес, байыркы антикалык коомдон тартып, бүгүнкү күнгө жете көпчүлүктүн алдында сүйлөп, кызыл тилин безеген чечендердин чеберчилиги менен ораторлук искусствонун түрлөрү бештен ашпайт. Мындай көпчүлүккө карата айтылган сүйлөөнүн көбү даярдалган оозеки монологдук ыкмада сүйлөнүүчү сөздөр болгон.

2.Байыркы дүйнөдөгү ораторлук искусство.

Ораторлук искусствону байыркы Гректерде, Египетте, Ассирияда гана эмес Вавелиондо, Индияда, Кытайда да билишкен. Публикалык сүйлөөнүн тарыхы антикалык Грециядан тартып келет.



Байыркы Грециядa эң зор саясий оратолордун бири – Демосфен (б.з.ч. 384-322-жж.) болгон. Замандаштарынын айтымына караганда, анын алгачкы тердеп-кургап, ийнин кыйшактатып жагымсыз чулдураган сүйлөөсүнө темпераменттүү афиналыктар көзүнөн жаш акканча күлүшкөн. Бирок алардын шылдыңына ызаланган Демосфен чарчабаган, чаалыкпаган эмгектин, тажабаган көнүгүүнүн негизинде жаратылыштан, табигый жактан болгон кемчилигин жеңе алган.

Байыркы замандаштарынын айтымына караганда, жер төлөөгө (подвал) кирип алып оозуна тоголок таш салып акындардын ырларын жат айтып көнүккөн. Ал тыбыштарды так айтып, басымды өз ордуна таасын, тура коюп, бирде шар, бирде жай айтып, үнүн көтөрүп же басаңдатып, ыгы жок ийнин кыймылдата бербес үчүн эки ийнине курч учун ылдый каратып найза илип станок орноткон, анткени жаралгандан анын бир ийни такай силкинип турган.

Ошентип, талыкпаган эмгектин, күндүр-түндүр көктүк менен көнүккөн өжөрлүктүн негизинде Демосфен жаралгандан берки кемчилигин жеңип, ораторлуктун техникалык чеберчилигин, чечендиктин теориясын өркүндөтүү менен дүйнөлүк ораторлордун арасынан орун алган.



Аристотелдин «Риторика», «Ораторлук сүйлөөнүн стили», «Ораторлук искусство жөнүндө» деген эмгектери сөз чеберлери менен чечендердин, ораторлук искусствонун теориялык айрым маселелерин чагылдырган фундаменталдуу эмгектердин бири катары бааланат. Аристотелдин «Поэтикасынын» айрым главаларынан ораторлук сүйлөөнүн спецификалык өзгөчөлүктөрүн аныктаган мыкты ой-пикирлер айтылганын байкоого болот. Айрыкча, аталган эмгекте Софокол, Сократ, Демокрит, Исократ, Плутархтардын сүйлөөсүндөгү ораторлук чеберчиликтерди баса көрсөткөн.



Римдик республикалык ораторлордун ичинен эң көрүнүктүүсү Марк Туллий Цицерон болгон. Ал дүйнөлүк маданияттын тарыхында мыкты оратор, көрүнүктүү мамлекеттик саясий ишмер эле эмес, философ, литератор да болгон. Ал өзүнүн чечендиктин теориясына арналган көз караштарын «Брут», «Атактуу ораторлор», «Ораторлуктун мыкты касиеттери», «Оратор», «Оратор жөнүндө» деген эмгектеринде баяндаган.

Цицерон ораторлордун алдына үч милдет койгон:

- Өзүлөрүнүн ой-пикирлеринин, жоболорунун тууралыгын аныктоочу аргументтерди, белгилүү бир ишенимдүү фактылар менен далилдөө;
- Угуучуларга эстетикалык рахат бере алуу;
- Угуучулардын эркине, ал-абалына таасир эте билип, калайык-калкты, карапайым элди активдүү ишмердикке тарта билүү керек деген.

3.Кайра жаралуу доорундагы ораторлук искусство.

Феодалдык коом өнүгүп, акырындык менен капиталисттик мамилелердин пайда боло башташынан улам идеологиялык, маданий карама-каршылыктар өркүндөп, схоластикалык философия сынга алынат да, адамдардын жер байлыгына карата акысы, милдеттери жөнүндө адабий чыгармалар чыга баштайт. Көптөгөн антифеодалдык көз караштагы бунттар менен крестьяндык согушту жактаган, аларды революциялык күрөшкө чакырган чечендер чыга баштайт. Крестьяндык көтөрүлүш отунан, айыгышкан согуштан жаралган элдик жетекчилер жана ораторлор: Гильом Каль – франциядагы жоокерлердин башчысы; Джонь Болл жана Уолт Тайлер – Англияда крестьяндардын көтөрүлүшүнүн жетекчиси, Ян Гус жана Чехиядан Ян Жижкаларга окшогон элдин эркиндигине, жалындуу күрөшкө чакырышкан сөз чеберлери чыккан.

Дейл Брекенридж Карнеги — америкалык педагог, психолог, жазуучу. Жаштарды коммуникативдик жактан даярдоонун маанилүүлүгүн Америкада мамлекеттик деңгээлге алып чыккан жана адамдардын карым-катнашы жана оратордук искусство боюнча институтту негиздеген. Карнегинин айтуусу боюнча коммуникабелдүүлүк ага адам катары калыптануусуна, турмуштан өз ордун табууга жардам берген. Анткени, ал карым-катнаш жасай билүүнүн ыкмаларына ээ болуу менен өз күчүнө карата ишенбөөчүлүктү жеңе алган. Адамдар менен байланыш жасоонун ыкмаларына, өз көз карашына тура билүү менен аларга жетекчилик кыла алууга жетишкен. Коммуникативдик маданият адамдарга эл алдында сүйлөгөндө толкундоолордон арылууга, өзүнүн оюнун тууралыгын далилдей алуу менен кайсы гана чөйрөдө болбосун ишенимдүү, эркин, өз алдынча далилдүү сүйлөй билүүгө жардам берет.

4.Байыркы орустун ораторлук искусствосу.

X-XI кылымдарда үстөмдүк бийликке каршы саясий мүнөздөгү жыйналыштарда, старейшиндерди биригүүгө чакырган чечендер жогору бааланган.

XVII-XX кылымдарда Россиядагы ораторлук искусство саясий мүнөзгө ээ болуп, карапайым калктын, элдин таламын талашкан ораторлор көбөйөт. Мына ушундай каат, карама-каршылыктардын күчөгөн мезгилинде Волгограддык эпископ Макариянын “Риторика” деген эмгеги жарык көрөт. Мындан удаа эле М.И.Усачевдин “Риторикасы” да жарыкка чыгат.

Орус элинин таланттуу сөз чеберинин буга жете пайдаланган теориялык жана практикалык ыкмаларын терең түшүнүү менен оригиналдык жактан так, туура пайдалана билүүнүн амал-айла, ыкмаларынын окуу жайларында сабак катары үйрөтүлүшү, калыптанышы улуу окумуштуу **М.В.Ломоносовдун** ысымына таандык. Анын “Краткое руководство к красноречью” деген эмгеги ораторлук искусствонун биринчи окуу китеби болуп саналат. Өз мезгилиндеги лицейдеги Пушкиндин насаатчысы Кошанскийдин “Риторикасы” чектелген чакан нускалуу илимий жолдомо болгону менен, анда да мыкты пикирлер камтылган.

5.Жумушчу табынын ораторлук искусствосу.



XIX кылымда ораторлук искусство бир кыйла өнүгүүнүн жолунда болду. Буржуазиялык революциячыл саясий ишмерлер өзүлөрүнүн сүйлөөсү менен адамдарга күчтүү таасир эте турган саясий ораторлорду берди. Мына ушундай ораторлордун катарына илимий коммунизмдин негиз салуучулары К.Маркс жана Ф.Энгельсти, алардын соратниктерин атоого болот.

Алар чындыкты жасалмалап, жаап-жашырып, жылмалап айтуучуларды жек көргөн. Өзүнүн күчтүү логикалуу сүйлөөсү менен К.Маркс угуучуларды өзүнө багындыра алган. В.Либиехттин эскерүүсүндө “эч ким андай өзүнүн оюн так, ачык берүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон эмес”.

Жумушчу табынын ораторлук искусствосунун негизги принциптерин К.Маркс, Ф.Энгельс жана В.И.Ленин иштеп чыккан. Алардын ою боюнча ораторлук искусствого жогорку идеялуулук, партиялуулук, чынчылдык, ишмердүүлүк, коомдук маниге ээ болгон жеткиликтүүлүк, ачыктык таандык.

Кимде-ким ораторлук искусство менен лектордук мастерствонун чеберчилигиндеги “жашыруун” сырды ачууга аракеттенсе, ошол адам гана баштапкы улуу жазуучулар менен окумуштуулардын, саясий ишмерлердин чечендиктин көөнөрбөс мурасынын, көрсөтмөлөрүнүн канчалык даражада окуп үйрөнүүнүн зарылчылыгы бар экендигин сезе тургандыгын К.Маркс туура байкаган.

К.Маркс жана Ф.Энгельс тарабынан буржуазиялык кызыл тилдин өнөрпоздорун сынга алышы, алардын коомдук түшүнүктөгү милдеттерин чагылдыруучу ораторлук искусство бар экендигин белгилейт.

6.Революциянын улуу ораторлору.



В.И.Ленин жаңы типтеги илимий ишмер, окумуштуу, элдик трибун, жалындуу пропагандист эле эмес, эл массасын ээрчите алган уюштургуч болгон. Ал өтө таланттуу оратор болгон. Мындай табият тартуулаган улуу белектин айкын элеси, анын эл алдында сүйлөгөн сөзүнөн байкалган. В.И.Ленин жаңы типтеги илимий ишмер, окумуштуу, элдик трибун, жалындуу пропагандист эле эмес, эл массасын ээрчите алган уюштургуч болгон.

Лениндик ораторлук куралдын күчү – чындыкта. Ал элди фактынын, ачык жана терең партиялык ой-пикирдин негизинде ишендирген. Лениндик сөздүн жеңилбес күчү, корутунду тыянагы, анын партиялык ишке өтө шыктангандыгы, берилгендиги менен таң каларлык курч, чукугандай сөз тапкычтыгында. Анын көпчүлүккө арналган кайсы гана сүйлөөсүндө болбосун, ой-пикирин ырааттуулук менен далилдеген, сөзү турмуш жана партиялык иш менен тыгыз байланышкан.

Лениндик сүйлөөгө кулак каккандардын айтымында, ал чагылгандай жигердүү кайрат менен каалаган, көздөгөн максатын иш жүзүнө ашырууда угуучулардын көңүлүн буруп, сөз күчүнүн негизинде ойдун керектүү жыйынтыгын чыгара алган. Илимий коммунизмдин негиз салуучулары ораторлук искусствонун ар кандай чебер ыкмаларын колдоно алышкан. Алардын сүйлөөсүн ар башка тараптан караганда азыркы мезгилде деле алардын көпчүлүккө арнаган сөзүнө койгон талаптардын актуалдуу экендигин көрөбүз.

В.И.Ленин чечендик искусствону жогору баалаган. Улуу жол башчынын пропагандисттерге берген кеңештери, анын сүйлөгөн докладдары, лекциялары – ушунун баары бирдиктүү ораторлук-пролетардык, лекторлук чеберчиликтин туу чокусу.

Лекцияны бышыктоо үчүн берилүүчү суроолор:

1. Ораторлук искусствонун тарыхы кайсы мезгилдерден башталган?
2. Байыркы дүйнөнүн ораторлору кимдер жана алардын эмгектери?
3. Байыркы орустун ораторлору кимдер жана эмне себептен аларды оратор деп атайбыз?
4. В.И.Лениндин сүйлөгөн сөздөрү эмнеси менен айырмаланган

8- лекциялык сабак

Цицерондун ораторлук искусствосу

План:

1.Цицерон жана ораторлук искусство.
2.Кеп-адам баласынын жан дүйнөсүнүн күзгүсү.
3.Цицерондун трактаттары.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Апресян Г.З. Ораторское искусство.- Москва, 1978.
3. Головин Б. Основы культуры речи. Москв, 1987.
4. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.
5. Ножин Е. А. Основы советского ораторского искусства. - Москва 1976.
6. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

1.Цицерон жана ораторлук искусство.



Антикалык доордун көрүнүктүү классиги оратордук искусствонун кызылтилдүүсү жана теоретиги байыркы римдик оратор жана саясат тануучу Марк Туллий Цицерон болгон. Ал б.з.ч 106-43-жылдары жашаган. Римге жакын, Лирис суусунун боюнда, байыркы Италия шаарынын Арпина аттуу кичинекей шаарчасында малчынын үй-бүлөсүндө туулган. Ошол жерден эле Цицерон баштапкы билимин алып, балачагында эле грек тилин өздөштүрүп, эркин сүйлөй алган.

Цицерондун оюу боюнча оратордук чеберчиликтин негизин барынан мурда - предметти терең билүү болуп саналат; эгер кептин маңызы терең маанини камтыбаса, оратор тарабынан үйрөнүлгөн жана таанып билинген сөз менен баяндоо – бош, мааниси жок сүйлөшүүлөр болуп калат.

Цицерон Платон менен Аристотелди колдогон. Алар кеп ынындыруучу, ал угуучунун ойлору менен сезимдерине жооп берүүчү болуп, оратордун ажырагыс жетишкендиги болуп саналат деп эсептешкен. Бул талкуулоолордо оратордук кептин излдөөлөрүнүн психологиялык багыты жөнүндө айтылат: «Мисалы, кимге белгилүү, оратордун жогорку деңгээлдеги жетишкендиги, анын элдердин жүрөгүндө ачуулукту же жек көрүүнү жандандырып, анан ушул сезимдерден кайра боору ооругандыкка же аео сезимдерге

айлантарын? Бирок кызылтилдүүлүк менен мындайга жетишүү үчүн, адам баласынын жаратылышын, адам баласынын жан дүйнөсүн жана шылтоолорун терең изилдеп билген, анан аны жалындап күйгүзүүгө жана тынчтандырууга мажбур кыла алган адам гана жасай алат».

Оратор үчүн кандай шарттар маанилүү? Биринчиден, жаратылыш касиеттери, акылдын жана сезимдин жандуулугу, өнүгүү жана эске тутуу; экинчиден, оратордук искусствосун окуп үйрөнүү (теория); үчүнчүдөн, көнүгүү (практика). Чындыгында, бул белгилөөлөрдө жаңы эч нерсе деле жок, анткени бул жөнүндө Аристотель эле жазган. Бирок, баары бир Цицерон мурунку теорияларды синтездегенге аракет кылып, аларды кайрадан ойлонуп жана ушунун үстүнөн жаңы, бардыгын жалпылаган оратордук искусствосунун теориясын жасайт.

Цицерон белгилеп кеткендей, башка бардык илимдер ар бири өз өзүнчө бөлүнгөн, кызылтилдүүлүк болсо маани-маңыздуу сүйлөшүү чеберчилигинин өзү ырааттуу жана көркөмдүү, эч кандай аны чектеген белгилүү чөйрөнү, чекти өзүнө камтыбайт. Оратордук искусствону колуна алып, берилген адам, кишилер арасындагы тартышууда эмне кезигүүгө мүмкүн болсо бардыгы жөнүндө чечкиндүү айта билиши керек, антпесе оратор деген наамга татыктуу эмес.

Грецияда кабыл алынган салттар боюнча, Цицерон кептин үч түрүн белгилейт: форумдарда чыгуу, жарандык иштерде жана соттук тескөөлөрдө, сотто чыгуу, жана мактоо кеби. Бирок диологдун каарманы Антоний кызылтилдүүлүктүн түрлөрү боюнча айтып жатып, соттук жана саясий кызылтилдүүлүктү аз практикалык, башкача айтканда, аз колдонулган мактоо кызылтилдүүлүгү менен салыштыруу туура эмес экендигин белгилейт. Көрүнүп тургандай, кээ бир учурларда Цицерон дискуссиялык суроолорду коет, бирок аларга так жооп бербейт. Бул ойду бир каарман билгизе алат, калгандары аны менен макул боло алышат же болушпайт.

Цицерон кептин көркөмдүүлүгү анын жаңылыгында, татымында, назиктигинде, окуусунда, жакшылыгында, мыктылыгында, жалындуулугунда көрөт, жана «сөздөрдүн жана ойдун өңү» кепке «ажыратуу менен» дайындалышы керек. Ачык түстөр менен ашыкча түс берилген сөздү жогорулатуу, кеп угуучуларга узун ырахат алып келбейт, аларды тажатат, кыжырын келтирет. Ал өзүнүн жеке стилин

ойлоп тапты жана «кызылтилдүүлүктүн түстөрүн» эстүү колдонууну талап кылган. Ал оратордук искусствонун маңызына терең кирген, өзүнүн бай тажрыйбасынын негизине таянып оратордук теориясын жараткандыгын көрсөттү. Эң мыкты теоретик, Цицерон кызылтилдүүлүктүн практиктеринин жана теоретиктердин оратордук искусствого болгон көз карашын жалпылады жана критикалык түрдө жаңыдан ойлоп чыкты, тыкандык жолу менен анализделген ар кандай көз караштарды түзүп, өзүнүнториясын жаратты.

2.Кеп – адам баласынын жан дүйнөсүнүн күзгүсү.

Кызылтилдүүлүк – бул искусство, бирок искусстволордун эң татаалы. Кызылтилдүүлүк жана адеп-ахлак жөнүндө Цицерондун философиялык ой-толгоолору кызыктуу: « Чыныгы оратор адамдын жашоосунда эмне кезиксе, ошонун барын жасап көрүп, изилдеп, угуп, окуп, талкуулап, түшүнүшү керек, анткени анда оратор жаралып жатат, жана ал ага материал болуп кызмат кылат. Же кызылтилдүүлүк адамдын адеп-ахлактык күчүнүн эң жогорку касиеттеринин бири; бары бир баардык адеп-ахлактык касиеттеринин күчтөрү бир түрдүү жана бирдей баалуулукта, бирок кээ бир түрлөрү андан сулуулугу жана жаркырагандыгы менен ашып кетишет. Кызылтилдүүлүк да ушундай: предметтин билимине таянып алып, ал биздин акыл менен эркибизди ушунчалык күч менен баяндайт деги, анын жиберген басымы, угуучуларды каалаган жакка багыттай алат. Бирок бул күч канчалык маанилүү болгон сайын, ошончолук жоопкерчиликтүү, биз аны чынчылдык жана бийик акылмандуулук менен бириктиришибиз керек; эгер биз бул кадыр-барктары алынып салынган элдерге баяндоо каражаттарынын көптүгүн берсек, анда аларды оратор кылбай, а келесоолордун колуна курал карматып коймокпуз». Бул жерде Цицерон балким, биринчи жолу ушундай кенендикте оратордун образы жөнүндө сууроо коюп жатат. Сөз, кызылтилдүүлүк чеберчилиги сүйлөп жаткандын жекелик сапаттары менен байланыштуу, алар аркылуу акыл баяндалат, оратордун эрудициясы, анын билими, тажрыйбасы, анан дагы эрки, угуучуларга кеп аркылуу аракет кылынат. Кызылтилдүүлүк – бул адамдын адеп-ахлактык күчүнүн эң жогорку касиети. Айтылгандай Цицерондун оюу боюнча, канчалык адам адептүү болсо, ошончолук кызылтилдүүрөөк

болот. Бул учурда кызылтилдүүлүк – оратор элдер үчүн колдонгон жакшылык болуп эсептелинет. Оратордук кептин күчү, Цицерондун оюу боюнча, бийик акылмандуулук жана чынчылдык менен сөзсүз биригиши керек. Ушундай гана учурда кеп элдерге канаттандыруу алып келет. Эгерде сөздүн күчү менен чынчыл эмес адамдар колдононушса, анда келесоолордун колуна күчтүү курал туш келип, жамандыкка багытталышы мүмкүн. Сөзгө бакыбаттуулук жана тозок сыяктуу мамиле кылган философиялык жалгашуу, чынчыл жана чынчыл эмес адамдардын курал катары Цицерондун теориялык изденүүлөрүнө риторикалык искусствонун гуманитардык багыты жагынан кароого мүмкүндүк берет, анын жогорку милдети катары, жалпы гуманитардык идеаларды басып көрсөтүүгө болгон. Кокусунан эле Цицерон сөздүн күчүн акылмандуулук менен байланыштырбайт, бул илимди ойлонот жана айтат, бул сөздүн күчүн бекеринен байыркы адамдар акылмандуулук деп аташпаганын баса белгилейт. «Илгери, илим көрсөтүп тургандай, укук ишин дагы, кызылтилдүүлүктү дагы бирдей үйрөткөн; мугалимдер өзгөчө эмес, баягы эле устаттар адамдарга кантип жашаш керектигин, кантип сүйлөш керектигин үйрөтүшкөн» - дейт.

3.Цицерондун трактаттары.

Цицерондун үч трактаты римдик көрүнүктүү оратордун жеке практикалык тажрыйбасын жана антикалык риториканын бай тажрыйбасын көрсөтөт. Бул трактаттар – “Оратор жөнүндө”, “Брут, же белгилүү ораторлор жөнүндө”, “Оратор” – бүткүл европа маданиятына таасирин тийгизген антикалык гуманизмдин, антикалык сөз чеберчилик теориясынын калтырган эстелиги, мурасы. «Брут» жана «Оратор» деген б.э.ч. 46-жылы жазылган трактаттары, ал Брутка, өзүнүн көз карашын коргоп жатып антикалык агымдын жаңы өкүлчүлүгү катары маани берет. Бул дил баяндарынын максаты - «Оратор жөнүндө» диологунда жолдорун белгилеп кеткендей, ошол оратордук идеалдын мыктылыгын жана мыйзамдуулугун негиздөө. Ал бул багытта тарыхтык көз караш менен («Брут»), жана теоретикалык көз караш менен («Оратор») негиз салат. «Брут, же белгилүү ораторлор жөнүндө» диологунда Цицерон, ар биринин кыскача мүнөздөмөсү менен хронологиялык ырааттуулукта - эки жүздөн

көбүрөөк – бардык белгилүү ораторлорду санап чыгат. Цицерон үчүн римдик кызылтилдүүлүк – улуттук сыймыктарынын предмети, анан ал анын биринчи тарыхчысы болгондугу үчүн бактылуу. Бул эмгек – критикалык жана полемикалык, өзүнүн максаттарында оратордун мүнөздөмөсүн эле эмес, мурунку трактаттарда айтылып кеткен, негизги идеаларды коргоо жана өркүндөтүүгө ээ болот.

«Оратор» - Цицерондун риторикалык трилогиясынын бүтүрүүчү чыгармасы. Башында ал эң мыкты оратордун образын сүрөттөйт, бирок төмөндөгүдөй шылтоо кылат: «Оратордун эң мыкты образын түзүп жатып, мен аны ушунчалык кылып сүрөттөйм да, балким андай эч ким, эч качан болгон да эмес». Бул трактатта Цицерон бардыгынан көп сөздүү баяндоо жана ритм жөнүндө сүйлөйт, ал аргумент катары эллинистикалык окуунунун кызылтилдүүлүгүнүн үч стили жөнүндө: жогорку, ортоңку жана жөнөкөй деп келтирген. Жөнөкөй стиль ынандыруу үчүн, ортоңку – көрк кошууга, жогорку – тынчсыздандырып угуучуну кызыктыруу үчүн.

Лекцияны бышыктоо үчүн берилүүчү суроолор:

1. Цицерон ким болгон?
2. Анын кандай трактаттары бар жана алардын маани-маңызы кандай?
3. Кызылтилдүүлүк деп эмнени түшүнөсүңөр?
4. Цицерондун ораторлук искусство тууралуу ойлору кандай болгон?

9- лекциялык сабак

Оратор жана анын негизги сапаттары

План:

1. Оратор жана аудитория.
2. Ораторлук искусствонун композициясы
3. Негизги ораторлук сапаттар.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Апресян Г.З. Ораторское искусство.- Москва, 1978.
3. Головин Б. Основы культуры речи. Москв, 1987.
4. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.
5. Ножин Е. А. Основы советского ораторского искусства. - Москва 1976.
6. Мусаева В. Сүйлөшүү маданияты аркылуу чечендик кепке үйрөтүүнүн методикасы. Бишкек, 2012.
7. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

1. Оратор жана аудитория.

Эл алдына чыгып сөз кезегин ала турган оратор же лектор, алгачкы сөзүн угуучу аудиториянын чечкиндүү пикир айтууга жарактуулугун, билимин, жашын, жынысын, тигил же бул проблема боюнча компоненттүүлүгүн, аларды кызыктыруучу мотивди чагылдыруунун ыкмасын, өзгөчөлүктөрүн аныктап алышы керек. Мындай эки бирдиктин өз ара тыгыз байланышы оратордун аң-сезиминде күн мурун орун алып, айта турган ой-пикирин кыска жана так баяндап, тилдик каражаттарды ыктуу тандап, сүйлөөчү композициясын эле эмес, башталышы менен аяктоонун ар башка компоненттерин да, угуучулардын реакциясына байланыштыра билиши керек. Ошентип, оратор менен аудиториянын байланышы төмөндөгүдөй тартипте болот:



Сөз чебери кайсы жерде, кимдерге, кандай шартта сүйлөп жаткандыгына ылайык баяндоолор берилет. Ал эми аудиториянын

кабыл алышы, ар кандай реакциясы, кайра кайткан байланыш-катнаш, сөз чеберинин аларга жасаган мамилесинен, туура түшүнө билишинен байкалат.

Информациялык ар кандай баяндоо ар башка болот. Баяндоонун биринчи түрү түздөн-түз эмес, ар кандай техникалык каражаттардын жардамы аркасында линиялык жактан ички байланыштын негизинде угуучуларды тикеден-тике көрбөстөн, байланышпастан, алардын суроо-талабын ошол шартта канааттандыра албаган, кайра кайтуучу байланышка негизделбеген түрү. Мындай баяндоолордо угуучулар сүйлөөчүнүн өңү-түсүн көрүп, сөзүн угуп анан канагаттанат.

Ал эми баяндоонун экинчи түрү болсо, линиялык эмес, б.а., көзмө-көз, сөзмө-сөз, бет маңдай отуруп, элди сөзү, сүйлөөсү, мимикасы менен ишендирген, залдагы мүнөзүнө, ар түрдүү реакциясына кунт коюп, суроолоруна учурунда жооп берүүгө жетише алган түрүнө жатат.

Байыртадан тартып калыптанган ораторлук сүйлөөнүн алгачкы илимий модели Аристотель тарабынан түзүлүп, “Риторика” деген эмгегинде адамдардын өз ара карым-катышын, сүйлөө менен байланышын үч элементтин негизинде чечмелейт. Ал үч илик:

1. сүйлөп жаткан адамдан;
2. баяндалып жаткан сүйлөөдөн;
3. ошол сүйлөөнү уккан угуучулардан турат.

Сүйлөп жаткан адам менен аудиториянын ортосундагы тыгыз контакттын болушу менен оратордун негизги сапаттары ачылып, ал эми анын аудиторияга эмоционалдуу-экспрессивдүү таасир этиши болсо, оозеки сүйлөөнүн артыкчылыгынын өзгөчөлүгүнүн бирден-бир фактору. “Чогулуштарда, публикада сүйлөө менен элге таасир этүү саясатта көптү чечет, буларсыз саясий ишмердүүлүк жок” – деген В.И.Ленин.

Оозеки сүйлөөнүн таасир этүү күчү, анын эмоционалдык чыңалуусунда, б.а., басма сөз бере албаган сезимдин жана ойдун кичинекей бөлүктөрүн берүү жөндөмдүүлүгүндө. Оозеки пикир алышуу процессине байланышуучу негизги канал, көркөм каражат – үн, т.а., оратордун аудиторияга таасир этүүчү негизги коду, интонациясы.

Оратор ар кандай публика алдында чыгып сүйлөөдөн мурун, ага дыкаттык менен даярдануусу зарыл.

Чечендик чеберчиликти изилдеген адистер оратордук сүйлөөнүн үч түрүн өзгөчө бөлүп көрсөтүшөт. Алар: өзгөчө тунук акыл, сергек сезим менен токтоолук жана эмоционалдуулукка жык толгон темпераменттүүлүк талап кылынса, үчүнчүсү болсо, биринчи жана экинчи түрүнүн куюлушунан тарамдалып келип чыгуучу синтетикалык ортосаар түрлөрү болуп эсептелет.

Көрксүз, олдоксон, одоно сүйлөө угуучулардын сезимин ойгото албайт, анын таасир этүү күчү супсак, жармач, жагымсыз болот. Тескерисинче, сүйлөө чын дилден, ак ниеттен чыкса, угуучуларга өз максатын, идеясын ишке ашырыш үчүн жалындуу чакырык менен кайрылып, “оратор сөз болуп жаткан чындыкка толкундатып турбаса, трибунада элдин ой-пикирин таппаса, анда ал массаны өзү менен ээрчите албайт”. Ошондуктан ораторлук искусствонун композициясы так иштелип чыгышы талапка ылайык келет.

2. Ораторлук искусствонун композициясы – бул аудиториянын социалдык-составдык, саясий көз карашы, анын өзгөчөлүгү, чыгып сүйлөөнүн шартына жана максатына ылайык теманын логикалык жактан өнүктүрүлүшү. Эгер газеталык макаланын композициясын, окуучуларга жеңил түшүнгөндөй кылып, топографиялык картага окшоштурсак, ал эми чыгып сүйлөөнүн композициясын угуучуну бардык булуң-буйткалардан өткөрүп, максатка жеткирүүчү маршрутка окшоштурууга болот.

Ораторлук сүйлөөдө киришүү бөлүмү бир кыйла көтөрүңкү болот. Оратор элди каратып, алгач аудиторияны өзүнө тартып, лекциянын мазмуну менен иштин жагдайын түшүндүрүүдө киришүү бөлүмү өтө зор психологиялык жүктү алып жүрөт. Анткени, көркөм сөз өнөрүнүн адиси аудиториянын көңүлүн бура алган жакшы киришүү сөз угуучулар тарабынан мыкты кабыл алынып, алардын эмоционалдык активдүүлүгүн, көңүл буруусун жогорулатат. Эң негизги көңүл бурдуруунун каражаты – аудиторияга кайрылуу. “Урматтуу Жолдоштор!”, “Кымбаттуу Мекендештер!” деген сыяктуу традициялуу кайрылуу дайыма салтанаттуу, көтөрүңкү, шыктандыруучу абалда болот.

Негизги оратордук сүйлөөнүн стилистикалык белгиси, сүйлөшүүдөгү фразалардын жазуу речинин грамматикалык нормаларынан четтеп, сүйлөшүү лексикасын жана фразеологиялык айкаштарды, макал, ылакаптарды колдоно билүү ыкмасы менен угуучулардын көңүлүн буруу максатында, ар кандай сүйлөөдө көркөм каражаттарды пайдалануунун амал-айлаларын айтсак жетиштүү болот.

3. Негизги ораторлук сапаттар.

- Кайсы гана лекторубуз, пропагандисттерибиз болбосун эгемендүү элибиздин идеяларын активдүү түрдө ишке ашырууда КРнын өкмөтүнүн ички жана тышкы саясаттарынын тууралыгын аны турмушка ашыруунун ыкмаларын, массага жеткилең, так түшүндүрүүнү көздөйт. Алар элибиздин идеологиялык, практикалык ишмердигин философиялык, социологиялык жашоо-турмуштун чындыгы менен куралданып, кыргыздардын акылмандыгын, даанышмандыгын, келечеги кең экендигин өзгөчө күчтүү сезим, зор жоопкерчилик менен элдин калың катмарына терең түшүндүрүү менен ораторлук искусствонун чебер ыкмаларын өздөштүрүүсү зарыл.
- Оратордуктун обьективдүү түрдө жетишкен ийгилиги анын өз предметин, алган темасын, терең өздөштүрө билишинде. Ал өзүнүн сүйлөөсүндө уккан аудиторияны терең ынандырып, тандап алган темасын эң мыкты өздөштүрүп, сөзүнүн акырына жете ишенимдүү болуш керек.
- Лектордук мастерствонун чеберлеринин, ораторлордун дагы бир мыкты сапаты эң жогорку **эрудиция** менен байланыштуу. Кыскасы, оратор аудиторияга тек гана таасир эте билген, аларды ишендирген, жедеп дасыккан адис докладчы эле болбостон, ар түрдүү илимий тармактар боюнча өтө терең билим деңгээли бар, аны угуучу жоро-жолдоштору эле эмес, каршылаштары үчүн да маалыматтары так, толук, даанышман сүйлөөсү, тунук акыл талап кылынат.
- Ораторлордун жалпы билим деңгээли, маалыматтуулугу да өзгөчө сапатка ээ. Сөз чеберлеринин билими, илимий чөйрөсү кенен болуп, публикалык ар түрдүү сүйлөөгө мыкты даярдык менен

чыгып, көпчүлүктүн эмнеге муктаж экендигин алдын ала сезип, терең анализден өткөрүп, көңүлүн көтөрүп, аларды артынан ээрчите алышы ораторлук искусствону мыкты өздөштүрө алган адистерге таандык.

- Импровизация (төкмөлүк) ораторлук искусствонун эң жогорку формасы. Өзүнүн көздөгөн максатын эл астында ишке ашырууга аракеттенген кайсы гана оратор болбосун, сүйлөгөн сөзүнүн ырааттуу ишке ашышын эсепке алат. Ошондуктан, сөз кезегин алган оратор угуучулардын капыстан берген суроолоруна күн мурунтан даярданбастан, өз учурунда ошол шартка шайкеш келгендей импровизациялык ыкта, чукугандай жооп таап, элдин эркин өзүнө тарып, бир эле мезгилде теманын мазмунуна шайкеш форма түзө билип, күйүп-жанган энергиянын, темпераменттин, эмоционалдуу-экспрессивдүүлүктүн негизинде сергек сезим, тунук акыл менен жамакташтырып сүйлөгөн төкмөлүк чечендин өзгөчө сапатына жатат.

Луначарскийдин укмуштуудай импровизациялык чеберчилигине таң калган жердештери “Анатолий Васильевич, философиялык-эстетикалык темага арналган ушунчалык татаал докладды бир да такалбастан, даярдыксыз туруп жасоого кантип жетиштиңиз?” – дегенде - “Мен бул докладка өмүр бою даярдангам” – дептир. Анын сыңары, төкмөлүккө ээ болуш үчүн көп жылдык эмгек, тунук акыл, сергек сезим керек.

Демек, ораторлор топ элдин калың катмарында жашап, алардын көңүлүн, табитин таап, массаны туура түшүнүп, талабын канагаттандырууга багыт алып, зор ишенимине жетишүүсү керек.

Лекцияны бышыктоо үчүн берилүүчү суроолор:

1. Оратор менен аудиториянын байланышы кандай болот?
2. Сүйлөө менен байланыштын кандай элементтери бар?
3. Элдин көңүлүн кантип буруу керек?
4. Ораторлук сүйлөөнүн композициясы кандай болуш керек?
5. Оратордун негизги сапаттары кайсы?

10 - лекциялык сабак

Риторика жана публикалык сүйлөө

План:

1. Риторика термини жөнүндө жалпы түшүнүк.
2. Неориторика тууралуу.
3. Публика жана трибун.
4. Агитациялык пропаганда жана лектордук сүйлөө.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Головин Б. Основы культуры речи. Москв, 1987.
3. Залепо В.М. Деловая риторика. Бишкек, 2001.
4. Зарецкая Н.Е. Риторика. Теория и практика речевой коммуникации. М., 1998.
5. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.
6. Интернет булактары.

1. Риторика термини жөнүндө жалпы түшүнүк.

Риторика деген термин (грек. ritor) алгачкы маанисинде – ораторлук искусствонун теориясы. Бирок кийинчерээк чечендиктин формуласынын жыйындысынын эрежеси катары каралбай, турмуш-тиричиликте сүйлөөнүн ар кандай, ар башка ыкта колдонулгандыгына байланыштуу «риторика» деп көөдөнүн көтөрүп, пейил күтүп, ооз көптүрүп, бой керип сүйлөө менен элдин көңүлүн өзүнө бурууга аракеттенген күчтүү сезимде айтылган, анчейин маанисиз сөздөр менен камтылган сүйлөөнү атаган.

Азыркы филологияда риторикалык көркөм сүйлөөнүн теориясын окуп үйрөнүүдө өзгөчө эффективдүү ыкманы түзүүнүн бирдиги.

Жогорудагы биз сөз кылган сүйлөөнүн риторикасына, айтылышына, колдонулушуна, чөйрөсүнө ылайык төмөндөгүдөй бөлүштүрүлүп жүрөт:

- риторикалык стиль;
- риторикалык шаблон;
- риторикалык штамп;
- риторикалык суроо;
- риторикалык орун тартипте жайгашуу;
- риторикалык фигура.

Байыркы мезгилдерде “*риторика*” деген термин менен “*ритор*”, башкача айтканда, сөз чеберлеринин, чечендердин мугалими десек адистикке тиешеси бар термин чыга келет.

Ритор – (гр.) биздин эрага чейинки V кылымдардан тартып кызыл тилди өнөр кылган сөз чеберлери менен чечендердин мугалими

деген мааниде экендигине карабастан, кийинки жылдары оратор деген сөз латын тилинен кирген “Очача”, алдын ала билип сүйлөө, баяндоо деген этиш сөздүн маанисинде колдонулуп калган. Натыйжада, оратор – көпчүлүктүн алдында сүйлөөчү сөз чеберчилигине ээ болгон сөзгө уста адам, ал чоң жыйналыштарда, жыйындарда сөз кезегин алган чечен, сөз өнөрүнүн адиси дегенди түшүндүрөт.

Римдик коомдун экономикалык жана духовный жактан эле эмес, ораторлук искусство өнөрүнүн да баштаган мезгилин таланттуу ритор Квинтилиони мыкты эмгектеринде аныктагандыгын баамдоого болот. Эң зор, албан ритор Марк Фабий Квинтилиони (б.з.ч. 30-96-жж.) Цицерондун принциптерин негиз катары алып, публикалык сүйлөөнүн теориясын андан ары өнүктүргөн. Ораторлордун искусстволук чеберчилиги жөнүндө анын Тациттин, Сенеканын, Апулейдин айткан пикирлерин жыйынтыктоосу кызыкчылыкты туудурат.

Квинтилиони 12 китептен турган “Риторикалык жоболордун”, насааттардын жыйнагын жазган. Чындыгында бул эмгек ораторлук искусствонун классикалык мезгилинде жыйынтыкталган риторикалык энциклопедиянын жыйнагы болчу.

3. Неориторика тууралуу.

Неориторика – классикалык риториканын түздөн-түз жолун улантуучу багыт болуп эсептелет. Албетте, мазмунунда жаңы, аны жеткирүүдө айрым айырмачылыктар болушу мүмкүн. Классикалык жана жаңы риториканын койгон максатына жетүүдөгү окшоштуктары: Аристотелдин чечендик чеберчилигин максаты – угуучулардын чечендин чындыгына ишендирүүгө мүмкүндүгүнүн болушунча далилдүү таасир берүү, ынандыруу болуп эсептелет. Ал эми бүгүнкү күндөгү неориториканын максаты мамиле кылуунун, таасир берүүнүн, ынандыруунун мыкты жолдорун издөө болуп саналат.

Неориторика салттык риторика сыяктуу эле төмөндөгүдөй этаптарды бөлүп карайт:

- сүйлөнө турган темага алдын ала даярдануу, маалымат чогултуу, теманы терең билүү;
- сүйлөнө турган сөздөрдүн айтылышын пландоо;
- текстти түзүлүшүн дыкаттык менен түзүү.

Аудиториянын деңгээлине жараша сүйлөө сөздөрүн түзүү, алар менен байланыш түзүүнүн жолдорун издөө, угуучулардын кызыкчылыктарын изилдөөгө алуу, чечендик чеберчиликти өнүктүрүү, даярдалган текстерге дароо түзөтүүлөрдү киргизе билүү, өзүнүн сүйлөгөн сөздөрүнө талдоо жүргүзүү жана баа берүү сыяктуу көрсөтмөлөр менен бирге жаңыча өнүгө баштаган.

3.Публика жана трибун.

Публика – лекция, докладдарды угуучулар, коомдук жайларга катышкан көпчүлүк эл. Публикалык же ораторлук сүйлөө көптөгөн угуучу элдерге арналган, жымсалданган өзгөчө сапатта баяндоону талап кылган, б.а., белгилүү даражада анчейин катуу айтылбаган, өзгөчө синтаксистик түзүлүштөгү, суперсегменттик каражаттар кенен колдонулган сүйлөө болуп эсептелет. Биздин доорубузда, оозеки көркөм айтуучулар тарабынан жандуу, элестүү, уккулуктуу баяндалып, эл алдында социалисттик түзүлүштүн ири ийгиликтерин бетме-бет, көзмө-көз чечмелеген, аны көпчүлүк массага даңазалай алган трибундардын да өз орду сакталуу.

Трибун – латын тилинен которулган, биринчиден, Байыркы Римде айрым кызмат ордун ээлегендердин атын түшүндүргөн, экинчиден, коомдук ишмер, атагы чыккан ораторлор жана публицист деген маанини түшүндүрөт.

Публикалык сүйлөөнүн өзгөчө орду бар. Көбүнчө оратор менен угуучунун бетме-бет байланышында, алардын тикеден-тике болгон жандуу карым-катышында угуучуларды ишендирип, ынандыруучу сапатка ээ болот. Ошондуктан, аралыктан берүүчү массалык информациялык каражаттарына караганда, публикалык сүйлөөнүн так адреси бар, алар көпчүлүк менен карым-катышта болот. Трибундар угуучулардын социалдык өзгөчөлүктөрүн алдын-ала сезип, сүйлөп жатканда алардын жандуу кыймылына, толкунданууусуна карата сүйлөөсүнө ар кандай оңдоолорду, толуктоолорду киргизе алышат.

Публикалык сүйлөөдө коюлуучу талаптар:

- ❖ окулуучу же баяндалуучу теманы жакшы өздөштүрүп алуу;
- ❖ теманы терең, жана ар тараптан изилдеп алуу;
- ❖ темага болгон кызыгуу;

- аудиторияны ишендире алуу;
- алдыда сүйлөй турган сөзүн унутпай эстеп туруу;
- публикалык сүйлөөгө чыкканда сырткы келбет сүйлөгөн сөзгө дал келиши ж.б.

Ошондой эле, публикалык сүйлөөдө докладды окуп берүү дагы чоң маниге ээ. Оратор докладды окууда интонация, басым, тынымдарга көңүл буруусу зарыл. Аудиторияда суроо берүүгө даярданып жаткан адамды көрсө, ага көңүл буруп, сөз берүү мыкты ораторлук сапаттарга кирет.

Публикалык сүйлөөнү азыркы мезгилдин илимпоздору теориялык жана прикладдык окуу дисциплинасы катары аныктап, айрым окумуштуулар, аны искусствонун өзүнчө, өзгөчө түрү сымал изилдөөдө. Ошого карабастан, публикалык сүйлөөнүн таасир этүүчү күчү, чебер адистин аудитория менен байланышы оратордун сапаты байыркы антикалык коомдон тартып үйрөнүлүп келатса да, ушу тапка жете айрым маселелери тактоону, толуктоону талап кылууда.

Ал эми азыркы кыргыз тилиндеги публикалык сүйлөөнүн түрлөрү, жанрдык өзгөчөлүктөрү, аткарган кызматы, теориялык жана практикалык айрым маселелери атайын колго алына элек темалардын биринен десек аша чапкандык болбос. Мына ушул жагдайдан алып караганда, бул ишти так, таасын толугу менен иштеп чыгыш өтө татаал жана жооптуу. Ар бир теориялык жагдайдагы татаал маселелерге ылайык кенен пикир айтып толук анализдөө келечектеги изилдөөчүлөргө таандык деген ойдобуз.

Публикалык сүйлөөнү изилдөөнүн зарылдыгы, актуалдуулугу азыркы мезгилдеги ораторлору, көркөм сөз чеберлери, кандай гана теманы албасын – азыркы учурдагы же тарыхый же ички теманы албасын, кандай гана жанрда иштелбесин, анын эмгегинин коомдук баасы эң оболу өзү ээлеп турган жана бекемдеген активдүү идеялык-саясий көз караштын позициясы менен аныкталат. Ошондуктан кайсы гана сөз кезегин алган публицист болбосун, чечендиктин чебер ыкмаларын, бай тажрыйбаларын мыкты өздөштүрүү менен биздин идеялык душмандарыбызды толук ишендире албаса да, жалган ушакчылардын дезинформациясынын жаагын жап кылып, ой-пикирин жаандай агызып салууга даяр болуусу керек. Мына ушул жагдайдан алып караганда, оратор-публицисттерибиздин милдети –

“биздин көз караштарыбызды коргоп калуу жана түшүндүрө билүү менен биздин түзүлүштүн арамза сынчыларын ашкерелеп, чындыкты угуучуларга жеткирүү”.

Ошентип, өнүккөн доорубузда сүйлөөнүн ораторлук чечендик чеберчилигинин жаңы формаларынын теориялык жана практикалык маселелерин пайдаланып, көп улуттуу элибиздин көркөм сүйлөөсүнүн берген бай тажрыйбаларын кеңири колдоно билип элибиздин албан-албан ийгиликтерин, талыкпаган эмгектерин даңазалай алган сүйлөөнүн жаңы ыкмаларын өнүктүрүү – замандын зарыл талабы.

4.Агитациялык пропаганда жана лектордук сүйлөө.

Азыркы мезгилдеги иделогиялык күрөштө, пропаганда менен агитация чечүүчү роль ойнойт. Анткени “массага партиянын оюн жеткирип, анын саясатын түшүндүрүп жаткандар коммунисттер жана партияда жок адамдар. Булар – лекторлор жана пропагандисттер, агитаторлор жана докладчылар”.

Биздин азыркы эгемендүү коомдо, эл массасын тарбиялоонун жана аларды илим менен техниканын жетишкендиктери менен тааныштырууга, негизги лингвистикалык-коммуникативдик тилдик каражаттардын бири лекция болуп саналат. **Лекция** деп – белгилүү бир темада мурдатан даярдалган, аудитория алдында окулуучу материалды түшүнөбүз.

Лекция эки түрдө болот:

1. Окуп үйрөнүү үчүн колдонулуучу академиялык лекция;
2. Публикалык лекция.

Академиялык лекциялар атайын окуу жайларында, тандалган темасына, факты-материалдарына жараша түшүндүрүү, үйрөтүү ыкмасына ылайык окутулат. Ал эми публикалык лекция марксизм-ленинизм негиздерин, өкмөттүн идеологиялык саясатын, ар кандай табигый жана техникалык илимий жетишкендиктерди, жаңылыктарды эл алдында үгүттөөнүн бир формасы.

Пропаганда (лат. propagandae - распространять) – ар кандай илимий окууну, билимди, массалык коммуникативдик информациялык каражаттардын негизинде терең түшүндүрүп, элге жайылтып, көпчүлүккө саясий мүнөздөгү идеяларды, ой-пикирлерди кенен таратып, угуучуларга таасир этүү. Лектор – лекция окуган адам.

Чындыгында публицистикалык сүйлөөдөгү лекциялык пропаганда, келечектин мыкты адамдарын тарбиялоодо партиялык жетекчилердин иштиктүү куралы болуп келген. Мындагы үгүттүн максаты – адамдардын эркин пикир алышына ылайык, элибиздин келечекке карата болгон ой-пикирин, өкмөттүн саясий көз карашын туура кабыл алышын камсыз кылуу менен өндүрүштүн эффективдүүлүгүн арттырууда жана иштин сапатын жакшыртууда коомдун өкүлдөрүнүн жеке инсан катары калыптануусуна жетишүү.

Айрыкча өкмөттүн саясатын жеткилең түшүндүрүп, ага элди ишендирип, угуучулардын эмгегин мобилизациялоодо партиялык пропаганданын, лектордун ролу алда канча жогорулоодо.

Публикалык сүйлөөдө көбүнчө сөз чеберлери, чечендер негизги орунду ээлейт. Демек, лекциялык пропаганда да сөз чеберчилиги, чечендик, көркөм сөз керемети катары колдонулат.

Лекциялык чечендик бирден-бир ийкемдүү, кескин өнүгүүгө бет алган ораторлук искусствонун массалык жанрдык түрү. Лекциялык чечендиктин негизги түрлөрү:

- ❖ илимий-теориялык, илимий-популярдык, илимий-методикалык лекция;
- ❖ кинолекция, лекция-концерт, лекция-экскурсия;
- ❖ лекция информация, репортаж, аңгеме, эскерме, инструктаж, көргөзмө;
- ❖ циклдик лекция, бир жолу угулуучу лекция.

Лектор менен агитаторлор жана пропагандисттер өздөрүнүн көргөн-билгендерин, идеясын, андагы чындыктарды көпчүлүк массага жеткире берип, аларды ишендире алыш үчүн советтик ораторлорго кандай мүнөздүү өзгөчөлүктөр, негизги сапаттар талап кылынат эле деген суроого биз – ораторлук искусствонун адистери, ар түрдүү адам ишмердигинин жалпы мүнөзү, турпаты менен ишке ашат – деп айтсак туура болор.

Ар кандай публикалык лекцияны окуучу адам, негизинен, угуучуларды өзү сүйлөгөн чындыкка ишендире ала турган, түрдүү чебер ыкманы пайдалануу аркылуу агитациялык-пропагандалык үгүттү уюштуруучу чечен-оратор болуп эсептелет. Ошондуктан – лектордук сүйлөөнүн публикага таасир этүүчү өзгөчөлүктөрүн, ар кылдуулугун, анын ораторлук чеберчиликке байланышын байкоого болот.

Чындыгында, лектордун сүйлөөсү жандуу, элестүү, көркөм, так, таасирдүү болбосо, анда анын пикири ар кандай эмоционалдуу кооздукка, экспрессивдүүлүккө ээ боло алмак эмес. Лекция өткөрүү үчүн берилген имаратта угуп отурган аудитория тандалган темага байланыштуу, токтоо, сүрдүү, ирониялуу, жөнөкөй болушу да мүмкүн. Ал эч убакта угуучуларга жагымсыз, сезимсиз, муздак, сүрдүү болбошу керек, тескерисинче, лектор күлүп-жайнаган жоокер сыяктанса, анын сөзү кылычтан курч өткүр курал болушу керек.

В.И.Ленин: "Без гнева писать о вредном – это значить скучно писать" – деген. Ораторлук искусствонун тарыхында айтылгандай, күчтүү сезимдер гана, күчтүү сөздөрдү жарата алат. Ошентип, лектордук сүйлөө – бул оозеки адабий тил менен жөнөкөй элдик тилде сүйлөөнү органикалык түрдө байланыштырып, угуучулардын көңүлүн өзү каалаган багытка бура алган көркөм сөздүн бирдиги.

Лектордук сүйлөө таза, жаңы, шаблондуу эмес, илимий образдуулуктун, эмоционалдуулуктун жардамы менен популярдуулукка айланган сүйлөө болушу керек.

Лекцияны бышыктоо үчүн берилүүчү суроолор:

1."Риторика" деген терминдин түшүнүгү?
2. Публикалык сүйлөө кандай түрдө болот?
3. Публикалык сүйлөөнүн талаптары кандай?
4. Пропаганда деген эмне?
5. Лекциянын кандай түрлөрү бар?

11 - лекциялык сабак

Чечендик чеберчилик жана анын классификациясы

План:

1. Чечендик өнөр.
2. Чечендик өнөрдүн бөлүнүшү.
3. Чечендерди классификациялоо.
4. Элдик чечендерге тиешелүү сапаттар.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Кадыров Ы. Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар. Бишкек, 2011.
3. Капалбаев О. Кыргыз элинин чечендик өнөрү. Бишкек, 2015.
4. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.
5. Мусаева В. Сүйлөшүү маданияты аркылуу чечендик кепке үйрөтүүнүн методикасы. Бишкек, 2012.
6. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.
7. Обозканов А. Чечендиктин айтыш өнөрүнөн алган орду. И.Арабаев атындагы КМУнун доценти, ф.и.к., илимий макала.

Сөздүн маңызына түшүнүп, нугун билбесе,
акыл чечени кайдан чыгат.
Сөзгө жараша сөз айтып, адамды таң калтырбаса,
тил чечени кайдан чыгат
(Токторбай чечен)

1.Чечендик өнөр.

Чечендик өнөр – адамдын туубаса таланттуулугуна түздөн-түз байланыштуу келип, ар кыл чөйрөдө, ар кандай жагдайда өзүнүн логикасын, өз күчүн, тынымсыз көнүгүүсүнүн, изденүүсүнүн аркасында жүрө-жүрө калыптанат. “Сүйлөй-сүйлөй - чечен болот” деп бекеринен айтылбаса керек. Окумуштуу, тилчи, профессор Ж.Мукамбаев: “Эл, чечен – деп, сүйлөгөн кезде илхамы келе түшкөн, эч кандай кагаз-карындашсыз шар сүйлөгөн, токтоосуз жооп тапкан, импровизаторлук менен куюлуштурган, үнү да, кеби да коңур келген, сөздөрү уккулуктуу, мазмундуу чыккан адамды айтышат” – деп жазат. Чечендер сөздү тез тапкандыгы, таамай айтууга чебердиги, кырдаалды тез түшүнгөндүгү, сезгичтиги менен башкалардан айырмаланат.

Чечендик өнөр коомдук маанидеги чоң искусство катарында Египетте, Вавилиондо, Индияда, Кытайда байыртадан эле эсептелип келген. Чечендик өнөрдүн алды Грецияда, Афинада өрүш алган.

Акылга канык, сөзгө чебер адамдар мамлекеттик ири иштерге катышып, чоң урмат-сыйга арзышкан. Бул өнөр эң бийик хандык искусство катарында эсептелген. Биздин эрага чейин Греция чечендик өнөрдүн мекени экендиги, анын кандай ыкмалары, түрлөрү боло тургандыгы аныкталган. Ал үч өзгөчөлүктөн, б.а., багыттаган оюн козгоодон, анын маанисин чечмелөөдөн жана ой корутундусун элге далилдүү жеткире билүүдөн туруусу тийиш делген. Ири өкүлдөрү Динарх, Гиперид, Георгий, Сократ, Эсхил, Сократ жана айрыкча Демосфен болгон. Булар риториканын ыкмаларынын инегизинде чечмелөө, далилдөө сыяктуу логиканын мыйзамдарын жакшы пайдаланып, оозеки сүйлөөгө устат болушкан. Тил чеберлеринин ири ийгиликтерге жетиши сөздөрүн фактылар менен далилдеп сүйлөшү, талуу жерден сын кое билген тапкычтыгы менен айырмаланышкан. Платон чечендикти акылмандык менен карап, “элдик туура чечимдин, билимдин жана калыстыктын башаты – риторикада жатат” деген.

Демек, чечен болчу адамда ири тубаса талант болушу зарыл. Муну менен катар ал акылдуу, зирек, көрөгөч, сезим-туюму эркин, эске тутуусу күчтүү болушу керек. Ушундай адам гана өзүн кай жерде кандай алып жүрүүнүн, сөз жүйөсүн таап, кеп түйүндөрүн эркин чечмелеп, табышмак, ой катып, сын бере, так катыра таамай сүйлөөнүн сырларын мыкты ажыратып биле алышат. Мындай адамдар жаштайынан тирикарак, абдан сезимтал чыгышып, ошол элдин тарыхын, фольклорун терең чечмелей билишкен. Легендарлуу Жээренче чеченден тарта бизге жакшы тааныш кийинки мезгилдеги чечендердин өмүрү, өнөр жолу буга далил. “Чечендерди адамдар аңыз кылып, эл пир туткан” – деп жазат С.Закиров. Ошондуктан, чечендердин жумурай журт таба албаган оор табышмактарды жандырып, каардуу хандын өлүмүнөн элин куткарып, “караңгыдан – көз, капилеттен – сөз тапкан” кездери арбын. Тили менен адам сүйгүнчүктүү болгон, жаман да көрүнгөн. Дүнүйөдө ачуу да, татуу да – тил. Досту да, касты да тил менен табат.

Ошентип, ырчылык, комузчулук сыяктуу чечендик өнөр муундан-муунга, атадан балага өз жөрөлгөлөрү менен оозеки түрдө өтүп сакталган. “Талант жугушат, өнөр оошот” деген сыңары эл шайырлары менен бирге жүргөндүктөн, чечендерде ырчылык,

куудулдук, сынчылык өңдүү сапаттар жуурулуша колдонулган. Куудул, ырчылырда да чечендик сапаттар болгон.

Чечендерде ойлоо сезими акыл таразасынын жогорку чегине көтөрүлгөн деп айтууга болот. Анткени, адам кыялына келип, көзү көрүп, кулагы угуп, аңдаган, жашоо-тиричиликте кездешкен көптөгөн түйүндүү маселелердин туура жообу – акылман, сөзгө чебер кишилер тарабынан табылган. Алардын турмуштагы, коомдогу алган орду, өтөгөн кызматы бөтөнчө зор болгон. Чечендердин мынчалык улуулугунун сыры – тубаса жаралгандыгына байланыштуу. Ошол себептүү Цицерон: “Чечен болуп туулуу керек” – деп айтып кеткен.

2.Чечендик өнөрдүн бөлүнүшү.

Белгилүү маалыматтарга таянуу менен кыргыздын чечендик өнөрүн үч этапка бөлүп кароого болот:

1. Манастын доорундагы Ажыбай, Байжигит ж.б. чечендер жашаган доор (IX-X к.);
2. Жээренче чечен, Алдар Көсөө, Акыл Карачач жашап өткөн, Жаныбек хандык кылган учур (XIV-XV к.);
3. XVIII-XX кылымдын башына чейинки Тилекмат, Сарт аке, Мойт аке, Сады раке, Көкөтөй, Куйручук ж.б. чечендер жашап өткөн мезгил.

Социалдык коомдун ошол турмушундагы чечендер көбүнчө ак менен караны, бар менен жокту, чындык менен калпты, бийик менен пастыкты ажырата тааныган карапайым, таза чөйрөдөн чыккан акылдуу адамдар боло турган. Чечендер хандан да, бектен да кайра тартпай туура сөздү туусундай көргөн, «баш кесмек бар, тил кесмек жок» деп, эч кимден тартынбаган, табияттын, адамдардын сырларын туура чечмелей билген акылдуулугу, тапкычтыгы, көрөгөч көсөмдүгү аркылуу жеткен.

3.Чечендерди классификациялоо.

Изилдөөчүлөрдүн ой-пикирине таянып, чечендерди төмөнкүдөй классификациялап келишкен:

1. Акыл чечен. Булардын акылы артык, тили да жатык боло турган. Тилди чөйрөгө карата колдоно билүү чечендиктин негизги белгиси. Тилдин байлыгынан пайдаланып көркөм сөз өнөрүн өнүктүрүп, сүйлөөнүн маданиятын баамдап, кеп адебин сактаган.

Чечендикте акыл олуттуу маниге ээ экендиги элдик дипломатиядан байкалган. Алар капилеттен сөз тапкан, караңгыдан көз тапкан тили жатык, сөзгө бай, логикасы күчтүү, акылман чечендер гана эл ишеничин актаган адамдар болгон. Кылыч менен ала албаганды акыл менен алган чечендер: Ажыбай, Байжигит, акылман Акыл Карачач, Тилекмат, Сарт аке жана башкаларды кошууга болот.

2. Көрөгөч чечен. Буларга коомдо, турмушта болуучу чындыкты алдын ала көрө билүүчүлүк, тубаса олуялык, кылдат сынчылдык сапаттар тиешелүү болгон. Жээренче чечен, Алдар Көсөө, Садыр аке, Кыдыр аке, Калыгул олуя, Көкөтөй, Куйручуктарды кошууга болот.

3. Кургак чечен. Булар көп сөздүү, далилсиз, маанисиз сүйлөгөндөр. Мындайларды эл кургак чечен деп койгон, б.а., чындык эмес, далили жок сүйлөгөн жөө чечен катары келекелеп, эл анчейин сыйлабаган. Көп сүйлөгөн, маанисиз кеп айткан, конокко сөз бербеген адамдарды кыргыз эли кургак чечен деп гана айтпастан, маңыз деп да аташкан.

4. Тил чечен. С.Закировдун "Чечендик сөздөр" деп аталган макала-сында жогорудагы чечендерден башка "тил чечен" деген түрү да бар. Акыл чечен менен тил чечендин ортосундагы айырмачылыкты төмөндөгүдөй түшүндүрөт: "Бардык жагынан төп келген чечендерди тил чечен деп коюшат. Тил чечендин сүйлөгөн сөзү уккулуктуу келип, ырдай куюлуп, "айдаган койдой ашыгып", улам сүйлөгөн сайын күчөп отурат. Айткан сөзүнүн мааниси терең, уккан адамды тажатпай магдыратат. Үнү да коңур келип, айткан сөзүнүн маниси алаканга салгандай ачык болот. Акыл чечендин кемчилиги – тил чечендей сүйлөй албайт. Куюлушкан мисалдарды таамай айтуу менен чектелет. Айтканы орундуу келип, талаш туудурбайт. Чоң маселелерди аз сөз менен гана чечип коет. Уккан адам таамай айтылган орчундуу сөзгө баш иет".

4.Элдик чечендерге тиешелүү сапаттар:

- ❖ Чукугандай сөздү тез тапкан чыныгы төкмөлүк – импровизация.
- ❖ Чогулган эл, сөз угуучу аудиториянын кулк-мүнөзүн, талабын толук өздөштүрө алган. Алар менен тыгыз байланыш түзө билип, элдин, калктын колдоосуна жетишкен.

- Айтышуунун алдын-ала даярдалган темасы, мазмуну болбогон сыяктанганы менен аны өткөрүүнүн, алып баруунун формасын амал-айла ыкмаларын ошол пикир алышуунун шарты, кырдаалы чечкен.
- Чечендер элдин, жердин, уруунун тарыхын, эстетикалык, этикалык, маданий табитин, журтчулуктун руханий бай дүйнөсүн, үмүтү менен максатын, ой-тилегин толук өздөштүргөн.
- Чечендер жаакташып, кажакайлап айтышкан эмес. Сүйлөгөн сөздөрү омоктуу болуп, жамакташтырып, уйкаштырып, макалылакап, учкул сөздөр менен кезек берип сүйлөшкөн. Мындай улуу сапат – сөз сыйлаган, сөз баккан, сөз күчүн жогору баалаган элдерде гана болгон. Алдын-ала сөз төркүнүн баамдап, тороп, ойлонуп айтылган бир эле сөзгө жыгылган.
- Бир чечендин экинчисине берген суроосунун жандырмагын тез, так табуу менен кезеги келгенде экинчи сүйлөгүс кылып алдын-ала жолун тороо сапатына ээ болушкан.
- Чечендер өздөрүнүн даанышмандыгы, акылмандыгы менен анекдотторду, юмор менен сатираларды аралаштырып, сөз күчүнөн сырткары аларга артистизм да таандык, б.а., мимикалык жесттерди да колдонушкан.
- Чечендер өзүнө каршы чыгып айтышуучу сөз чеберин күн мурун анын ким экенин, сүйлөшүүнүн максатын, угуучуларга таасир этүү күчүн жана башка бир нече факторлорду, аргументтерди байкап-билип аныктоо менен, андагы өзгөчөлүктөрдү алдын-ала сезип-туюу менен аларга акыл калчап ар тараптан баа берет. Буга жете белгилүү болгон маалыматтарды анализдеп, анын жүрүшү, мейкиндиги, жыйынтыктары аныкталып, көзөмөлдөнүп, күч салмагын таразалап, ал-абалын баалап сүйлөшүүнүн мониторингин иликтеп көрөт.
- Чечендер сүйлөшүүдө угуучуларга, атаандашына күчтүү таасир этиш үчүн пикир алышуудагы экстралингвистикалык факторлорго жогору баа беришкен. Алсак, сүйлөшүү кандай чөйрөдө, кимдер менен, кандай максатта, кандай темада сүйлөөгө байланыштуу түзүлгөн шарт-кырдаалды, угуучунун психологиялык маанайы, себептери, мотивдери, алдын-ала түзүлгөн түпкү тактикасы, стратегиясы, сүйлөшүүнүн ыргагы, темпине да байланыштуу болот.

Чечендер факты-материалдарга карата сүйлөөнүн логикасын, стилин элдик каада-салтка, үрп-адатка ылайык жеке чебер ыкмасы менен атаандашын сөзгө сындырып, сүйлөгүс кылып жыга турган.

- Айрым убактарда чечендер ыгына жараша шартка шайкеш, ошол кырдаалга, чөйрөгө ылайык келгендей кылып, үнүн өзгөртүп, ар түрдүү кишилердин сөзүн туурап, айбанаттардын, канаттуу куштардын да үндөрүн окшоштурушкан. Мыкты чечендердин жыйнаганы сөз болгон. Ыгы келгенде ыр түрүндө жамакташтырылган куплеттерди да пайдаланышкан. Элдик чечендер легендаларды, жомокторду, табышмактарды, учкул сөздөрдү көп билишкен.

Жыйынтыгында, чечендик адамдын тубаса шык, талантына, акылдуулугуна, көрөгөчтүгүнө байланышкан кайталангыс, сейрек жаралчу өнөр. Чечендердин элине калтырган баалуу мурастары атадан балага, муундан-муунга өтүп сакталып, эбегейсиз зор ак кызматын өтөй бермекчи.

Лекцияны бышыктоо үчүн берилүүчү суроолор:

1. Чечендик өнөр дегенди кандай түшүндүнөр?
2. Чечендик өнөр кандай болуп бөлүнөт?
3. Чечендерди канча түргө бөлөбүз?
4. Чечендерге кандай сапаттар тиешелүү?
5. Чечен болуш үчүн эмне кылуу керек?

12 - лекциялык сабак

Элдик чечендер жана чечендик айтыш

План:

1. Чечен сөздөр.
2. Чечендердеги олуялык сапаттар.
3. Чечендиктин элчилик кесипке байланышы.
4. Чечендик айтыш тууралуу.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Кадыров Ы. Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар. Бишкек, 2011.
3. Капалбаев О. Кыргыз элинин чечендик өнөрү. Бишкек, 2015.
4. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.
5. Мусаева В. Сүйлөшүү маданияты аркылуу чечендик кепке үйрөтүүнүн методикасы. Бишкек, 2012.
6. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.
7. Обозканов А. Чечендиктин айтыш өнөрүнөн алган орду. И.Арабаев атындагы КМУнун доценти, ф.и.к., илимий макала.

Пайдасы жок чечендик, чөп чыкпаган кургактай.
Сөз бербеген жөө чечен, учуп жүргөн камгактай.

1.Чечен сөздөр.

Оозеки чыгармалар - ооздон-оозго өтүп, эчен муундар тарабынан кылымдан-кылымга жетип, уламдан-улам аз да болсо өзгөрүүлөргө учурап, айрым кошумчалар-алымчалар менен эл тарабынан иштелип чыккан, бизге бабалардын калтырган улуу мурасы, казына-мүлкү.

Кыргыздар жалпысынан сөзмөр адамды кадырлап, ага урмат көрсөтөт. Ал эми чечен адамдарды да өзгөчө баалап, сыйлашат. Алардын сүйлөгөн сөздөрүн даңктап, кеп кылышат. Чынында кыргыздар сөзмөр, чечен келишет. Элибиздин андай мүнөздүү өзгөчөлүгүнө таң калып академик В.Радлов 1860-жылдары кыргыздарда болгондо мындай деп жазган: «Кыргыздар эч буйдалбастан, токтоосуз шар сүйлөшөт. Алар оюн ачык, так айта билишет. Сүйлөгөндө сөздөрүндө белгилүү деңгээлде кооздук сезилип турат. Жөнөкөй эле сүйлөгөн сөздөрүндө, айтылыштардын курулушунда мезгил-мезгил менен ритмикалык өлчөмдөр байкалып калат. Мындай сөздөр ойлонуп айтылып, угуучуларга күчтүү таасир тийгизет. Угуучулар берилип, ырахаттанып угушат. Орундуу айтылган сөздү баалай да билишет. Сөзмөр, чечен адамдар сүйлөгөндө

болуп көрбөгөндөй тынчтык өкүм сүрүп, угуучулардын көздөрү жайнап, демин ичине алып отуруп тыңшашат. Чечендин ар бир кооз айтыштары, ар бир акылман курч жана тамаша сөздөрү ийкемдүү…» — деп, белгилеген окумуштуу «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү» деген эмгегинин 5 томуна жазган кириш сөзүндө.

Чечен сөздөрдү жыйноо жана үйрөнүү иши өзүнчө колго алына элек. Ал оозеки чыгармачылыктын башка түрлөрү менен бирдикте жыйналды. Ошондой болсо да өз бетинче демилге көтөрүп, чечен сөздөрдү жыйноочулар бирин-сериндеп болгонун айта кетүүгө тийишпиз. Кыргыздын тунгуч жыйноочусу, фольклорист Ыбырайым Абдракманов өзү билген чечен сөздөрдү жазып калтырган. Ы.Абдракмановдун жазган чечен сөздөрүнүн байлыгы, мазмунунун ар кылдыгы, тематикасынын көп жактуулугу менен мүнөздөлөт.

Элдик оозеки поэтикалык чыгармалардын башка түрлөрү сыяктуу эле, чечен сөздөр да өзгөчө таланттуу, зээндүү адамдардын чеберчилиги менен түзүлүп, ошолор аркылуу эл арасында сакталып келген. Чечен сөздөр да аткаруучулардан сөздү өтө тез таап, таамай айтууну, айтылган сөзгө, кырдаалга тез түшүнүүнү, сергектикти, чукугандай сөз таба билүүнү, ошондой эле, импровизатордук таланттын болушун талап кылган. Бул жагынан алганда, чечендердин чыгармачылыгы айрым бир жактарынан айтыштарга катышуучу акындардын чыгармачылыгына жакындашып кетет. Чечендер да, айтышуучу акындар сыяктанып, эмне жөнүндө сөз болорун күн мурунтан билишпейт — сөздүн темасы дароо күтүлбөгөн жерден пайда боло калат. Эгерде айтыш акындардын бири-бири менен ырдашып жарышуусу, акындардын поэтикалык турнири болсо, чечендердин сөздөрү чукугандай сөз тапкычтыгы, сөзгө чеберчилиги боюнча жарышуу болуп эсептелет.

Чечен сөздөр ооздон-оозго көчүп айтылып, дайыма такталып курчуп, азыркы учурда айтылып жүргөн сөздөрдүн көпчүлүгү Көкөтөй, Тилекмат жана башка ушу сыяктуу чечендердин ысмы менен байланыштырылат. Алардын бир сүйлөгөн сөзү анчейин сөз болбостон чечендикке тирелген. Алардын тапкычтык менен айтылган көп сандаган чечендик сөздөрү далил боло алат. Алардын чечендик сөздөрү эл арасында кеңири таралган, ал эми кээ бирлери Кыргыз Илимдер Академиясынын тил жана адабият институтунун кол жазма фондусунда сакталууда.

Чечен сөздөр ар түрдүү жолдор менен айтылат. Көбүнчө табышмак, суроо-жооп иретинде айтылган чечен сөздөр өтө кызыктуу келип, эл ичине кеңири таралган. Мисалы, эл арасында өзүнүн

зээндүүлүгү, тапкычтыгы менен хандын суроолоруна так, курч жооп бере билген чечен кыздар жөнүндө көп аңгемелер сакталып калган. Ал берилген жооптордо карапайым адамдар хандардан, байлардан моралдык жагынан, акыл жагынан жогору тургандыгы чагылдырылган. Ошондой эле, элде өтө татаал шарттарда да акылмандуулук менен жол тапкан хандын берген табышмактуу суроолоруна чукугандай так жооп берген Жээренче чечен менен Карачач жөнүндө көп сандаган жомоктор, легендалар чечен сөздөрдүн илгертен бери эле эл арасында кеңири таралып келгендигин далилдеп турат. Эл ал легендаларга жакшы идеяларды, ак ниет, акылман киши жөнүндөгү ойлорду топтогон.

Чечен сөздөргө чукугандай өтө курч айтылышы менен эркектерди уяткарып шылдыңдаган кыздардын, келиндердин көп сандаган жооп сөздөрү да кирет. Буга чечен келинди көпкөлөң мырза жигитти күлкүлүү формада бир күндө үч жолу сөзгө сындырганы ачык мисал боло алат. Мырза жигит бир үйгө келип, бой көтөргөн мүнөз менен куржунун кайсы жерге илейин десе, анда келин: «Эгер сексен баштуу үйдөн куржунуңуз илине турган керегенин башы табылбай калса, анда мойнуңузга илип алыңыз», — деп укмуштуу таамай, сөз тапкычтык менен жооп берет. Жигит келиндин сөзүнө жыгылат да, оозуна таш тийгендей болот. Ошол эле күнү келин конокторду жакшы сыйлап, эт бышырып, табакты коноктордун алдына тартса, баягы жигит жиликти алып, мүлжүгөндөн кийин, аны чакмакчы болуп, маки менен ургулай баштайт. Кыргыздын салтында да бул өтө уят нерсе болгон. Ошондуктан келин мырза жигиттин нааандыгын ашкерелеш үчүн: «Издегениңиз май болсо, сөөктү ургулабай, мына бу даяр майды жеңиз»,— деп жигиттин алдына бир табак сары майды коюп өзүнүн акылмандуулугу менен жигитти экинчи жолу сөзгө жыгат. Ошондой эле, илгертен бери эл арасында кеңири таралып келген Апендинин, Алдар көсөнүн: «Тойду кылып санаасы тынып, элди жыйып, нике кыйып, Көчпөсбайдын кызын алды. Бул жашка келдим, сонунду көрдүм... Жадырап-жайнап, шакардай кайнап, кыл жип менен байлап, далай жашка барды» сыяктуу толуп жаткан жорго сөздөрү чечендик сөздөргө жакын келет. Булардын кайсы гана сөзүн албайлык, бардыгында тең ойго терең, акылга жетик, сөзгө чечендиктери ачык байкалат.

Чечен сөз элдин дүйнөгө, коомдук жана үй-бүлөлүк мамилелерге болгон көз карашын ачык көрсөтүү менен бирге таалим-тарбия берүүгө үндөйт. Чечендик сөздөрдүн ичинде өзүнүн мүнөзү жагынан акыл-насаат маанисиндеги сөздөр да аз эмес.

Чечендердин черди жазган бул сыяктуу таамай суроо-жооптору, окуялары, кептери **чечен сөздөр** деп аталат. Мындай орундуу айтылган алкыш, көңүл каалоо, бата айтууда ж.б. учурларда да эл арасындагы көптү билген, сөз кунун түшүнгөн акылдуу, сезимтал, баамчыл кишилер тарабынан айтылып келген, айтыла берет. Анткени, чечендиктин маңызы – учкулдукта, жүйөөдө. Андай кептер карынын да, жаштын да, наристенин да оозунан кээде күтүүсүз чыгып кеткен учурлар болот.

Чечен сөздөр ар дайым курч мүнөздө, табышмактуу ыкмада боло бербестен турмуштук көрүнүштөрдү таамай чагылдыргандыгы менен кадимки кептерден айырмаланып, жайынча деле айтылат.

2.Чечендердеги олуялык сапаттар.

Чечендердеги олуялык, көрөгөчтүк, алдын ала жүздөгөн жылдар кийин боло турган коомдук процесстердеги келечектеги чындыктарды илимий эмес түрдө көрө билип айтары туура келген **футуролог-олуялар** кыргыз элинде жок эмес. Алар: Калыгул, Молдо Нияз, Арстанбек, Манаке, Сарт аке, Кыдыр аке ж.б. Мисалы, Калыгул олуя: “этеги жок, жеңи жок чапан чыгар, атасынан баласы тапан чыгар” деп, азыркы мезгилдеги моданы жана атасынан баласы кыйын чыгып, балдары атасын башкарып калган заманды туура баамдаган. Мындай жердин, элдин, адамзаттын келечегин көрө алган жөндөмдөгү жалпы болжолдуу концепцияны камтуучу илимий билимдердин негизин билдирүүчү илимдин тармагы **футурология** болуп эсептелет.

Кыргыз элинин футуролог-олуялары айрым окуялардын болорун күн мурунтан билүүчү касиетке ээ болгон, кереметтүү, өзгөчө сапаты бар, жашырын сырдуу, табышмактуу адамдар болушкан.

Адаттагыдан тышкары мындай укмуштуу кубулуш, сапат азыр эмне үчүн элибизде кайталанбайт? Олуячылыктын касиеттерин кантип, кайсы илимдер менен изилдеп, аныктоого болот? Бул өңдүү суроолорго келечектин окумуштуулары, журналисттери комплексттүү жооп издештирүүгө тийиш. Ал кезде илимий эмес футурологиядан илимий футурология жаралып, кыргыз футуролог-олуялары тиешелүү илимден өз орундарын ээлеп калышы ыктымал.

3.Чечендиктин элчилик кесипке байланышы.

Чечендер карапайым калк ичинде акылман, сөзмөр катары жарды менен жармачка эле жардам бербестен, байларга, бийлерге, хандарга кеңешчи катары кызмат өтөшкөн. Мындан сырткары түрк элдеринде эзелтен өнөр катары эсептелген элчиликте иштегендер болгон. Алар өзүнүн акылмандуулугу, даанышмандуулугу, алдын ала

көрөгөчтүгү менен айырмаланган. Жылкыайдар уулу Тилекматка окшогон көркөм сөз өнөрүнүн чеберлери касташкан эки элди элдештире турган. Ал эми калыстыкты кастарлаган, адилеттикти, акыйкаттыкты аркалаган акылы терең аксакалдары Калыгул Бай уулунун, Сарт акенин кыйла элге кыйыры жетип, калыс элчи болгондугун эскеришет.

Тилекмат Жылкыайдар уулу башка кыргыз элчилеринен айырмаланып, ал элдик каада-салтты, үрп-адатты сактап, ким менен кандай сөздү баштап, кандай мазмунда сөз боло тургандыгын алдын ала баамдаган, элчилик милдеттердин нечендерин аткарган адам эле. Анын жарык дүйнөгө келиши, өткөргөн жаш курагы да, доору да таң калычтуу, табышмактуу өңдүү көрүнөт.

Тилекмат Жылкыайдар уулу 1800-1863-жылдары өмүр сүргөн. Анын эл арасында жараткан эрдиктери, акылмандыгы, чечендик чеберчилиги элибизге өрнөк болуп келет. Тилекмат элчи өзүнүн ишмердигин алгач ирет өз айлында, бугу элинин өз ара ынтымагын чыңдоодон баштайт. Бугу уруусу Тилекматты өзүнүн ишенимдүү адамы катары карап, анын көптөгөн чыр-чатактарды чечип бергендигин терең баалашкан.

4.Чечендик айтыш тууралуу.

Кызыл тилин безеген сөз чеберлери менен жаактууга сөз бербеген эл ырчыларынын айтышы, кыйла кылымдардын элегинен өтүп, бизге белгисиз замандардан бери эл арасына кеңири тароо менен традицияга айланган жанр. Айтыш эки же андан көп адамдардын өз ара атаандашуусу менен өтөт. Алар каршылашын сөз күчү аркылуу тамырын тартып көрүп байкайт. Айтыш дегенде чечендиктин, сөз тапкычтыктын, акыл-эстүүлүктүн, көрөгөчтүктүн, билгичтиктин негизинде көркөм сөз өнөрүнүн адиси катары, чыныгы чеберчиликтин искусствосу менен аткаруучулук ыкманын өзгөчөлүгүн билебиз. Анткени алардын айтымындагы чебер аткаруудан башка да көрүүчүлөрдүн көңүлүн толтурган, моокумун кандырган шаттык менен так, таасын, курч сөз тапкычтык болбосо, эмне үчүн элибиз угуп, атактуу чечендердин айтышына кулак төшөп акыл-ойдун талабын канааттандырып, чечен сөздөр курчуп, ооздон-оозго салттык жанр катары калыптанып, азыноолак элди эле эмес, дубан жыйылган аудиторияда журтчулук кулак төшөп уккан.

Калайык-калк алдында айтышканын жеңүүгө аракеттенген сөзгө уста чечендер менен чукугандай сөз тапкан жез таңдай ырчылар, кызыл тилдүү чечендер кадимки эле чалганын чала калтырбас илбирстей комдонуп, сүйлөгөн каршылашынын стратегиясын баамдап,

атаандашынын омоктуу бир сөзүн илип алып, көтөрүп урууга даяр турган чалмачыларды элестетүүгө болор эле. Айтыш ырлары менен чечен сөздөр оозеки эл чыгармачылыгынын ичиндеги кеңири таралган түрлөрдүн бири экендигине карабастан, аны эл арасынан жыйноо иши Октябрь революциясынан мурун жолго коюлбаган. Ошондуктан, Совет мезгилине жете акыл менен аң-сезимдин ээси болгон, эл керегине жараган, көркөм сөздүн чеберлери тарабынан нечен чечен сөздөр, айтыштар, чечендер, сөз устаттары алардын ырлары жазылып калбаган, көбү биздин доорго жетпей жок болгон чечендердин айтышы да, акындардын айтышы сыяктуу эле кагаз бетине түшүрүлбөй отуруп, көптөгөн чечендердин керемет сөздөрү эл оозунда айтылып жүрүп, көптөгөн көркөм сөз жазылбай калды. Мүмкүн болгондору Октябрь таңы атканда гана жазылып алынган. Чечендик айтыштын темасы, мазмуну, мааниси жагынан өзүнчө өзгөчөлүккө ээ болуп, өзүнчө форма, ыкма менен бири-бирине жалындуу чакырык таштап, макалдаштырып, өтмө мааниде табышмактантып собол таштай турган. Бирок сөз чеберлеринин чечендик айтышы кайсы доордо, качан, кантип пайда болушун кесе айтуу кыйын. Арийне, алгач чечендердин айтышы кара сөз формасында болуп, кадыресе социалдык турмушта кездешүүчү айтышка окшошуп, үлпөттөрдө, оюн-зоок кечелеринде бирин-бири сөзгө жыгып, тамаша сыңары колдонулуш өзгөчөлөгүнө караганда, чечендердин айтышы оозеки чыгармачылыктын байыркы жанрдык түрлөрдүн биринен болушу мүмкүн. Алгач чечендердин негизги аткарган кызматы урууларды ортосундагы чыр-чатактарды басып, кун кууган доо-талаштарды, чатактарды чечип келсе, кийинчерээк социалдык коомдук турмуштун өнүгүшүнө ылайык чечендер социалдык-саясий мааниси бар маселелерди, б.а., бир эл менен экинчи элдин кагылышуусун кандуу согушка айлантпай, аларды жараштырууга, биримдикке, баш коштурууга үндөө мүмкүнчүлүгүнө жете көтөрүлө алган. Чынында, сөз баркын жогору баалаган кыргыз менен казактарга окшогон элдерде, сөз күчүнө жыгылган адамдар, мейли хан болсун, мейли бий болсун, көздөгөн терс максатынан, ала турган байлыгынан кайтып, жолдугун беришкен.

Чечендердин айтышы – акындардыкындай эмес, чыныгы канаттуу учкул кара сөздүн каймагынан калпынган, так, таасын, терең маанилүү “профессионалдуу” айтыштар. Акындык айтыштарда, жеңишке жетиш үчүн каршылашынын өз кемчилдигин эле эмес, анын эл журтунун, уруусунун, тууган-туушкандарынын да кемчилдигин бетин ачып, жыгылышка аргасыз кылган. Ал эми чечендердин айтышы да ушуга шайкеш ыкмада өткөнүнө карабастан, алар эки

элдин эзелтен келген эски чырын, уруулардын ортосундагы талаш-тартышты басууда, тигил же бул уруудан, элден кадимки балбан тандагандай, өздөрүн дасыккан, атагы чыккан, чукугандай сөз тапкан акылман, ары амалкөй чечендерин тандап чыгып айтыштырган. Мындай беттешүүлөрдүн жыйынтыгы эл башына түшчү апаатты, кайгы-муңду, кыргын согушту, уруулардын ар кандай кагылышуусун кайтаруучу күч экенин жакшы түшүнгөн эл, бардык тилегин өз чеченинин жеңишине арнап, “кимиси жеңер экен?” деп кулак түрүп жарданып карап турган калайыктын көңүлүн бөлүп, кызыгууларын туудурган. Анда жеңишке жеткен чечендин атагы алыска угулуп даңазаланган. Ошентип, эл макалында айтылгандай, “сөздүн атасы – ыр менен башталып, сөздүн катасы – чыр менен бүткөн”. Акындар айтышканда, атаандашынын сөзүнө жооп кайтарган сыңар, чечендер да так, таасын жооп кайтарууга айрыкча көңүл бурган. Натыйжада, Демокрит айткандай: “Акылдын натыйжасынан негизги үч сапат келип чыгат: мыкты чечимге келүү, жаңылбай сүйлөө жана иштей турган нерсени иштөө.”

Лекцияны бышыктоо үчүн берилүүчү суроолор:

1.Чечен сөздөр деп кандай сөздөрдү айтабыз?

2. Чечен сөздөрдү жыйноо иши кандай болгон?

3.Футуролог олуялар кимдер?

4. Чечендер элчилик кесипти кандай аткарышкан?

5. Чечендердин айтышы кандай болот?

1– практикалык сабак

План:

1. Маданият деген эмне?
2. Кеп маданияты деп эмнени айтабыз?
3. «Өнөр алды – кызыл тил» деп эмнеге айтылат?

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Давлетов С. Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. Каракол, 2010.
3. Давлетов С. Байланыштуу речь. Бишкек, 1999.
4. Исиралиева А. Кыргыз кеп маданиятынын мааниси жана өзгөчөлүгү. И.Раззаков ат.КМТУ, илимий макала.
5. Мусаев С. Кеп маданиятынын маселелери. Бишкек, 1993.
6. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

1-тапшырма. Муну окуп, билип ал**.**

Саламдашуу

Адамдардын саламдашуусу сыйлашуудан башталат. Адамга салам айтууну унутпагыла. Бизде эркектер: “Ассалоом алейкум!”, “Алейкума ассалам!”, - деп кол алышып саламдашат. Ассалоом алейкум – сизге тынчтык каалайм деген мааниде, ал эми Алейкума ассалам – сизге да тынчтык каалайм, деген мааниде. Бул араб тилинен алынган сөздөр.

Ал эми кыздарга, аялдарга “Саламатсызбы1” деп учурашасың. Жакын адамдар, туугандар кучакташып, өбүшүп саламдашат.

Саламдашуунун байыркы замандардан бери калыптанып калган эрежелери бар. Дүйнө жүзүндөгү ар бир эл ар башкача саламдашат. Ал эми биздин элде ар дайым кичүүлөр улууларга салам айтат. Эшиктен келген адам үйдө отургандарга салам айтып кирет. Атчан киши жөө кишиге биринчи салам айтат. Ал эми Ысык-Көл, Нарын аймактарынын айрым жерлеринде келиндер салам айтуунун ордуна улууларга жүгүнүп коюшат.

Саламдашуу ар бир тилде ар башка маанини түшүндүрөт. Башка тилди үйрөнүп жатканда саламдашуу сөздөрү кантип которулаарына анча көңүл бурбайбыз. Англичанин таанышын “How do you do?” деген суроо менен тосуп алат. Бул сөзмө сөз “Кандай аракеттенип жатасың?” деп которулат. Француз болсо “Commet ca va?”, башкача айтканда, “Кандай жүрүп жатат?”- деп учурашат.

Кытайлыктар “Нии-хау-ма” биздин тилде “Сен бүгүн тамак жедиңби?” – деп саламдашат. Индеецтер “Баары жакшы” – деп бири-бири менен учурашышат. Монголдор болсо саламдашканда “Малыңыз кандай?” жана “Кандай көчүп жүрөсүз?”- дешет. Белгилүү “Салам!” деген сөз “Тынчтык сага” дегенди билдирет.

2-тапшырма. Топтордо иштөө. Тайпадагы студенттер 1, 2, 3 деп саноо менен үч топко бөлүнөт. Ар бир топко тапшырма берилет. Топтор бири-биринин жоопторун толукташат.

1-топ: ”Кеп” жана “тил” деген сөздөрдүн түшүндүрмөсү кандай?
2-топ: “Өнөр алды – кызыл тил” деген макалдын чечмелениши?
3-топ: Кеп маданияты деген эмне?

3-тапшырма. Бул тапшырма “Менин оюм” деп аталат. Окутуучу студенттерге “Маданияттуулук – бул…” деп жазылган бир баракты берет. Ар бир студент бирден сөз жазып, улам кийинкисине жылдыра берет. Барак жазылып бүткөн соң, окуп, талдоо.

4-тапшырма. “Менин көз карашым” деп аталат. Студенттер эки көз караш боюнча белгилүү убакыттын ичинде өз алдынча 3 далил жооп жазышат. Мында кыргыз тилиндеги же башка тилден которулган көрнөк, жарнактар, газета-журналдар, үналгы, сыналгыдан берилип жаткан депутаттардын, же башка белгилүү адамдардын сүйлөө маданиятынын деңгээлин жана башка маалыматтарды далил катары алып, мисал келтирсе болот.

Кеп маданиятын сактап сүйлөө…
1)
2)
3)

Кеп маданиятын сактабай сүйлөө…
1)
2)
3)

5-тапшырма. Көркөм окуу. Сөз кадырын билүү сапаты.

«Адамды сөзүнөн тааныйт, малды өңүнөн тааныйт». Сөз адамдын эң күчтүү куралы, себеби ойлогон оюңду сөз менен гана билдире аласың. Сөз менен адамдын көңүлүн көтөрүүгө болот, ошондой эле бир эле сөз менен кайгыртып кое аласың. Адамдын акылы, билимдүүлүгү, сезгичтиги сүйлөгөн сөзүнөн байкалып турат. Таамай сөз таап, акылдуу сүйлөгөндөр чечен деп аталып калган. Элибизден Жээренче чечен, Акыл Карачач өңдүү сөз чеберлери чыккан. Эл алдында тайманбай, таасын сүйлөгөндөрдү оратор (кызыл таңдай) деп атайбыз. Бирөөнүн кемчилигин тамашага салып, азил (сындап) менен айткан Куйручук, Шаршен, Райкан, Мидин деген куудулдарыбыз менен сыймыктанабыз. Элибизде: «Сөз адамдын акылынан чыгат. Өнөрдүн эң баалуусу - сөз өнөрү, сөз октон өткүр, кылычтан курч» деген сөздөр бар эмеспи.

Ошондуктан сөзгө конок берип сүйлөө керек. Адамдын сөзүн аягына чейин угуп анан өз оюн билдирүү. Улуулар сүйлөп жатканда ортодон сөзүн бузбоо. Өз оюн туура деп көпчүлүккө таңуулобоо керек. «Сөздүн көркү макалда, чалдын көркү сакалда» - деп ата-бабаларыбыз кыска жана нуска, аз болсо да саз, көркөм сүйлөө насаатын калтырышкан.

«Сылыктык, сыйчылдык адамды ажарлантат» «Сен деген сенек сөз, сиз деген сылык сөз» дейт элибизде.

Улууларга сиз деп сүйлөсөң - сенин сылыктыгың. Жолдошторуң менен үнүңдү көтөрбөй сүйлөш, аларды кыйкырып чакырбай жанына барып кайрыл.

Үйгө келген адамдарды «кириңиз, отуруңуз, чай ичиңиз, нан ооз тийиңиз» деп сый көрсөтүү, көпчүлүк жайларда улууларга орун бошотуп берүү, карыларга жардамдашуу сенин сыйчылдык сапатыңдын белгиси.

Теманы бышыктоо максатында төмөндөгүдөй суроолор берилет:

1.Кеп маданияты деп эмнени түшүнөсүңөр?

2.Кеп маданиятынын негизги критерийлери кайсылар?

Үйгө тапшырма: Тил, кеп, сөз тууралуу жазылган ырлардан же поэмалардан үзүндү жаттап келүү жана “Кеп жана тил” деген теманы окуп келүү.

2– практикалык сабак

Кеп жана тил

План:

1. Тил менен кептин өз ара айырмачылыктары.
2. Кептин жаралуу процессиндеги жагдайлар.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Давлетов С. Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. Каракол, 2010.
3. Давлетов С. Байланыштуу речь. Бишкек, 1999.
4. Исиралиева А. Кыргыз кеп маданиятынын мааниси жана өзгөчөлүгү. И.Раззаков ат.КМТУ, илимий макала.
5. Кадыров Ы. Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар. Бишкек, 2011.
6. Мусаев С. Кеп маданиятынын маселелери. Бишкек, 1993.
7. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

1-тапшырма. Студенттер алдын ала окуп даярданып келишкен темалар боюнча оозеки жооп беришет.

2-тапшырма. Студенттер “кеп” жана “тил” деген сөздөрдү кезектешип айтышат. “Кеп” деп айткандар бир топко, “тил” деп айткандар бир топко бөлүнөт. Ар бир топ өзүнө тиешелүү сөз менен 10 сүйлөм түзүшөт. Сүйлөмдөр түзүлүп бүткөн соң, студенттер “тил, кеп” деген сөздөрдүн окшоштугун жана айырмасын аныкташат.

М: -Кана, балам, өзүң жөнүндө **кеп** салып отур…

Канчалык көп **тил** билсең, анын пайдасы өзүңө тиет.

3-тапшырма. Тез окуп, түшүнүү. Жогорудагы эки топко текст берилет. Ал текстти бир гана жолу окуп, алган маалыматтарын айтып беришет.

1-топ: Дүйнөдө жети миңдей тил, эки жарым миң улут бар. Жүз токсон эки улут эгемен эл. Сексен үч тил кеңири тараган. Жылкынын сымбаты орус тилинде 18-20 сөз менен сүрөттөлсө, кыргыз тилинде 800дөй сөз менен айтылат экен. Аскер куралдары орус сөздүгүндө 100дөй терминди камтыса, “Манас” эпосунда согуш куралдарынын эле 220 түрү бар экен. Кыргыз тилинде сары түстүн эле ондон ашык түрү бар. Мисалы, сары, алтын сары, жез сары, кочкул сары, күлгүн сары, күңүрт сары, сапсары, мала сары, ак саргыл, саргыч, чийкил

сары, эжигей сары ж.б. Ал эми оору орус тилинде “болезнь” деп бир эле сөз менен айтылса, кыргыз тилинде жаныбардыкы – ылаң, өсүмдүктүкү – илдет, адамдыкы – оору, сыркоо, дарт, кесел жана башка сөздөр менен сыпатталат.

2-топ: Маданият кыргыз элинде өз ара мамиле, бирин-бири сыйлашуу жагдайында сыпаа деген сөз менен айтылган. Сыпаа, сыпайы, адептүү, сылык деген маанилерди берет. Тамакты тандабай, бирок таза, тыкан, жарашыктуу кийинген, атты жем-чөптөн үзбөй, жонун жоор кылбай, бүткүл жасалгасы менен минген, улууну урматтап, кичүүнү сыйлап турган, керек жерде сөздүн туурасын сүйлөп, ашыкча сөз айтпаган, барган жеринде өз ордун билип отурган, башкалардын жакшылыгына кубанган, жамандыгына кошо кайгырган, бирөөнүн кемчилигин каймана билдирген, көрүнгөн жерге себепсиз эле бара бербеген жана башка ушул сыяктуу асыл сапаттары бар адамды өтө сыпаа адам дешкен. Демек, сыпаа деген сөз маданияттуу деген сөздүн эле синоними болуп калат.

4-тапшырма. Бул тапшырма “Сөздөн сөз жаратуу” деп аталат. **“КЕП МАДАНИЯТЫ”** деген сөз айкашынан студенттер сөз жаратышат. Сөздөрдү жаратууда тамгалардын ордун алмаштырууга жана бир тамганы бир нече жолу колдоно берүүгө жол берилет.
М: дан, кадам, тамада, дымдама ж.б.

Теманы бышыктоо максатында төмөндөгүдөй суроолор берилет:
1. Тил жана кеп деген сөздөрдүн кандай айырмачылыктары бар?
2. Кептин жаралуу процессиндеги жагдайлар?
3. Кептин табиятында, анын жаралуусунда жана бааланышында кандай байланыштар маанилүү роль ойнойт?
4. Кептин жаралышында кандай жагдайлар катышат?

Үйгө тапшырма: Ш.Дүйшеевдин “Эне тилин унуткандар” ырын жаттап, көркөм айтып берүү жана тил, кеп деген сөздөргө Венндин диаграммасын түзүү.

3–практикалык сабак

Стиль жана анын түрлөрү

План:

1.Стиль деп эмнени айтабыз?
2.Сүйлөшүү стили.
3.Көркөм стиль.
4.Илимий стиль.
5.Публицистикалык стиль.
6.Официалдуу стиль.

Колдонулган адабиятар:

1. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. Функционалдык стилдер. Бишкек, 2004.
2. Давлетов С. Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. Каракол, 2010.
3. Давлетов С. Байланыштуу речь. Бишкек, 1999.
4. Кадыров Ы. Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар. Бишкек, 2011.
5. Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе,1979.
6. Мусаев С. Кеп маданиятынын маселелери. Бишкек, 1993.
7. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

1-тапшырма. Топтордо иштөө. Студенттер 5 топко бөлүнөт. Ар бир топ карточкаларды тандап алышат да, анда жазылган тапшырмаларды аткарышат.

Сүйлөшүү стили
1. Сүйлөшүү стили тууралуу маалымат бергиле.
2. Диалог түзгүлө.

Илимий стиль
1. Илимий стиль тууралуу маалымат бергиле.
2. Илимий стилге байланыштуу текст түзгүлө.

Көркөм стиль
1. Көркөм стиль тууралуу маалымат бергиле.
2. Көркөм сөз каражаттарын колдонуп текст түзгүлө.

Публицистикалык стиль
1. Публицистикалык стиль тууралуу маалымат бергиле.
2. Публицистикалык стилге байланыштуу текст түзгүлө

Официалдуу стиль
1. Официалдуу стиль тууралуу маалымат бергиле.
2. Арыз, түшүнүк кат, тил кат жазгыла.

2-тапшырма. Сүрөт галереясы. Топторго А3 форматындагы барактар таратылат. Ар бир топ темасына байланыштуу сүрөт тартып, презентациялайт.

3-тапшырма. Топторго тексттер берилет. Тексттер кайсы стилге таандык экенин аныкташат.

1-текст:

Президент Алмазбек Атамбаев 2016-жылды Тарых жана маданият жылы деп жарыялады.

Орусиянын “Известия” басылмасы аталган өлкөдөгү эң сабаттуу эмгек мигранттары Кыргызстан менен Украинанын жарандары деп жазып чыкты. Мындай жыйынтык орус тили боюнча тапшырылган сынактардан улам келип чыккан.

2-текст:

- Саламатсызбы, апа!
- Саламатчылык уулум.
- Апа, кандайсыз? Ден соолугуңуз жакшыбы? Иштериңиз кандай?
- Баары жакшы, балам. Өзүңдүн окууларың кандай?
- Жаман эмес. Университеттеги курсташтарым, группалаштарым менен таанышып алдым.
- Сабактарың саат канчада башталат?
- Саат 7.30да. Саат 13.00дө сабактарым бүтөт.
- Эжең кандай жүрөт? Иштери жакшыбы?
- Ооба, апа, эжем иштеп жүрөт. Ден соолугу жакшы. Эжем сизге салам айтты.
- Саламатта болсун. Сен качан келесиң?
- Эмки жумада. Дагы телефон чаламын. Апа, менден баарына салам айтып коюңуз. Жакшы жүрүңүз, апа.
- Саламатта бол, уулум!.

3-текст:

Жамийланын жүрүш-турушунда кандайдыр бир кайраттуулук бар эле. Ал өжөр, ачык-айрым, тамашакөй, тайманбас, шыңга бойлуу, келин эле. Ал күлгөндө, анын чымкый кара көзүнөн ден-соолуктун, жаштыктын күчү көрүнө түшчү. Жамийла келери менен биздин арабызда айырмаланды. Ал энелеринен ийменип, аларды сыйлачы. Менимче, апам анын мүнөзүнүн күчтүүлүгүн, адилеттүүлүгүн сыйлачу.

4-текст:

Бир тилдеги сөздөрдү туура жазуу үчүн жалпыга бирдей кабыл алынган эрежелердин жыйындысы орфография (грекче orthos + туура, grafo жазуу дегенди түшүндүрөт) деп аталат.

Тилдин сүйлөө речте колдонулган бирдиктүү адабий нормаларын аныктоочу эрежелердин жыйындысы орфоэпия (Орфоэпия – гр. orphos- «туура» жана epos «сөз», сүйлөө» деген түшүнүктөрүнөн алынып, «туура сүйлөө» деген маанини берет) деп аталат.

4-тапшырма. Долбоор түзүү ишмердүүлүгү. Топтор төмөндөгү темалардын бирин тандап алып, биргеликте долбоор түзүшөт.

- ❖ Кыргыз тилин кантип өркүндөтүүгө болот?
- ❖ Маданияттуу болуш үчүн эмне кылуу керек?
- ❖ Канткенде биз үлгүлүү кеп маданиятына ээ боло алабыз?

5-тапшырма. Көркөм окуу. Текстти кезеги менен окуп, талдоо жүргүзүү.

Сүйлөп жатканы эле болбосо, бардык адам эле сөз биле бербейт. Сөз билген адам анын ички поэтикасын, тышкы музыкасын сезет, туят. Сөз билген адам сүйлөсө – ал ырдап тургансыйт!

Сөз, адамдын ички жигерин аныктап билгизет. Сөз билген, анын баасын, күчүн туйган адам таасын, так сүйлөйт, тандап, таап айтат. Өз учурунда гана айтат. Ага ошол акырын айткан бир ооз сөзү жетиштүү болот. Керек учурда гана айтылган сөз өз угуучусун табат. Ал сөз-дарыга, алтынга тете. Ошол үчүн «айтар сөзүң – алтын болсо, унчукпай тек турганың — күмүш» — деген эмеспи элибиз.

Адамды адам менен бириктирген – сөз, аны ажыраткан дагы — сөз. Сөз – улуу тарбиячы, акылман насааатчы, мыкты мугалим. Жоокердин куралы – кылыч, соттун куралы – түрмө, жасоолдуку – айбалта. А тарбиячынын куралы – сөз. Ал курал баарынан күчтүү, курч да, баарынан өткүр. Сөз кандай болсо — тарбия да ошондой. Демек, сөз баарынын башаты да, баарынын натыйжасы дагы. Сөз — адамдын өзү, автопортрети. Эл билген аким сөз билген чеченге башын ийиптир. Эл билген – улуу эмес, сөз билген – улуу.

Дарыгердин биринчи дарысы – сөз. Баатырдын кылычы да, элчинин күчү да – сөз. Адамдын бактысы да, шору да сөз. Адамдын жүрөгүнө сөз менен гана жол таап кирет. Сөз – керемет ачкыч. Падыша өлсө анын алтын тагы башка кишиге өтөт, а даанышман өлсө, анын сөзү өзүнүкү бойдон калат. Кийген киймиңе эмес, сүйлөгөн сөзүңө жараша ызат-сый көрөсүң. Эл көзүңө эмес, сөзүңө карап ишенет.

Адамдын келбети – анын сөзү. Адам ансыз деле сулуу жаралган. Сулуу сөзү – анын ажарын ого бетер ачат. Сөзү сулуунун өзү да сулуу. Өзү сулуунун сөзү да сулуу болсо – анын ажарынан нур төгүлүп турганы. Алтын, күмүш менен чегеленип бекитилген нерсе да сынып ажырайт, а сөз менен чегеленип бекиген убада эч качан ажырабайт.

Сөз – байлык. Оозунда сөзү бар адам алтынга карк байдан да бай. Алтынга карк адамдын оозунда сөзү болбосо – аны жардынын жардысы дей бер. Байлыктан алтын баалуу болсо, сөз андан да баалуу. Адамды алтын берип алдай да, ишендире да албайсың. Андан көрө адам сөзгө ишенип, сөзгө алданып калары бышык. Анткени сөз – оттон да тез эритер бир керемет.

Сөз – адамдын ички бугу, деми. Сөз чыкпаса – адамдын ички бугу чыкпайт, эс албайт. Сөз менен ички бугун чыгарып, чер жазышып сүйлөшүп алуунун өзү эбегейсиз зор бакыт.

Сөз болбогондо ажайып сүйүүнүн улуу сырлары ачылбас эле го. Сүйгөн жардын сырдуу жылмаюсу да – сөз, көз жашы да – сөз. Сүрөтчүнүн боегу да, музыканттын ар бир нотасы да – сөз. Арифметиканын шыгыраган цифрасы да, геометриянын чексиз сызыгы, дүйнөнүн улуу картасы да – сөз.

Ооба, ушунун баары, баары… – сөз!!!

Сөз – ошондой улуу, ошондой ажайып керемет нерсе. Ошол үчүн сөздү ыйык туталы, урматтайлы. Аны көрүнгөн жерде талпактай сүйрөй сүйлөп, кадырын кетирбейли, таза сактайлы. Сөздү урматтап, таза сактаганыбыз – өзүбүздү урматтаганыбыз, өзүбүздү кадырлаганыбыз, өзүбүздүн ыйманыбызды таза сактагандыгыбыз. Анткени биз адамбыз, сөз билгенибиз – биздин адам экенибиздин улуу белгиси!!!

С. Рысбаев, «24.kg» МА, 14.01.2014-ж.

Теманы бышыктоо максатында төмөндөгүдөй суроолор берилет:

1. Стиль деп эмнени айтабыз?
2. Стилдер бири-биринен эмнеси менен айырмаланат?
3. Көркөм стилдин негизги белгилери?
4. Пулицистикалык стилдин негизги белгилери?
5. Официалдуу стилдин өзгөчөлүгү?

Үйгө тапшырма: Ар бир стилге мисал жазып, кептин сапаттары аттуу теманы окуу.

4-практикалык сабак

Кептин сапаттары

План:

1. Кептин тууралыгы.
2. Кептин тазалыгы.
3. Кептин байлыгы.
4. Кептин тактыгы.
5. Кептин орундуулугу.
6. Кептин көркөмдүгү.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Головин Б. Основы культуры речи. Москв, 1987.
3. Давлетов С. Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. Каракол, 2010.
4. Давлетов С. Байланыштуу речь. Бишкек, 1999.
5. Исиралиева А. Кыргыз кеп маданиятынын мааниси жана өзгөчөлүгү. И.Раззаков ат. КМТУ, илимий макала.
6. Мусаев С. Кеп маданиятынын маселелери. Бишкек, 1993.
7. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

1-тапшырма. Төмөндөгү тексттин орфографиялык, пунктуациялык каталарын оңдоо. Студенттер 1,2,3 деп саноо менен 3 топко бөлүнүп, тапшырманы аткарышат.

Сүйлөп жатканы эле болбосо, бардык адам эле сөз биле бербейт. сөз билген адам анын ички поэтикасын, тышкы музыкасын сезет туят Сөз билген адам сүйлөсө – ал ырдап тургансыйт?

сөз, адамдын ички жигерин аныктап билгизет Сө билген, анын басын, күчүн туйган адам таасын, так сүйлөйт, тандап таап айтат. Өз учурунда гана айтат. Ага ошол акырын айткан бир ооз сөзү жетиштүү болот. Сөз билген адам тап сүйлөйт билбеген адам каап сүйлөйт деген ошо. керек учурда гана айтылган сөз өз угуучусун табат. ал сөз-дарыга, алтынга тете. Ошо үчүн «айтар сөзүң – алтын болсо, унчукпай тек турганың — күмүш» — деген эмеспи элибиз.

Сөз – адамдын маданияты, Куучирендиги эмес, адамдын сөзү, жүрүм-туруму гана анын маданияттуулугун айгинелейт.

Адамды адам менен бириктирген – сөз, аны ажыраткан дагы сөз. сөз улуу тарбичы, акылман насатчы, мыкты мугалим. Жоокердин куралы – кылыч, соттун куралы – түрмө, жасоолдуку – айбалта. А тарбиячынын куралы – сө Ал курал баарынан күчтү, курч

да, баарынан өткүр. Сөз кандай болсо — тарбия да ошондой демек, Сөз баарынын башаты да баарынын натыжасы дагы.

2-тапшырма. Маалымат алмашуу. Бул тапшырма Веер ыкмасы аркылуу аткарылат. Жогорудагы 3 топко 3 текст берилет. Ар бир топ текстти окуп, калган топторго айтып берүүсү керек. Тексттер айтылып бүткөндө ар бир топ өзүнүн тексти боюнча калган эки топко суроо берет.

1-топ: Улуттук каналда балдарыбыз жактырып көргөн «Керемет көч» берүүсү бар. Мурда алып баруучу балдар менен учурашканда «Саламатсыңарбы, балдар жана кыздар!» - дечү. Азыр кудай жалгап антпей калды дейин десем бул кеп дагы эле айтылып жатат. Бул сүйлөмдү орусчаласак: «Здравствуйте, дети и девочки!» - болот. Өзүңөр ойлонуп көргүлө. Уул да бала, кыз да бала, «балдар» деген термин өз ичине уландарды да, кыздарды да камтыйт. Демек, «Саламатсыңарбы, балдар!» - деп гана салам айтуу жетиштүү. Ушул берүүдө мурда орун алып келген бир орчундуу маселеге назар салалычы. Берүүнүн каармандары Акылай, Актан жана эшектин такайы (коделеги) экенин баарыңар билесиңер. Кыргыз баласы өз турмушунда байыртадан козу-улак, кулун-тай, музоо-торпок, бото-тайлак, күчүк менен ойноп келген эмеспи. Кыргыз баласы эч качан эшектин такайы менен ойногон эмес. Эшек биздин турмушка кечээ эле, советтик-партиялык жетекчилер кыргызды аттан ажыратып койгон кезде кирди. Ал эми «Керемет көч» берүүсү, өз аты айтып тургандай, жаш муундарды кыргыздын өткөндөгү керемет көчүнө, керемет жашоосуна сүңгүтүп, аны менен тааныштырышы керек болуп жатпайбы. Эмне үчүн эшектин такайынын ордуна эркелеген бото же кумайык, же учкаяк тай коюлган эмес? Балдарыбызда «кыргыз байыртадан эшек минип, эшек арабага түшүп жүргөн, балдары эшектин такайы менен ойногон» - деген түшүнүк алдыртадан калыптанып жатпайбы? Бирок, адилеттик үчүн белгилей кетсек, жакында, бул берүүдөгү такайдын ордуна күчүк келди. Бирок, анын аты Кумайык болгондун ордуна, Барбос (азыр Борсулдак болуп калды) болуп жүргөнүнө жол болсун.

О.Түгөлбаев, Кыргыз билим берүү академиясы

2-топ: Расмий жазылыштар жана айтылыштардын - албетте, мектеп менен ата-энеден кийин, - адамдын кеп маданиятын калыптандырууда ролу чоң. Ошого карабастан, бул маанилүү маселеге али олуттуу көңүл бурбай келе жатабыз. Мына, көчөлөрдүн аты жазылган көрнөктөрдү алалычы. Акчаны үнөмдөшкөнү го, бир эле

тактага орусчасын дагы, кыргызчасын дагы жазышат. Жөн жазбай, бири-бирине улап, учкаштырып жазышат. Мисалы, «улица Лермонтова көчөсү», «улица Баха көчөсү», «улица Московская көчөсү». Ушундан улам азыркы кыргыздар «Лермонтова көчөсү», «Баха көчөсү», «Московская көчөсү» деп тантырап калды. Лермонтов көчөсү, Москва көчөсү же Бах көчөсү деп туура сүйлөгөн бир да кыргызды жолуктура элекмин. Азыр борбордук бир нече көчөнүн аталыштары кыргызчаланган менен калгандары ошол эле таз кейпинде.

"Частный нотариус" дегенди "жеке нотариус" деп пайдалануу адатка айланды. Мунун туурасы "жеке менчик" же "менчик нотариус". "Жеке" сөзу кыргызча "жалгыз, бир" дегенди билдирет. "Жеке таз менен жети таз" жомогун эстегилечи. "Жеке таз" деген "менчик таз" эмес, "жалгыз таз" дегенди билдирет.

О.Түгөлбаев, Кыргыз билим берүү академиясы

3-топ: Биздин гимнибиздеги «бейкут» термини тууралуу айтпай кое албайбыз. Фарси тилинен кирген «бей» мүчөсү кыргызча «сыз» мүчөсүнө туура келип, "жок" дегенди билдирет. Алсак, бейбаш – башсыз, башы жок; бейбак – бактысыз, багы жок; бейтаалай – таалайсыз, таалайы жок. Ал эми "кут" сөзүнүн орусчасы "благодать" дегенди билдирип, кыргыздын турмушунда "кут болсун", "куттуктайм", "кутман" сыяктуу сөздөр жакшылык каалаган учурларда дайыма айтылат. Эми "бей" менен "кут" экөөнү жамап туруп, маанисине сереп салып көрөлүчү. Демек, "бейкут" – "кутсуз", "куту жок" дегенди билдирет турбайбы. «Бейкут» жакшылыкты билдирген сөз деген тараптагылар К.Юдахиндин сөздүгүнө таянышат экен. Юдахин жаңылбас болуптурбу? «Бей» мүчөсү башка бардык учурда «-сыз» мүчөсүн, жок дегенди туюндуруп, жалгыз эле ушул учурда жакшылыкты билдирип калыптырбы? К.Юдахиндин эмгегин эч ким жокко чыгарбайт, бирок бул жерде ката кетиргенин моюнга алышыбыз керек. Өзүңөр калыс болгулачы. Гимнибизди баарыбыз ырдаганда эл-жерибизге куту жок, кутсуз жашоону тилеп жатпайбызбы.

Ал эми жогорку жаманчылыкты тилеген сөздүн ордуна «бейпил» сөзүн алсак туура болот. Анткени «фил» деген фарсиден кирген кыргыз сөзү «чыр-чатак», «жаңжал» дегенди билдирет. Демек, бейпил – чыр-чатаксыз, тынч жашоонун синоними.

О.Түгөлбаев, Кыргыз билим берүү академиясы

3-тапшырма. 3 топко кептин сапаттуулугун арттыруучу, ар кандай кырдаалдарда айтылуучу сөз тизмектери берилет. Ар бир топ сөз тизмектери менен кыска текстерди же диалогдорду түзүп, окуп беришет.

Сылыктыкты билдирүүчү –сыз мүчөсүн тигил же бул сөзгө улап алып сүйлөй берсе эле, сылык-сыпаа болуп, кеп адебине төп келип калат деген туура эмес түшүнүк. Маселен, сахнага бирөөлөрдү «чыгыңыз» деп чакыруу орой, олдоксон, адепсиз угулат, себеби, «чык» деген сөз өзүнүн табит-жаратылышында бир топ ороюраак маниге ээ сөз. Ошол кырдаалга ал сөз ылайыксыз болуп, «чыгыңыз» эмес, «келиңиз» десе туура болчудай. «Чык» деген сөздүн табияты, мааниси «демитме» интонацияны талап кылган сөз. Ошондуктан, ар бир сөзгө этият болбосо, кеп адебине көлөкө түшүрүп, кептешүү-сүйлөшүү этикетинин нормасына залал келтирип алыш бир паста.

1-топ:

Чакыруу

- Чакырууга уруксат этиңиз!
- Келиңиздер, кубанычта болобуз!
- Сизди чакырабыз!
- Сизди чакырууга мүмкүнбү?
- Ар дайым эшигибиз ачык, күтөбүз!

Куттуктоо

- Куттуктоого уруксат этиңиздер!
- Биздин куттуктообузду кабыл алыңыздар!
- Жамааттын атынан куттуктайбыз!
- Чын жүрөктөн куттуктайбыз!
- Куттуктап кетебиз!

2-топ:

Көңүл айтуу

- Терең кайгыруу менен көңүл айтабыз!
- Сизге көңүл айтууга уруксат этиңиз!
- Жаманчылык ушуну менен кетсин!
- Кайгыңызды тең бөлүшөбүз!
- Көп капалана бербеңиз!

Кайрат айтуу

- Кайрат кылыңыз!
- Сизди түшүнүп турабыз!
- Сабыр кылыңыз!
- Бардыгы өз нугуна келет!
- Өзүңүздү колго алыңыз!

3-топ:

Макулдук берүү
- Азыр аткарабыз!
- Албетте!
- Макул, каршы эмесмин.
- Сиз айткандай болсун!
- Мейли, сиз айткандай болсун!

Макул эместикти айтуу
- Кечиресиз, макул эмесмин!
- Менин колумдайт келбейт, кечиресиз!
- Ойлонуп көрөйүн!
- Азыр мүмкүн эмес деп ойлойм.
- Кечириңиз, мүмкүн эмес!

4-тапшырма. Билип жүр. Кыргыз эли эзелтеден кепти максатына жана шартына ылайык, орду менен сүйлөгөн калк. "Сөздү учуру келгенде айтпаса, атасы өлөт" деп бекеринен айткан эместир. Кеп адебин көркүнө чыгара турган сөздөргө көңүл бургула.

Жаңы үйлөнгөн жигитке: Куш бооң бек болсун!
Келин алган тарапка: Коңшуңар кут болсун!
Жаңы үйгө киргендерге: Конуш кут болсун!
Балалуу болгондо: Бешик боо бек болсун!
Тойго барганда: Тоюңар кут болсун!
Кудага барганда: Кулдугубуз бар!
Кыз берген тарап: Кулдугуңуздар кудайга!
Туулган күндө: Туулган күнүңүз менен!
Айт майрамдарында: Айт маарек болсун!
Ишке орношкондо: Ишиңиз ийгиликтүү болсун!
Жолго чыгаарда: Жолуңуздар шыдыр болсун!
Дасторкон жайылган жерге: Ортоңуздар толсун!
Түшүм жыйноодо: Түшүмгө береке! Түшүм мол болсун!
Иш үстүндөгүлөргө: Ишиңиздер илгери болсун!
Куран окутууда: Кураныңыздар кабыл болсун!
Жакынынан айрылса: Арты кайрылуу болсун!

5-тапшырма. Тексттин үстүндө иштөө. Текстти окуп, эмнени байкадыңар? Кептин кайсы сапаты тууралуу сөз болуп жатат?

Кабарчы: Саламатсыздарбы? Биз азыр Тогуз-Торо районундагы Бирдик айылынын Казык участкасында эмгектенип жаткан дыйкандардын жанындабыз.
Саламатсыздарбы, сиз өзүңүздү таанышпырып кетсеңиз?
Айыл тургуну: Келдибек уулу Мурат, ушул айылда жашайм.
Кабарчы: Талаа иштетесизби? Канча жериңиз бар?
Айыл тургуну: 15 гектар жерибиз бар, поле иштетебиз.
Кабарчы: Жериңиздерге эмне айдайсыздар?
Айыл тургуну: Жүгөрү, пияз, семичке, фасоль, морковка.

Кабарчы: Аа, пияз, сабиз, төө буурчак десеңиз, жылдык кирешеңиздер үй-бүлөңүзгө жетеби?
Айыл тургуну: Буюрса, доход жакшы эле, семейный бюджетти толтуруп жатабыз.
Кабарчы: Кирешеңиздер жакшы эле турбайбы. Жаныңыздагы балдар кимдер?
Айыл тургуну: Менин бала-чакам, помощниктерим.
Кабарчы: Жардамчыларыңыз экен да? Маегиңизге рахмат!

Айылда жашап өз эне тилин баалабагандар да жолугат. Ушуну менен дыйкан талаасынан алынган интервью акырына чыкты.

6-тапшырма. Ата-энелерге карата куттуктоо, ыраазычылык жазуу. Текстин мааниси, орфографиялык, пунктуациялык жана стилдик каталары каралат.

Теманы бышыктоо максатында төмөндөгүдөй суроолор берилет:

1. Кептин кандай сапаттары бар?
2. Кептин орундуулугу деген эмне?
3. Кептин тууралыгы деп эмнени айтабыз?
4. Кептин тазалыгы деген эмне?

Үйгө тапшырма: “Азыркы мезгилдеги көрүнүктүү инсандардын сүйлөө маданияты кандай?” деген теманын үстүндө дил баян жазып келүү.

5– практикалык сабак

Сөз маданияты

План:

1. Сүйлөө маданияты.
2. Речь, сөз, кеп.
3. Сүйлөө маданиятын окуп үйрөнүү.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Давлетов С. Кыргыз тилинин урунттуу маселелери, I китеп Каракол, 2010.
3. Жумакадыров Д. Сүйлөө маданияты жана стилистика. Бишкек, 2007.
4. Кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү. Фрунзе, 1983.
5. Рыспаев С. Сөз жөнүндө дастан. «24.kg» МА, 14.01.2014-ж.
6. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.
7. Түгөлбаев О. Кыргыз тилинин азыркы абалы. Кыргыз билим берүү академиясынын окутуучусу.

1-тапшырма. Чакыруу баскычы. «Аң-сезимге чабуул» стратегиясын колдоонуу менен проблемалык жагдай түзүү үчүн студенттерге төмөндөгүдөй суроолор берилет:

1. Сөз деген эмне?
2. Сөз маданияты, сүйлөө маданияты деген сөздөрдү кандай түшүнөсүңөр?
3. Сөздүн кандай түрлөрүн билесиңер?

2-тапшырма: Түшүнүү баскычы. Студенттер “кеп” жана “сөз” деп кезектешип айтып, 2 топко бөлүнүшөт. Төмөндөгү текстти ИНСЕРТ стратегиясынын негизинде иштеп чыгышат.

- «V» - билем;
- «+» - жаңы билим;
- «-» - карама-каршы;
- «?» - түшүнүксүз.

Сөз деген эмне, сөз маданияты деген эмне? Төрөлүп, тили чыгып, өмүрүнүн соңуна чейинки тирүүлүк адам баласында сөз менен коштолгондуктун өзүндө, сөздүн чексиздик мааниси айтылып турат. Улуу сөз, улама сөз, учкул сөз, накыл сөз, макал-лакап сөз, кеп-кеңеш сөз, жыйындагы сөз. Жакшы сөз жанга кубат. Көңүлдү жабыркаткан сөздөр да адам оозунан чыгат. Сөздүн эң зыяндуусу – бурмаланып айтылган чындык. Сөз кадырына жете билүү, уга билүү, айта билүү – адамдык өсүп-өнүгүүгө өзөк.

Баары, баары сөздөн башталат. Сөз – улук. Улуу сөз өлбөйт. Таамай сөздүн тарбиялык таасирине маани бирилип, тарыхтан

тарыхка, муундан-муунга уланып айтылат. Өзүнүн оңдогон жылдар бою окутуучусу болгон Платон менен Аристотелдин ортосунда талаш-тартыш кайчы пикир келип чыгат. Ошондо айтканынан кайтпаган Аристотель “Платонду жанымдай көрөм, бирок чындык андан да артык” дегени – биздин заманга чейинки айтылган сөз. Ошондон берки нечен миң-миңдеген жылдар бою, дүйнөлүк элдердин оозунан түшпөй айтылып келет. Бул сөздүн тарбиялык мааниси, албетте – принциптүүлүк, эч убакта чындыктан тайыбагандык. “Өзүң кандай ойдо болсоң, ошондой айт. Бирөөлөрдүн оюндагысын көздөөгө көнүп алсаң, анда сен акыры, эки жүздүү кошоматчы болуп тынасың”, — деген тура, кайсы бир аалым.

Сөз маданияттуулук – жалпы элдик, мамлекеттик маанидеги маселе экендиги этибарга алынбай жүрүп олтурса, коомчулук турмушубузда жакшылык болбойт го. Деги эле, сөз маданияттуулук деген эмне? – Албетте, айта билүү, уга билүү. Англияда, парламенттик талкуу учурунда колдонууга тыйуу салынган сөздөрдүн тизмеси дайыма спикердин астында турса да, анын ар бирин спикерлер жатка билүүгө милдеттүү болушат экен. Эгерде, талаш-тартышта бирөөлөр ошол тыюу салынган сөздү колдонуп койсо, дароо эскертилип, экинчи ирет колдонсо, эң акыркы эскертүү берилип, үчүнчүсүндө, «бар, демиңди басып кел» - деп, атайы жай бар экен, ошого камап салышат экен. Демек, сөз маданияттуулук талкуу учурунда – мамлекеттик зарылчылык. Кандай гана талкуу, кандай гана кайчы пикирлер болбосун, талдоого алынып, негизделип, адамгерчиликтүү айтылышы керек деген тыянак чыгарылып атпайбы, бул жерде. Ушул жагынан бизде, коомчулук турмушубузда маселе барбы же жокпу? Албетте, бар! Таасирдүү ой, таамай сөз айта билүү маданияттуулук деген эмне? Ушул жагынан бүгүнкү күндө кандай абалдабыз? Аракет болуп жатабы? Маселеге маани берилип атабы? Эки сөздүн бирин орусчалап сүйлөгөндөр тыйылабы же дагы эле жылдан жылга күчөп жүрүп олтурабы? Дүйнөдөгү сөзгө эң бай тилдердин бири кыргыз тили экендиги эч талашсыз, ташка тамга баскандай, кыргыз сөздөрү коомубуздун, мамлекетибиздин, элибиздин турмушунда татыктуу ордун табабы, тазаланабы, таамайлык, таасирдүүлүк күчүн күчөтө алабызбы? Татаалдашып калган бул маселе канткенде ордуна келет. Эмне кылуу керек? Мисалы, бийлик, эл, ар бир кыргыз, ар бир ата-эне, коомчулук жана саясий күчтөр, журналисттер, интеллигенция өкүлдөрү? Кандай гана болбосун, тил жана сөз жагынан элибиздин элдигине азыркыдай жат көрүнүштөрдөн кыргыздардын тазалануусу тарыхый зарылчылык!

“Journalist news”, №8-9, 2012-ж.

3-тапшырма. Ойлонуу баскычы. Текстке көрсөтүлгөн белгилерди коюп бүткөндөн кийин, топтор белгилер боюнча таблица түзүшөт. Андан соң талкуу жүргүзүлүп, салыштырылып, кошумчаланып, окутуучу тарабынан түшүнүксүз суроолор же маалыматтар такталып, жыйынтыкталат.

"V" - билем	"+" – жаңы билдим	"-" – оюма карама-каршы	"?" - түшүнгөн жокмун

4-тапшырма. Бул тапшырма "Пикир жазуу" деп аталат. Тайпадагы студенттер 1,2,3 деп саноо менен 3 топко бөлүнөт. Окутуучу 3 түстүү баракча көрсөтөт, ар бир топ түстүү баракчадан бирөөнү тандап алат. Белгиленген убакыттын ичинде, баракчада кайсы сөз жазылган болсо, ошол сөз боюнча маалымат жазып, сүйлөм түзүп, презентациялашат.



5-тапшырма. Пикирлешүүнүн, баарлашуунун эң жөнөкөй бирдиктери тууралуу студенттерге тест берилет. Белгилүү убакыттын ичинде туура жообун белгилөө керек.

1. **Кайрылуу, көңүл бурдурууга тиешесиз сөздөрдү белгилегиле.**
   а) кечиресиз, айтып коесузбу;
   б) сизди бир мүнөткө мүмкүнбү;
   в) кечиресиз, макул эмесмин;
   г) чоң кыз, таанышып албайлыбы.
2. **Саламдашууга тиешесиз сөздөрдү белгилегиле.**
   а) саламатсызбы;
   б) көңүлдүү кечиңиздер менен;
   в) алейкима атсалам;
   г) ден соолук жакшыбы.
3. **Кечирим суроого тиешесиз сөздөрдү белгилегиле.**
   а) кечирип коюңузчу;
   б) ак чөп башта;
   в) менин күнөөм бар;
   г) күнөө менде эмес.

4. Өтүнүүгө <u>тиешесиз</u> сөздөрдү белгилегиле.

а) кирүүгө мүмкүнбү;
б) жоголуп кет;
в) мени күтүп турчу, ээ;
г) түшүндүрүп коюңузчу.

5. Коштошууга <u>тиешесиз</u> сөздөрдү белгилегиле.

а) кандай турасыз;
б) кайыр кош;
в) жолугушканча;
г) ак жол, көрүшкөнгө чейин.

6. Кечки каалоо, коштошууга <u>тиешелүү</u> сөздөрдү белгилегиле.

а) кутмандуу күнүңүз менен;
б) түнүңүз бейпил болсун;
в) жакшы тургула;
г) кечинкиге чейин.

7. Куттуктоого <u>тиешесиз</u> сөздөрдү белгилегиле.

а) жаңы жылыңыздар менен;
б) айыгып кетиңиз;
в) туулган күнүңүз менен;
г) куш боо бек болсун.

8. Таза сүйлөөгө <u>тиешелүү</u> сөздөрдү белгилегиле.

а) жаргондук сөздөр;
б) орой, булганыч сөздөр;
в) адабий тилдеги сөздөр;
г) чет тилден кирген сөздөр.

9. Чечендик өнөргө <u>тиешесиз</u> сөздөрдү белгилегиле.

а) сөз багып келген;
б) кызыл тилдүү;
в) кызыл профессор;
г) оратор, риторик.

10. Маданияттуулукка <u>тиешесиз</u> сөздөрдү белгилегиле.

а) сылык, сыпаа;
б) сулуу, татынакай;
в) нысаптуу, ыймандуу;
г) адептүү, таза.

Теманы бышыктоо максатында төмөндөгүдөй суроолор берилет:

1. Сүйлөө маданияты деген эмне?
2. Речь, сөз, кеп деген терминдер синоним боло алабы?
3. Сүйлөө маданиятын кантип, кайдан үйрөнсө болот?

Үйгө тапшырма: Уюлдук телефон менен сүйлөшүү этикетин жана сабакта отуруу этикетин жазуу.

6- практикалык сабак

Кептик этикеттин түрлөрү

План:

1. Этикет деген эмне?
2. Этикеттин түрлөрү.
3. Кептик этикеттин формалары.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Головин Б. Основы культуры речи. Москв, 1987.
3. Интернет булактары.
4. Мусаева В. Сүйлөшү маданияты аркылуу чечендик кепке үйрөтүүнүн методикасы. Бишкек, 2012.
5. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

1-слайд:

Бүгүнкү сабакта колдонуучу негизги сөз – этикет.

- Этикет – француз тилинен которгондо «ярлык» деген маанини берет.
- Сүйлөө этикетин ар бир адам билүүсү зарыл, себеби, адамдын кандай экени анын сүйлөгөн сөзүнөн билинет эмеспи.
- Кептик этикетте колдонулуучу атайын сөз тизмектери бар: алар саламдашууда, коштошууда, өтүнүүдө, ыраазычылык билдирүүдө колдонулат.
- Адам маданияттуу сүйлөп, кептик этикетти сактай билсе, андай адам менен баарлашуу жагымдуу жагдайды түзүп, айланасындагылар ага сылык, сыпайы мамиле жасашат.

1-тапшырма. БББК таблицасын толтуруу. Слайдда тексттер берилет, тексттерди окуп, ар бир текстке өзүнчө таблица толтурушат. Таблица толтурулуп бүткөндө, студенттер бири-бири менен талкуулап, анализдеп, жыйынтыкташат.

Билем…	Билдим…	Билгим келет?
1)… 2)… 3)…	1)… 2)… 3)…	1)… 2)… 3)…

2-слайд:

“Жок” деп айтуу этикети

Адамдар бири-бири менен баарлашып жатканда, маектешип жаткан адамдын кандайдыр бир өтүнүчүнө же суранычына “жок” деп жооп берүүдө абдан этият болуу керек. Себеби, “жок” деп терс жооп берүү менен адамдын көңүлү түшүп же кандайдыр бир кыжаалаттык учур пайда болуп калышы мүмкүн.

- ❖ Эң биринчи, “жок” деп айтуудан мурун, сиз баарлашып жаткан адамдын оюн туура түшүнүп алышыңыз керек. Балким ал, жөнөкөй гана нерсе тууралуу сизден суранып жатат, ага сиздин убактыңыз деле кетпестир.
- ❖ “Жок” деп айтууда, ар дайым эле анын себебин түшүндүрүүнүн кажети жок, себеби, кээ бир адамдарга сиздин себебиңиздин мааниси жок. Эгерде себебин түшүндүрө турган болсоңуз, так, ачык, калп айтпай түшүндүрүү керек.
- ❖ Эгерде сизден өтүнүп жаткан адамга жардам көрсөтө аларыңыз арсар болсо, анда “жок” деп айтуудан мурда, “ойлонуп көрөйүн”, “бир аз убакыттан кийин” деп айтуу туура болот.
- ❖ “Жок” деп кесе айтуу орой угулат, ошондуктан, “кечиресиз”, “рахмат” деген сөз айкалыштарын колдонсо болот.
- ❖ Баарлашып жаткан адамдын өтүнүчүн аткара албастыгыңызды айткандан кийин, ал өтүнүчтү башка бирөөгө айтып көрүүсү тууралуу айтуу кажет эмес, себеби, бул маданияттуулукка жатпайт.
- ❖ “Жок” деп жооп берүүдө үндүн тонуна көңүл буруп, жай гана жооп берүү керек.

3-слайд:

Кайрылуу этикети

Сүйлөшүү этикетинде эң башкысы адамга кайрылуу болуп саналат. “Сен” деп жакын адамдарга жана өзүңөн кичүүлөргө кайрылуу керек. Ал эми өзүңөн улуу жана тааныш эмес адамдарга, ошондой эле өзүң менен теңдүү тааныш эмес адамдарга дагы “сиз” деп кайрылуу адептүү. “Сиз – деген сылык сөз, сен – деген сенек сөз” деп бекеринен айтылбаса керек. “Сиз” деп кайрылуу адамдын маданияттуулугун көрсөтүп турат.

Кайрылууда адамдын атын гана айтпастан, атасынын аты-жөнү менен кайрылуу негиздүү болот. Мисалы, “Асан Акматович, сизди чакырып жатат”, “Айнура Абыловна берип жиберди” ж.б.

Кырдаалга жараша кайрылуунун 3 түрү белгилүү:

1. Официалдуу (сиз, мырза, айым, атасынын аты-жөнү менен кайрылуу).

2. Официалдуу эмес (сиз, сен, аты менен кайрылуу, алтыным, кымбатым ж.б. у.с. сөздөр менен)
3. Жаксыз (тааныш эмес адамга кайрылуу, “кечиресиз”, “мүмкүн болсо”, “айтып бере аласызбы” ж.б.)

Сүйлөшүүдө “тиги бала, ошол кыз, мобул аял, тээтиги киши” деген айкаштарды айтуу туура эмес. Эгерде адамдын аты-жөнүн билбесеңиз, же унутуп калсаңыз, “кечиресиз” деп сурап алуу ыңгайлуу.

4-слайд:

Маектешүү этикети

- Адамдар менен сүйлөшүп жатканда көп сүйлөөдөн алыс болуу керек жана сөз болуп жаткан предметтен алыс кетпөө керек.
- Маектешүүгө кошулуп жатып, кайсы бир тема тууралуу сүйлөшүлүп жатса, ошол темадан алыстабай, ошол тема боюнча билгениңизди айтаардан мурда ойлонуп көрүңүз.
- Ар дайым кыска, түшүнүктүү жана так сүйлөөгө аракет кылуу керек.
- Маектешүүдө ар тараптуу болуу шарт. Бир эле сөздү улам кайталай бербестен, кырдаалга жараша сөздөрдү таап, орду келгенде айта билүү кажет.
- Ар кандай адамдар менен тил табышып, сүйлөшүп кетүүнү билүү зарыл. Кеп маданиятын сактап, сылык сүйлөшүү адамдын жеке этикетине жатат.
- Маектешиңиздин сөзүн кунт коюп угуу зарыл, себеби укпай калып кайталап суроо, маданияттуулукка жатпайт.

2-тапшырма. Эки бөлүктүү күндөлүк. Бул тапшырмада студенттер жазылган цитатага комментарий берүүсү керек.

Цитата	**Комментарий**
Адамдын кандай экенин билүүнүн эң негизги жолу – анын сүйлөгөн кебине кулак салуу… Адамдын кеби – бул анын дүйнө таанымы жана жүрүм-туруму, кандай сүйлөсө, демек, ошондой ойлонот. Д.С.Лихачев	

3-тапшырма. Интерактивдүү оюн “Сөздүн гүлү”. Гүлдүн желекчелеринин астында катылган жагымдуу сөздөрдү таап жазуу керек.

5-слайд:

4-тапшырма. Чыгармачылык эргүү. Ар ким өзүнүн чыгармачылыгы менен мугалимдерге куттуктоо, ыраазычылык жазуусу керек. Текттердин мазмуну, орфографиялык, стилдик каталары каралат.

5-тапшырма: Билип ал.

6-слайд:

«Тиш өтпөгөнгө тил өтөт» демекчи тил жетпеген, тил өтпөгөн жер жок. Кандай кеп-сөз айтсаң, ошондой кеп-сөз угасың.

Ошондуктан кеп-сөз адеби кептешүү-сүйлөшүү этикети эки тараптан тең «өз көңүлүмдү, өз маанайымды көтөрүү үчүн, өзгөнүн маанайын көтөрө билүүм керек» деген сымал умтулуусу аркылуу шартталууга тийиш. Ал эми жылуу-жумшак сөз, сылык айтылган, сыпайы кеп жарык шоола, күн илеби сыяктуу айлана-тегеректегилерге жылуулук сээп, адам көңүлүн көтөрөт, «ич жылытып» жүрөктөн түнөк табат, адамдардын ымала-мамилесин, ынтымагын арттырат, ызааттуу сүйлөп, сыпайы мүнөзгө тарбиялайт, дилге уюп, кулака куюлат.

Кеп-сөз арасында кыстарылып, белгилүү бир, айталы, синтаксистик милдет аткаруу мүмкүнчүлүгүнөн сырткары турган *кечиресиз, кечирип коюңуз, мүмкүн болсо, макул көрсөңүз, уруксат болсо, ылайык десеңиз, кажет көрсөңүз, туура тапсаңыз деген* өңдүү киринди сөздөр, сөз тизмектери сырттан караганда анчалык таасирдүү болуп, көтөрүнкү жылуу-жумшак илеп менен айтылбагандай сезилгени менен, кеп-сөзүбүзгө белгилүү даражада жагымдуу ирең, жакшы маанай берип, сыпайкерчиликти, ызааттуулукту билдирет, жылуу-жумшак тап алып келет. Адамдын кичи пейил, адептүү, сылык-сыпайкерчилигин, ички маданиятын айгинелейт. «Дили адептүүнүн – тили адептүү» деген тариздүү дилин көрсөтөт.

Жакшы сөз сүйкүм угулат.
Жакшы сөз күндөн жылуурак.
Жакшы адам сөзгө түшүнөт
Жакшы адам сөзгө жыгылат.
Мурунтан калды көп макал,
Баарысы алтын сөз макал!
Карасаң бирөө мындай дейт:
«Карынын сөзүн капка сал». Ж.Садыков

Теманы бышыктоо максатында төмөндөгүдөй суроолор берилет:

1. Этикет деген эмне, анын кандай түрлөрү бар?
2. Маектешүү этикети кандай?
3. Маданияттуулуктун белгисин көрсөтүп турган кандай сөздөр бар?

Үйгө тапшырма: Аристотель, Цицерон, Сократ, Демосфен, Ленин жана Дейл Корнеги тууралуу маалымат топтоп, ораторлук искусствонун тарыхы деген теманы окуп келүү.

7-практикалык сабак

Ораторлук искусствонун тарыхы

План:

1. Ораторлук искусствонун тарыхы.
2. Байыркы дүйнөдөгү ораторлук искусство.
3. Кайра жаралуу доорундагы ораторлук искусство.
4. Байыркы орустун ораторлук искусствосу.
5. Жумушчу табынын ораторлук искусствосу.
6. Революциянын улуу ораторлору.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Апресян Г.З. Ораторское искусство.- Москва, 1978.
3. Головин Б. Основы культуры речи. Москв, 1987.
4. Ножин Е. А. Основы советского ораторского искусства. - Москва 1976.
5. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.
6. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

1-тапшырма. Бул тапшырма “Айлампа” деп аталат. Тайпадагы студенттерди санына жараша 5 топко бөлөбүз. Беш топко беш түстүү маркер берилет. Ар бир топко суроо жазылган баракчалар таратылат. Ар бир топ тиешелүү убакыттын ичинде жооп жазып, кийинки топко берет. Кийинки топ мурунку жоопту кайталап жазууга болбойт. Ошентип, баракчалар бир айланып бүткөндөн кийин, топтор өзүнө тиешелүү баракчасы келгенде, жоопторун окуп, талкуулашат.

2-тапшырма. Бул тапшырма “Сүрөт аркылуу жат жазуу” деп аталат. Тайпадагы студенттер 1,2 деп саноо менен топторго бөлүнүшөт. Ар бир топко белгилүү ораторлордун сүрөттөрү жана баракчалар берилет. Сүрөттөр боюнча билген маалыматтарын туура, так жазуулары керек. Жазып бүткөн соң, топтор баракчалары менен алмашып, кетирилген каталарын текшерип, анализдеп, баа коюшат.

1-топ:



Аристотель



Цицерон



Сократ

2-топ:



Демосфен



Ленин

Дейл Корнеги

3-тапшырма. Көркөм окуу.

Сөздөр

Учуп жүргөн сөздөр күйгөн жалындаган шаркырап,
Факел болуп айланага нур жайып.
Жашыл салют көктү көздөй аткандай,
Кызып учкан сөзгө толгон бүт аба.
Сөздөр зыр дейт жанга келип баткандай,
Демди кысып акактанган сөздөр бар,
Зоболонгон аска сүйлөп жаткандай,
Сөздөр да бар чап кармачу капкандай.
Балбандарды чалкасынын чапкандай
Айбалтадан айбаттуураак баткандай ,
Жүрөктөр катар согуп каккандай.
Ар тамгасы өрөпкүгөн сөздөр бар,

Шүүдүрүмдөр тизилишип аккандай.
Чечек болуп чечекейден чыкчу сөз,
Чертип мындай чечендерди жыкчу сөз.
Кандай гана сөздөр жок бул дүйнөдө
Сырын гана, сырын гана укчу сөз.

* * *

Тилиң барда сулуусуң да, улуусуң,
Тилди баркта падышаң да, куруучуң.
Эне тилде бакта сайрайт булбул да,
Тилиң менен сен бийиксиң, улуксуң!

* * *

Кыргыз элим көркөм сөздүн устаты,
Ар бир сөзү кылымдардын нускасы.
Өрнөк кылып муундардан муунга,
Кылым бою сактап келет кыскасы.

* * *

Эркин күчтүү, жолуң шыдыр болсун деп,
Таланттарың купулуна толсун деп,
Сөз берметин калтырыптыр бабалар,
«Манасты» окуп, эл намысын коргосун деп.
Кайда бурсаң кете берет кызыл тил,
Абайлагын жакшы нукка сала бил.
Адамдардын жүрөктөрүн оорутпа,
Жаман айтпа, жакшы сөзүң арнай бил.

4-тапшырма. Ой жүгүртүү. «Толгоосу токсон кызыл тил, сүйлөймүн десең өзүң бил» — деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?

Теманы бышыктоо максатында төмөндөгүдөй суроолор берилет:

1. Ораторлук искусствонун тарыхы кайдан башталган?
2. Кайра жаралуу доорундагы ораторлор кимдер?
3. Байыркы орустун ораторлору кимдер жана алардын кандай эмгектери бар?
4. Лениндин жолун нусколоочу ораторлор кимдер?

Үйгө тапшырма: “Оратор болуш үчүн эмне кылуу керек?” деген темада дилбаян жазуу жана “Жээренче чечен менен Акыл Карачач” элдик жомогун окуу.

8 - практикалык сабак

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы жана чечендик

План:

1.Оозеки чыгармачылык жана ораторлук искусство.
2.Чечендик айтыш.
3.Төкмө акындар.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Интернет булактары.
3. Кадыров Ы. Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар. Бишкек, 2011.
4. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.
5. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

1-тапшырма. Бул тапшырма “Окуп-түшүнүү” деп аталат. Тайпадагы студенттер эки топко бөлүнөт. Төмөндөгү текстти кунт коюп окуу зарыл. Текстти окуп бүткөн соң, топторго тексттин негизинде түзүлгөн тест берилет, белгилүү убакыттын ичинде туура жоопторун белгилөө керек. Окутуучу тапшырманы анализдеп, жыйынтыктайт.

Ар бир эл узак мезгилдер бою оозеки көркөм чыгармаларды: жомокторду, эпосторду, макал-лакап, табышмактарды жаратышкан. Бул чыгармалар таланттуу, шыктуу адамдар тарабынан чыгарылып, жүздөгөн, миңдеген жылдар бою ооздон-оозго, муундан-муунга өтүп айтылып келген жалпы элдик кенчке айланган. Алар жашаган мезгилге, турмуштун талабына, өзгөрүшүнө, аткаруучулардын шыгына, жөндөмүнө жараша кошумчаланып, жаңыланып жүрүп отурган. Ошентип, элдик оозеки чыгармалардын автору жок жана ал көп варианттарда кездешет. Элдик фольклор–эпикалык, дидактикалык, лирикалык чыгармалар болуп бөлүнөт.

Элдик чыгарманын күчү чындыкты терең чагылдыргандыгында. Алар көркөмдүүлүгү жагынан да эң жогору, ыр-бийге чыгармачылыкка абдан шыктуу. “Манас” трилогиясы, “Курманбек”, “Жаңыл Мырза”, “Кожожаш” жана башка чыгармаларды комуздун коштоосу же өзүнө ылайыктуу обон-ыр менен да айтышкан.

Элдик чыгармалар жазма адабияттын гүлдөп өсүшүндө зор роль ойнойт.

“Манас” трилогиясы дүйнө жүзүндөгү эң көлөмдүү, узун көркөм поэма катары Гиннестин рекорддор китебине жазылган. Эгер дүйнөнү дүңгүрөткөн поэмалар “Илиада” менен “Одиссейди” кошуп алсак, 27800 сап ыр. Ал эми “Манас” эпосу 500553, “Семетей” 587363, “Сейтек” 141888, бардыгы 1 229804 сап ырдан турганы талант, шык, жөндөм, чыгармачылыктын туу чокусу, кыргыз элинин бай мурасынын ээси экендигин далилдейт. Кыргыз элине гана тиешелүү болгон ички сезимдерин, кайгы кубанычын обондуу ырлар менен чагылдырган эл чанда гана кездешет. “Эмгек ырлары” жана “Кошоктор” буга мисал боло алат.

1. **Элдик оозеки чыгармалар жалпы элдик кенч деген сөздүн мааниси андай?**
   а) эпос, жомок, табышмак;
   б) муундан-муунга айтылган чыгарма;
   в) ооздон-оозго өткөн чыгарма;
   г) кыргыз элинин байлыгы, мурасы.
2. **Фольклордун жекече автору ким?**
   а) жаратуучулар;
   б) фольклористтер;
   в) муундар;
   г) эл.
3. **Варианттардын көп болушуна эмне себеп түрткү болгон?**
   а) кошумчаланганы, жаңыланганы;
   б) эң жогорку деңгээли;
   в) көркөм чыгармачылыгы;
   г) аткаруучулардын мыктылыгы.
4. **Элдик оозеки чыгармалар кимдер тарабынан жаралган?**
   а) таланттуу, шыктуу адамдар тарабынан;
   б) эпикалык чыгарманы жаратуучулар тарабынан;
   в) лирикалык чыгарма жаратуучулар тарабынан;
   г) дидактикалык чыгарма жаратуучулар тарабынан.
5. **Элдик чыгарманын күчү эмнеде?**
   а) ооздон-оозго өткөндүгүндө;
   б) муундан-муунга өткөндүгүндө;
   в) элдер жакшы кабыл алгандыгында;
   г) чындыкты терең, көркөм чагылдыргандыгында.
6. **Кыргыздын элдик оозеки чыгармалары бизге кантип жетти?**
   а) шыктуу адамдар тарабынан;
   б) чыгармачыл адамдар тарабынан;
   в) ооздон-оозго, муундан-муунга оозеки айтылып;
   г) элдик кенчке айланганы үчүн.

7. Эмне үчүн “Манас” трилогиясы Гиннестин рекорд китебине кирди?

а) дүйнө жүзүн дүңгүрөткөндүгү үчүн;
б) кыргыз элинин жашоосун чагылдыргандыгы үчүн;
в) баатырдык эпос болгону үчүн;
г) эң көлөмдүү, узун, көркөм поэма үчүн.

8. “Туу чокусу” деген сөздүн мааниси кайсы сөздөргө тиешелүү?

а) “Манас” эпосунун;
б) чыгармачыл талант, шык, жөндөмдүн;
в) жомоктор, жаңылмачтардын;
г) эмгек ырлары, кошоктордун.

9. Кыргыз эли эмненин ээси экендиги жөнүндө сөз болот?

а) поэмалардын;
б) эпостордун;
в) бай мурастардын;
г) ырлардын.

10. Текстин мазмуну эмне жөнүндө?

а) “Манас” трилогиясы жөнүндө;
б) кыргыздын таланттуу, шыктуу адамдары жөнүндө;
в) кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы жөнүндө;
г) “Илиада” жана “Одиссей” жөнүндө.

2-тапшырма. Интерактивдүү оюн: Тап, тап, мени тап. Баш катырмада 10 сөз катылган. Сөздөрдү таап, жазуу керек.

Ь	Е	Р	С	Ф	Е	Н	Т	Ө	Ң
Ц	Т	О	Х	Я	О	Я	Ч	Э	Л
У	М	Б	Т	Р	И	Б	У	Н	Е
Ч	**Е**	**Ч**	**Е**	**Н**	О	Ч	Я	Ч	К
Ю	Д	Ц	А	Д	Р	Ы	Г	А	Ц
З	И	Д	Ң	Р	А	Й	Ш	К	И
Ц	А	У	Д	И	Т	О	Р	И	Я
М	А	Р	И	С	Т	О	Т	Е	Л

3-тапшырма. Столдо тайпадагы студенттердин санына жараша 4 түстөгү карточка болот. Ар ким өзү каалаган карточканы тандап алат. Студенттер түстөргө карата 4 топко бөлүнүшөт. Ар бир топ берилген тапшырмага жана суроого даярданып, жооп берүүсү керек.

1-топ: Жээренче чечен менен Төлөмырза.

Суроо: «Ат жалына казан ас», «Узун жолду кыскарт» деген сөздөрдүн мааниси кандай?

2-топ: Жээренче чечендин Акыл Карачачка жолугушу.

Суроо: -Ээ, ата, ал кыздардын төрт зыяны бар, менин бир зыяным, үч пайдам бар, — деди кыз. Акыл Карачач эмне жөнүндө айтты?

«Калыңсыз кыз болсо да, каадасыз кыз болбойт» деп элдер эмне жөнүндө айтышты?

3-топ: Жаныбек хандын суроо-тапшырмалары.

Суроо: Тулпарды уйга сатса не болот?
Атты эшекке сатса не болот?
Туйгунду каргага сатса не болот?
Башы ачык катынды нааданга сатса не болот? – деген Жаныбек хандын суроолоруна Акыл Карачач кандай жооп берди?

4-топ: Жээренче чечендин айдалышы.

Суроо: «Эгиндериңер жакшы чыгып, жакшы бышты деп уктум. Орокчулар шай экен, кыштын арты кандай болот, кышка калтырбай эрте оруп алгыла. Толубай, Токтогул, Асанга кабар бергиле. Сокур кара теке бар, аны сакалынан байлап, көзүн оюп, көлгө салгыла. Болор-болбос бычагым бар, мизи курч кестигим бар, унутулуп журтта калбасын» —деп Жээренче эмне тууралуу айтты?

4-тапшырма. Аудиоролик көрсөтүлөт. Анда төкмө акындар тууралуу маалымат берилип, айтыштан үзүндү көрсөтүлөт. Акырында жалпы аудиторияга суроо узатылат: Төкмө акындар деп кимдерди айтабыз жана айтыштардын мааниси кандай?

Кыргыздын белгилүү төкмө акындарынын бири - Туткучов Аалы Төлөгөнович. 1983-жылы 9-декабрда Талас облусунун Арал айылында туулган. Учурда Т.Сатылганов атындагы Улуттук филармониянын "Эл ырчысы Эстебес" тобунун жетекчиси.

Ийгиликтери: Айтыш – 2005те баш байге, Айтыш-2007де 2-орун, Айтыш–2008де Президенттин байгеси учун казак-кыргыз айтышы 2-орун, Замандаш–2006да Жылдын мыкты акыны.

Кыргыздын белгилүү төкмө акындары:

- Абдубали Айтимбетов
- Адилет Айтикеев
- Азамат Болгонбаев
- Женишбек Токтобеков
- Жыпара Козукеева
- Майра Керим кызы
- Жылдызбек Алыбаев
- Максат Кулуев
- Табылды Актанов
- Элмирбек Иманалиев

5-тапшырма. «Жадыбал» деп аталат. Студенттерге кичинекей баракчалар берилет. Төмөндө берилген суроолорго жооп бергиле. Ар бир суроого так жооптор жазылат: өзүңөрдү бир сөз менен сүрөттөгүлө, эмнеге сыймыктанганыңарды, сырыңарды, эмнеге өкүнө турганыңарды жана келечекке койгон максатыңар.

- *Мен …*
- *Менин сыймыктанганым …*
- *Менин сырым …*
- *Менин өкүнгөнүм …*
- *Менин максатым …*

Теманы бышыктоо максатында төмөндөгүдөй суроолор берилет:

1. Элдик оозеки чыгармалар деген эмне?
2. Чечендик айтыш менен акындардын айтышында кандай окшоштук жана айырмачылык бар?
3. Импровизация деп эмнени айтабыз?
4. Төкмө акындардын чыгармачылыгы?

Үйгө тапшырма: “Батыш өлкөлөрүнүн бизге тийгизген таасири” деген темада чакан ой пикир жазуу жана ораторлук сапаттар деген теманы окуу.

9 – практикалык сабак

Ораторлук сапаттар

План:

1. Оратор жана аудитория.
2. Негизги ораторлук сапаттар.
3. Асыл ойлор.

1-тапшырма. Дебат (талкуу). Талкуу ПСМТ усулун колдонуу менен ишке ашырылат. Тайпадагы студенттер 1,2 деп саноо менен эки топко бөлүнөт. Талкуунун темасы - “Азыркы мезгилдеги сөз маданияты”. Белгилүү убакыттын ичинде ар бир топ тема боюнча ойлонуп, өз ойлорун билдиришет. Топтор позицияларын талкуулап, тыянак чыгарышат.

1. Позиция:
2. Себеп:
3. Мисал:
4. Тыянак:

2-тапшырма. Жогорудагы топторго баракчалар берилет. Алар оратор жана аудитория деген сөздөргө синквэйн түзүшөт.

Синквэйн түзүүнүн эрежеси:

1. *1 зат атооч сөз;*
2. *2 сын атооч сөз;*
3. *3 этиш сөз;*
4. *4 сөздөн турган фраза;*
5. *1-саптын синоними*

3-тапшырма. Жогорудагы топтор оратордун негизги сапаттары жана чечен деген сөздөргө класстер түзүшөт.

1.



2.



4 -тапшырма. Төмөндөгү макалдардын аягын улагыла.

- ❖ Жакшы сөз жан эритет,
  …
- ❖ Ата ордун бала басат,
  …
- ❖ Билими күчтүү миңди жыгат,
  …
- ❖ Эмгегиң катуу болсо,
  …
- ❖ Көп кыдырган кезме,
  …
- ❖ Жоомарт болсоң алкыш аласың,
  …
- ❖ Жакшы сууну алыс төкпөйт,
  …
- ❖ Жакшынын журтунда отун калат,
  …
- ❖ Маңызданып чечен болбойсуң,
  …
- ❖ Карга баласын аппагым дейт,
  …

5-тапшырма. Акылмандардын кебинен…

- ❖ Адамдын акылдуулугу берген жообунан эмес, берген суроосунан билинет. *Гостон де Левис*
- ❖ Өтө сыйчылдык - кошоматчылыктын өтө купуя, өтө сыпайы түрү. *Уильям Шенстон*
- ❖ Жакшы күйөө балага жолуксаң - уулдуу болдуң, жаман күйөө балага жолуксаң - кызыңан ажырадың. *Демокрит*
- ❖ Адам баласы жарыкта - караңгыны, кубанычта - кайгыны, токчулукта - жокчулукту ойлонбойт. Бирок, караңгыда - жарыкты, кайгыда - кубанычты, жокчулукта - токчулукту дайыма ойлойт. *Иммануил Кант*
- ❖ Эгер сен адамды билгиң келсе, ал жөнүндө башкалар эмне айткандарына кулак салбай, ал башкалар тууралуу эмне айтаарына кулак сал. *Вуди Аллен*

Теманы бышыктоо максатында төмөндөгүдөй суроолор берилет:

1. Оратор аудиторияга кандай кайрылыш керек?
2. Оратор менен аудитория кандай байланышта?
3. Ораторлук искусствонун композициясы деген эмне?
4. Негизги ораторлук сапаттар кайсы?

Үйгө тапшырма: Э.Ибраевдин “Кызыл тил” аттуу ырын жаттап, көркөм айтуу, риторика жана публикалык сүйлөө аттуу теманы окуу.

10 - практикалык сабак

Риторика жана публикалык сүйлөө

План:

1. Риторика термини жөнүндө жалпы түшүнүк.
2. Публика жана трибун.
3. Агитациялык пропаганда жана лектордук сүйлөө.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Интернет булактары.
3. Капалбаев О. Кыргыз элинин чечендик өнөрү. Бишкек, 2015.
4. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.
5. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.

1-тапшырма. Оозеки сүйлөө. Студенттер даярдап келген тапшырмаларын оозеки жооп беришет, ал эми аудитория суроо берет.

2-тапшырма. Аукцион оюну. Тайпа 1,2,3 деп саноо менен 3 топко бөлүнөт. Ар бир топ белгилүү убакыттын ичинде текстерди окуп чыгып, талкуулашат. Аукционго “Риторика” сөзү коюлат. Ар бир топ тексттен алган маалыматтарын айтып, упай топтошот. Кайсы топ көп упай топтосо, ошол топ утушка ээ болот.

1-топ: Риторика биздин доорго чейин V кылымда Байыркы Грецияда пайда болуп, "бардык илимдердин ханышасы" катары эсептелинген. Платон жана анын окуучусу Аристотелдин кызыл тил тууралуу ой жүгүртүүлөрү бүгүнкү күнү дагы өз маанисин жоготкон жок. Риторика илиминин өнүгүү тарыхынын бардык учурунда анын мааниси өркүндөп, ар кыл мезгилдерде бул илимдин ар кыл алдыңкы, үлгүлүү жактары биринчи планга чыгып келген. Эгер байыркы гректердин доорунда риториканын жетектөөчү идеясы же формуласы катары "ынандыра билүү искусствосу" саналса, ал эми римдик кызыл тил теориясында эң негизгиси жакшы сүйлөө искусствосу болуп саналган. Орто кылымдагы Европада - Франция, Германия, Италияда риторика "кепти жасалгалоо, көркөмдөө" тууралуу илим катары түшүнүлгөн. Кайра жаралуу доору риториканы көркөм адабиятка жакындатууга таасирин тийгизди. Акырындап риторикада ар кыл

агымдар - логикалык, жекече көркөм жана стилистикалык агымдар калыптанган. Риториканын бир жагынан грамматикага, экинчи жагынан поэтикага жакындашуусу эмдигиче ар кыл китептерде жазылып келет. Орто кылымда Европада риторика тууралуу китептер алгачкы ирет латынча жазылган, кийинчерээк XVI-IXX-кылымдарда ар кыл улуттук тилдердеги риторикалык чыгармалар пайда боло баштаган. Риторикага арналган чыгармалар эски славян тилине которулуп, биринчи кезекте чиркөө кызматкерлери тарабынан колдонулган. Петр I-нин доорунда "Духовный регламент" деген китеп чыгарылып, анда чиркөөнүн кызматкерлеринин туура сүйлөө кеби айтылган. Ошол учурда советтик коомдо кызыл тил маселеси талкууга алынып, Петр биринчи кол алдындагылардын кебинин стилине көңүл буруп, чет элдик түшүнүксүз сөздөрдү колдонбоону, кагаз карабай эркин сүйлөөнү талап кылып, 1724-жылы "Кагаз карабай, өзүнүн сөзү менен сүйлөө" тууралуу атайын указ кабыл алган.

2-топ: Россияда риторика багытындагы окуу куралдары XVII-кылымдан баштап белгилүү. Россияда М.В.Ломоносов тарабынан "Риторика" жана "Краткое руководство к красноречию" деген китептер жазылган. Ломоносов чечендикке үйрөтүүчү төмөнкү белгилерди айткан: табигый талант, дээр; илим, билим; авторлорду тууроо; чыгарманын үстүндө көнүгүү, башка илимдерди билүү - жалпы маданият, эрудиция. Россиядагы риториканын гүлдөшү IXX-кылымдын биринчи жарымына таандык. Профессор Н.Кошанскийдин "Жалпы риторика" деген эмгегине жазган рецензиясында сынчы минтип жазат: "Чечен жалпы элди өзүнүн сөзүнүн ачык-айкындыгы, таасирдүүлүгү, көркөмдүүлүгү менен ынандырып, муюта алат. Чыгарманын авторунун же оратордун олуттуу мазмундуу, терең ойлуу кеби гана окурмандардын же угармандардын көңүлүнө татыктуу болот". IXX-XX-кылымдарда чет мамлекеттерде кызыл тилдин проблемалары сот кызматкерлеринин көңүлүн өзүнө бурган. Анткени адвокаттык кесип өтө жогорку оратордук өнөрдү талап кылган. Белгилүү сот кызматкери жана жазуучу А.Ф.Кони кызыл тил илимине чоң салымын кошкон. "Лекторлорго кеңеш" аттуу эмгегинде алдыда сүйлөй турган сөзгө олуттуу даярдануну айтып, Ньютондон тартылуу законун кантип ачкандыгын сурашкандагы улуу

математиктин жообунан мисал келтирген. Кони кептин образдуулугун жогору баалаган жана көрсөтмөлүү салыштырууларды, эпитеттерди колдонууну сунуш кылган. Ал бир тондуулуктан качууга, үндү бийик чыгарып, көркөм, ачык, так сүйлөөнү сунуш кылып, оратордун дикциясына көңүл бурган. Кайталоо, шаблонго каршы туруп, "шаблон - бул чыгармачылыкка таптакыр коошпогон нерсе. Жөнөкөй, түшүнүктүү кеп аркылуу гана оратор жеңишке жетише алат" деген. Кептин кыска, тактыгын талап кылып, угармандардын көңүл буруусуна тескери таасир берүүчү ашыкча, майда сөздөрдөн арылууну сунуш кылган.

3-топ: Бирок XX-кылымдын 20-жылдарынан баштап, совет өкмөтү мезгилинде чечендик кеп проблемасы өзүнүн актуалдуулугун жоготуп, риторика жогорку окуу жайларында жана мектепте окутулбай калган. Анткени тоталитардык заманда риторика өзүнүн маанисинен ажырап, оратор менен аудиториянын жандуу карым-катнашы ишке ашпаган. Мунун дагы бир себеби сүйлөй турган адам тигил же бул мекеме тарабынан мурдатан даярдалган жана бекитилген, эч кандай өзгөрүүсүз, анын чегинен чыга албай турган текст боюнча гана чыгып сүйлөгөн. Оратор ээн-эркин сүйлөө укугуна ээ боло албай, анын сөзү катуу цензурага туш болгон. Бул докладчыны жекече, эркин ой жүгүртүү менен өз оюндагысын айтуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан. Демек, ошентип, кызыл тил, чечендик, оратордук жөнүндөгү илим эч кимге керексиз болгон. Ушундан улам, бул мезгилде жалпы элдин сабатсыздыгын жоюу иши ийгиликтерге жетишкендиги менен сүйлөшүү этикети, кеп маданияты төмөнкү деңгээлге түшкөн: мектептерде чечендик искусствосу, риторика окутулбаган; кооз, көркөм, туура, так сүйлөөгө үйрөтүлбөгөн. Ал эми азыркы демократиялык коомдо оратор ээн-эркин сүйлөөгө мүмкүнчүлүгү бар. Ал аудиториянын көңүлүн өзүнө буруу менен угуучулар үчүн өзүнүн сөзүн кызыктуу кылууга, өзүнүн сөзүнүн акыйкаттуулугуна угармандарды ынандыра билүүсү зарыл. Ораторго өзүнүн докладын чыгармачылык менен даярдоого туура келет. Бул үчүн риториканын бардык алдыңкы үлгүлөрүн, сырларын билүүсү зарыл.

3-тапшырма. Эске тутуу жөндөмдүүлүгүн текшерүү. Студенттер эки колун столго коюп, башын эңкейтип, көзүн жумат. Окутуучу 10 сөздү эки жолу кайталап окуйт. Студенттер ирээти менен сөздөрдү жазып чыгуусу керек.

Лекция, риторика, чечен, трибун, агитация, публика, аудитория, неориторика, маданият, искусство.

4-тапшырма. Эссе жазуу. Темасы: «Көрнөк-жарнактардын жазылышы». Белгиленген убакыттын ичинде жазуу.

Эссе жазуунун схемасы:

1. Киришүү (жалпылоо);
2. Негизги бөлүк а) фокус (оң-терс жагы);
   б) обзор (мисал менен далилдөө);
3. Корутунду (тыянак чыгаруу).

5-тапшырма. Бул тапшырма "Менин салымым" деп аталат. Студенттерге кичинекей баракчалар таратылат. Ар бир студент өзүн-өзү баалайт.

Менин салымым ...

- *Оозеки жоп ...*
- *Суроо ...*
- *Суроого жоп ...*
- *Аукционго ...*
- *10 сөзду ирети менен ...*
- *Эссе ...*

Демек, мен ... деген баага татыктуумун.

Теманы бышыктоо максатында төмөндөгүдөй суроолор берилет:

1. Риторика термини эмнени түшүндүрөт?
2. Трибун деп кимди айтабыз?
3. Публикалык сүйлөөнүн, аудиторияга кайрылуунун кандай талаптары бар?
4. Пропаганда деп эмнени айтабыз, ал кандай болушу керек?

Үйгө тапшырма: Жаңылмач, макал, төрт сап ырлардан жаттап жана жалпы темаларды кайталоо.

11 - практикалык сабак

Чечендик чеберчилик

План:

1. Чечендик өнөр.
2. Чечендик өнөрдүн бөлүнүшү.
3. Чечендерди классификациялоо.
4. Элдик чечендерге тиешелүү сапаттар.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Кадыров Ы. Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар. Бишкек, 2011.
3. Капалбаев О. Кыргыз элинин чечендик өнөрү.Бишкек, 2015.
4. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.
5. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.
6. Обозканов А. Чечендиктин айтыш өнөрүнөн алган орду. И.Арабаев атындагы КМУнун доценти, ф.и.к., илимий макала.

Жарышуу сабагы. Студенттер 2 түстүү желекчелердин бирин тандоо менен эки топко бөлүнөт.

1-тапшырма. Ыр айтышы. Топтор 4 сап ырлардан айтып, упай топтошот. Ырды көркөм, жеткиликтүү кылып айтуу керек.

2-тапшырма. Табышмактар. Аң-сезимге чабуул стратегиясын колдонуу менен, жогорудагы 2 топко табышмактар айтылат, жандырмагын ким биринчи тапса, ошол топко упай берилет.

1. Капталы тилик,
   Дайыма кыргызда болот,
   Жүн баскан чокуну минип.
2. Зергерлер сатат базарда
   Билекке салчу жасалга.
3. Ийнедей жалгыз аягы,
   Түптүз жолдо жорголойт.
   Мончоктой болуп тизилип,
   Учунан сөздөр шорголойт.
4. Узун терек жыгылды
   Учу менин колумда.
   Булбулдары сайраса
   Тили менин колумда.
5. Кара тоо башын кар чалды
   Кайнар булак соолуду,
   Отуз эки аргымак, ойноп жүрүп жоголду.

6. Канаты бар, учпайт,
   Куйругу бар, конбойт.
   Буту жок сойлойт,
   Буттуудай ойнойт.
7. Өңү кызыл, өзү кызык,
   Боорунда бар жалгыз сызык,
   Берекелүү балбан колдор,
   Күз айында алат сузуп.
8. Ашка салсам жоголду,
   Анын даамы оңолду.
9. Кыркыраган абышка өлөм дейт,
   Кырк уулу кырк жагынан жөлөйм дейт.
10. Үйгө чыккан гүлкайыр,
   Жайы-кышы соолубайт.
   Тепсесе да бул гүлдү,
   Үй ээси такыр корубайт.

3-тапшырма. Жаңылмач айтышуу. Топторго жаңылмачтар берилет. Белгиленген убакыттын ичинде жаңылмачтарды так кайталап берүү керек.

1-топ:

Алар ак кууларбы,
Ашкан сак кууларбы,
Аңчыны алар азгырабы,
Аңчыны алдап жазгырабы,
Аңчыга алар аттырабы?

Топоздор топ-топ болуп турушабы,
Топоздор токтоп турушабы,
Топоздор оттоп турушабы,
Топоздор топозго окшоп турушабы?

Бул - май каймак, бал каймак,
Балдан чыккан ал каймак.
Балда май, бал болбосо,
Кайдан чыккан ал каймак.
Бул - бал каймак, бал каймак,
Бул - бал каймак, май каймак,
Тең келет буга кай каймак.

2-топ:

Жаныл жанылмач айтты,
Жанылмачын кайталап айтты.

Жанылмачтан жанылсын деп
Жанылмачын бат-баттан айтты.

Тоонун тегизи болобу,
Түлкүнүн семизи болобу.
Төөнүн эгизи болобу,
Табылгынын сүтү болобу
Таранчынын күчү болобу?

Багыш бадалды аралады,
Багыштын артынан бала бадалды аралап,
Багышка бара алабы?
Багыш бадалды ары аралады,
Багыш баласына каралады,
Баласына каралаган багышты
Бадал аралаган бала табалабы?

4-тапшырма. Макал айтышуу. Макалдын биринчи сабы айтылат, экинчи сабын табуу керек.

- ❖ Буттан жыгылган турат, …
- ❖ Көпкөн жигит көп сүйлөйт, …
- ❖ Жакшы таап айтат, …
- ❖ Кептин кезеги келгенде айтпаса, …
- ❖ Сууну көп кечсе балчык болот, …
- ❖ Көрө-көрө көсөм болор, …
- ❖ Жакшы сөз жан эритет, …
- ❖ Сөз кутулбайт чеченден, …
- ❖ Сөзү ырас болсо — ордунда турат, …
- ❖ Сөздү билген таап алат, …

5-тапшырма. Викторина “Эмне? Качан? Кайда?”. Ар бир топ лидер даярдайт. Доскада суроолор жашырылган карточкалар илинет. Карточканын сыртында сандар жазылуу болот. Топтор кеңешип бир санды тандап алышат да, ошол сандын ичинде катылган суроого белгилүү убакыттын ичинде ойлонуп, жооп беришет. Жоопту ким берерин топтун лидери тактап турат. Эгер жооп туура эмес болуп калса, каршылаш топ жооп берип, упай алса болот.

М:
❖ Чечендик өнөр качан, кайда пайда болгон?

- Кайсы бир чечендин, качан, кайда, эмне деп айтканын айтып бергиле?
- Оратор деген ким, качан, кайда пайда болгон?
- Риторика деген эмне, качан, кайда пайда болгон?
- Цицерон деген ким, ал качан, кайда туулган?
- Ленин деген ким, ал качан, кайда туулган?
- Чукугандай өтө курч, таамай айтылган сөздөр эмне деп аталат, алар качан, кайда колдонулат?
- Футуролог деген ким, ал качан кайда пайда болгон?
- Адабий тилдин нормасына ылайык келбеген сөздөр эмне деп атаат, алар качан, кайда колдонулат?
- Тилекмат аке деген ким, качан, кайда туулган?

6-тапшырма. Топторго риторикалык топтомдор берилет. Топтомдорду топтор талкуулап, маанисин чечмелеп берүүсү керек.

1-топ:

Киши акысын жегендик – арамдыктын белгиси.
Мээнет менен жан багыш – адалдыктын белгиси.
Өңдөн азып саргайыш – кеселдиктин белгиси.
Кызыл өңүн нур чалып, күмүштөн кемер курчанып,
Сүлөөсүн кийип сүлкүлдөп, манаттан кийип бүлкүлдөп,
Жаз күнүндөй жаркырап, күз күнүндөй күтүрөп,
Жалтанбай топко сүйлөсө, бул – жаштыктын белгиси.
Өйдө чыкса өбөк жок, ылдый түшсө жөлөк жок –
жалгыздыктын белгиси.
Сөздүн ыгын билбесе, сөөдүрөп топко сүйлөсө –
тантыктыктын белгиси.

Арстанбек Буйлаш уулу

Айтса кулак илбесе, акылсыздын белгиси.
Адамдын көөнүн оорутпай, аста-секин кеп айтыш –
асылдыктын белгиси.
Топту жарып сөз айтыш – чечендиктин белгиси.
Убада сөзүн унутуу – эсерликтин белгиси.
Конок келсе сүйбөгөн - сараңдыктын белгиси.
Кызыл-тазыл кийинген, мажүрүм талдай ийилген –
кыз баланын белгиси.

Арстанбек Буйлаш уулу

2-топ:

Айтылган сырды жашыруу – бекемдиктин белгиси.
Эп келтирип сөз айтуу - эстүүлүктүн белгиси.
Туура сөздөн качпаган – калыстыктын белгиси.
Өз орду менен сүйлөсө, кызыл тилин бүүлөсө –
таасындыктын белгиси.
Кадырлуу болсо журтуна, сүйлөгөн сөзү тек кетпей,
Кары-жаш укса умтула – акылдуунун белгиси.
Кылган ишке карганса, тангандыктын белгиси.

Арстанбек Буйлаш уулу

Эне-атасын барктаган, элин жоодон сактаган,
Жол күзөтүп күнү-түн, эки ай бою жатпаган –
эр-азамат белгиси.
Бекитип тамак катпаган, айран-сүтү батпаган –
берекенин белгиси.
Жамандыкты кечирүү - айкөлдүктүн белгиси.
Ичпей-жебей мал күтүү - катуулуктун белгиси.

Арстанбек Буйлаш уулу

7-тапшырма. Топторго баракчалар берилет. Баракчага топтор бири-бирине анализ берип, баа коюшат.

Теманы бышыктоо максатында төмөндөгүдөй суроолор берилет:

1. Чечендер деп кимдерди айтабыз?
2. Чечендерди кандай классификациялайбыз?
3. Чечендик өнөр кандай болуп бөлүнөт?
4. Элчилик кесиптин мааниси?
5. Чечендерге кандай сапаттар тиешелүү?

Үйгө тапшырма: Элдик чечендер жана чечендик айтыш деген теманы окуу жана Калыгул, Кет Бука, Куйручук тууралуу маалымат топтоп келүү.

12 - практикалык сабак

Элдик чечендер жана чечендик айтыш

План:

1. Чечен сөздөр.
2. Чечендердеги олуялык сапаттар.

Колдонулган адабиятар:

1. Ашырбаев Т. Кеп маданияты. Ош, 2004.
2. Интернет булактары.
3. Кадыров Ы. Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар. Бишкек, 2011.
4. Капалбаев О. Кыргыз элинин чечендик өнөрү. Бишкек, 2015.
5. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.
6. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.ң
7. Обозканов А. Чечендиктин айтыш өнөрүнөн алган орду. И.Арабаев атындагы КМУнун доценти, ф.и.к., илимий макала.

1-тапшырма. Ой жүгүртүү. Тайпадагы студенттердин санына жараша столго 3 түстүү тегерекчелер коюлат. Ар бир студент өзү каалаган түстү тандап алат. Түстөргө жараша тайпа 3 топко бөлүнөт. Ар бир топко чечендердин айткан сөздөрү берилет. Окуп, ой жүгүртүп, талдоо керек:

1-топ: Байзак чечендин айткандарынан:

Жылынып жүрүп күндүн баркын билбейт экенбиз,
чыгыштан чыкты, батышка батты деп.
жашап жүрүп жердин баркын билбейт экенбиз,
тоосу таш, түсү топурак деп.
Ичип жүрүп суунун баркын билбейт экенбиз,
Жутса муздак, кайнатса ысык деп. «Көчмөндөр кагылышы»

2-топ: Чакарбай чечендин айткандарынан:

Турмуш – тутанган куурай,
Өлүм – өчкөн от,
Кыял – кармалбаган куш,
Айтылган сөз – атылган ок.
Бул дүйнө аккан суудай, айкаштагы чуудай,
Төгүлөгн кумдай бардыгы өтөр.
Бетеге кетет, бел калат,
Бектер кетет, эл калат.

Осмо кетет, каш калат,
Оомат кетет, баш калат.
Учкан камгактай, уюлгуган куюндай агып, жоголуп барат.
Жараткандан үчөө гана өлбөйт:
Калдайган кара жер өлбөйт
Аскасы бийик тоо өлбөйт
Агыны катуу суу өлбөйт
Калганы бүгүн бар да эртең жок.

3-топ: Токтосун Бойкон уулунун айткандарынан:

Кыздан айланайын, күйөө табат, канты менен чайын ала чабат. Кедей болсо да, бай болсо да кур келбейт. Уулуң аман болсун, келин табат. Келин келет, отко окшогон жалын келет. Жакшы болсо, жолуңдагы ишти кыла келет. Жаман болсо, өз уулуңду өзүңдөн ажыраткан залим келет. Жакшы аял – атан төө. Кайнатасы сүйүнөт «жүк көтөргөн нарым» деп, кайненеси сүйүнөт «бышып турган наным» деп, алган жары сүйүнөт «күндө таткан балым» деп, «жаратканга миң шүгүр, жакшы чыкты жарым» деп. Жаман аял курусун, акыл айтсаң андайга, көрүнөсүң бузгандай, көйнөгүнүн чалмасы, көргөн адам кускандай, кебетесин карасаң, кап тешкен сокур чычкандай. Бейжай болсо, аял – жоо, бейакыл болсо, уулуң - жоо, беймаза болсо, келин – жоо, бейтартип болсо, кызың - жоо. Ушунча жоонун ичинде, кудай-ай, сен кантип жүрөсүң эсен-соо.

2-тапшырма. Жогоруда түзүлгөн топтор 3 карточканын каалаганын тандап алышат. Карточкада жазылган тема боюнча даярданып, презентациялоо.

Калыгул олуя	Куйручук	Кет Бука

3-тапшырма. Билип ал.

«Баатыр жоодо таанылат, чечен доодо таанылат». Бул макалга дагы үндөш: «Баатыр болмок маңдайдан, чечен болмок таңдайдан», «Баатыр баатырды көзүнөн тааныйт», «Баатыр кол баштайт, чечен сөз баштайт» жана башка ушул сыяктуу макал жана учкул сөздөр биринин мазмунун бири толуктайт. Жоокерчилик заманда эр-азаматтар өз элинин бейкуттугун сактоодо, мисалы, жылкы тийүүдөн, чет душмандардын айылды чаап кетүүсүнөн, ички аймактык уурулардан, таң каракчыларынан ж.б. күндөсү-түндөсү ат жалында, куш уйкуда, таш жазданып, чырм этпей турушкан. Жалтанбай, тике

ителгидей жоону качырышкан. Эр намысы үчүн жүрөктөрүн калкан кылып, эрөөлгө чыккан. Душманын жерине жеткире кууган. Казак-калмактардын жүрөгүнө көк талкандай тийишкен. Кечээки эле тарыхый баатырлар Эр Табылды, Курманбек баатыр, Тайлак баатыр, Жайнак баатыр ж.б. аттары айтылбай калгандар – буга ачык далил. Жоокерчилик заманда доолашуулар, кун төлөөлөр, калыска түшүүлөр, адилеттүүлүктү жактоочулар өндүүлөр арбын боло турган. Мына ошондой шартта, чечендер таңдайынан чаң чыгара сүйлөп, ар кандай кызматтуу иштерди бара, көзгө сайгандай көрө, имере айтып, ишти жылчыксыз бүткөрө турган. Баатырдыктын кейипкерин уламыштарда Манас баатырга такасак, чечендиктин касиети Жээренче чеченге ыйгаруу менен макал жашап келүүдө.

4-тапшырма. Көркөм окуу. Ырларды талкуулоо.

Акыр заман

Кызыл-кызыл кыялар,
Кыргый талга уялар,
Такыясын колго алып,
Кыз жигитти кубалар.
Карыядан каада кетер,
Катындан уят кетер.
Келинден келбет кетер,
Уулдан урмат кетер,
Кыздан кылык кетер,
Атанын тилин уул албас,
Аганын тилин ини албас.
Сааганың сары бээ болор,
Ичкениң сары суу болор.
Өңү сары, көзү көк,
Орус деген эл келер.
Арканга өлчөп жер бөлөр.
Өлтүрүп ийбес,
Этеги жерге тийбес,
Калк кысылар,
Заманың бузулар.
Күндө кеңеш жыйын чыгар,
Андай заман кийин чыгар.
Жандан баары молдо болор,
Жамынганы торко болор,
Чобур атың жорго болор,

Сак болгун!

Көгүш тоону кыян жууп,
Көрк бузулат, сак болгун!
Көсөмдөрүң элди алдап,
Көч бузулат, сак болгун!
Өзөгүнө өрт таштап,
Өз бузулат, сак болгун!
Сөөлөтүнөн ажырап,
Сөз бузулат, сак болгун!
Салкын тоону кыян жууп,
Салт бузулат, сак болгун!
Намыс түгөп, ар тугоп,
Нарк бузулат, сак болгун!
Калыс сөзүн айталбай,
Калк бузулат, сак болгун!
Кызыл тоону кыян жууп,
Кырман качат, сак болгун!
Кыз-уланың дүйнө кууп,
Кырдан качат, сак болгун!
Кырды-түздү жат элге
Кыйган качат, сак болгун!
Кылгылыкты кыргызга
Кылган качат, сак болгун!
Тулпар тоону кыян жууп,
Тул болосун, сак болгун!
Кудагыйсыз, кудасыз,

Сокур кудук суу чыккан
жерде ордо болор.

Калыгул

Кун болосун, сак болгун!
Кубат-күчүң соодалап,
Пул болосун, сак болгун!
Кудуреттуу элдерге,
Кул болосун, сак болгун!
Кара тили калп минип,
Карт бузулат сак болгун!
Калыс созун айталбай,
Калк бузулат сак болгун!

Кет Бука

5-тапшырма. Куттуктоо жазуу. Бөлүнгөн 3 топтун ар бири Жаңы Жылга карата куттуктоо сөз жазып, окуп беришет. Текстин мааниси, орфографиялык, пунктуациялык жана стилдик каталары каралат.

Теманы бышыктоо максатында төмөндөгүдөй суроолор берилет:

1. Элдик чечендер деп кимдерди айтабыз?
2. Кандай сөздөрдү чечен сөздөр деп айтабыз?
3. Футурологдор деп кимдерди айтабыз?

Үйгө тапшырма: “Эгерде мен маданият министри болсом, …” деген темада дил баян жазуу.

Кеп маданияты сабагы боюнча модулдук суроолор

1-модуль

1. Кеп маданияты деген эмне?
2. “Өнөр алды – кызыл тил” аттуу макалдын чечмелениши.
3. Тил менен кептин өз ара айырмачылыктары.
4. Кептин жаралуу процессиндеги жагдайлар.
5. Кептин негизги сапаттары.
6. Кептин сапаттарынын бөлүштүрүлүшү.
7. Кеп маданияты жана анын баскычтары.
8. Кепке терс таасир тийгизүүчү кубулуштар.
9. Кептин тууралыгы.
10. Кептин тазалыгы.
11. Кептин байлыгы.
12. Кептин тактыгы.
13. Кептин көркөмдүүлүгү.
14. Кептин логикалуулугу.
15. Кептин орундуулугу.
16. Стиль жана анын түрлөрү.
17. Сүйлөө маданияты.
18. Сөз маданияты деген эмне?
19. Речь, сөз, кеп деген терминдердин өзгөчөлүктөрү.
20. Сүйлөө маданиятын окуп үйрөнүү.
21. Ораторлук искусствосунун тарыхы.
22. Байыркы дүйнөдөгү ораторлук искусство.
23. Кайра жаралуу доорундагы ораторлук искусство.
24. Байыркы орустун ораторлук искусствосу.
25. Жумушчу табынын ораторлук искусствосу.
26. Революциянын улуу оратору.
27. В.И.Лениндин өмүр жолу жана илимий эмгектери.
28. Цицерон жана ораторлук искусство.
29. Байыркы дүйнөдөгү ораторлордун аыс ойлору.
30. Кеп-адам баласынын жан дүйнөсүнүн күзгүсү.
31. Цицерондун трактаттары.

2-модуль

1. Оратор жана аудитория.
2. Негизги ораторлук сапаттар.
3. Риторика термини жөнүндө жалпы түшүнүк.
4. Риторика илиминин тарыхы жана өнүгүшү.
5. Публика жана трибун.
6. Агитациялык пропаганда жана лектордук сүйлөө.
7. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы тууралуу.
8. Жаңылмачтар, табышмактар, макал-лакаптар.
9. Оозеки чыгармачылык жана ораторлук искусство.
10. Чечендик айтыш.
11. Чечендиктин айтыш өнөрүнөн алган орду.
12. Төкмө акындар тууралуу.
13. Аалы Туткучев жана анын чыгармачылыгы.
14. Азамат Болгонбаев жана анын чыгармачылыгы.
15. Чечен сөздөр.
16. Чечендердеги олуялык сапаттар.
17. Кет бука жана анын олуячылыгы.
18. Калыгул олуя жана анын олуячылыгы.
19. Чечендиктин элчилик кесипке байланышы.
20. Жетимиш өнөрлүү Куйручук.
21. Чечендик өнөр.
22. Чечендик өнөрдүн бөлүнүшү.
23. Чечендерди классификациялоо.
24. Чечендердин үндүк, тилдик каражаты.
25. Чечендик кепти окутуунун зарылчылыгы.
26. Элдик чечендерге тиешелүү сапаттар.
27. Кыргыз санжырасы.
28. Тилекмат аке, Садыр аке
29. Сарт аке, Карач аке.
30. Мойт аке, Карга аке.
31. Кеп маданияты илимине салым кошкон окумуштуулар.

Кеп маданияты курсу боюнча тесттик тапшырмалар

1. Төмөнкү ыр саптары кимге таандык?

Акыл, билим көпүрөсү- кызыл тил,
Таамай сөздөр жан жыргатат, муну бил.
Тил келтирет бакыт-таалай даңкыңды,
Тил кор кылат, алат алтын башыңды.
Тил - арстан, карасаң эшик тоскон,
Байкабасаң кабылат өлүм жоктон.
Кызыл тилде пайда көп, зыян да көп,
Жүрүп турат мактоо, сөгүү далай кеп.

а) Жусуп Баласагын;
б) Кет Бука;
в) Калыгул олуя;
г) А.Осмонов.

2. Кеп маданияты – бул ...

а) адабий тилдин нормасында угуучуга жана коомчулукка так, даана таасирдүү сүйлөө;
б) пикир алышуунун механизми, катнашуунун тилдик белгилик бирдигинин системалык жыйындысы
в) сүйлөөнү түзүүдө керек болгон адамдын организминдеги логика-психологиялык иш-аракеттердин жыйындысы
г) социалдык жана жекече элементтердин биргелешип аракетке келтирилиши, тил каражаттарынын жыйындысы.

3. “Поэтика”, “Риторика”, “Ораторлук искусство жөнүндө” аттуу эмгектер кимге таандык?

а) Демосфен;
б) Аристотель;
в) Платон;
г) Цицерон.

4. Кайра жаралуу доорунун ораторлору кимдер?

а) Аристотель, Платон;
б) Демосфен, Цицерон;
в) Маркс, Энгельс;
г) Джонь Болл, Уолт Тайлер.

5. Жумушчу табынын ораторлору кимдер?

а) Ленин, Ломоносов;
б) Маркс, Энгельс;
в) Сократ, Платон;
г) Аристотель, Цицерон.

6. Импровизация деген сөз кайсы маанини түшүндүрөт?

а) чыгармачылык;

б) олуячылык;

в) чечендик;

г) төкмөлүк.

7. Ораторлордун негизги сапаттары кайсы?

а) сулуулук, билимдүүлүк, эрктүүлүк;

б) олуялык, сергектик, токтоолук;

в) тунук акыл, маалыматтуулук, импровизация;

г) чечендик, баатырдык, уялчаактык.

8. "Өнөр алды – кызыл тил" деген макалдагы <u>кызыл</u> деген сөз кайсы маанини берет?

а) чебер, чечен;

б) өң, түс;

в) акылман, сулуу;

г) ачуу, таттуу.

9. Кептин негизги сапаттары кайсы?

а) туруктуулук, чынчылдык;

б) көркөмдүүлүк, тазалык;

в) логикалуулук, маанилүүлүк;

г) мазмундуулук, тууралык.

10. Кептин тазалыгына кедерги болгон көрүнүштөр?

а) диалектизмдер, варваризмдер;

б) неологизмдер, мите сөздөр;

в) архаизмдер, адабий сөздөр;

г) историзмдер, жаргондук сөздөр.

11. Ораторлук искусство эң биринчи кайда пайда болгон?

а) Байыркы Египетте;

б) белгисиз;

в) Байыркы Грецияда;

г) Америкада.

12. «Эмне кылуу керек?», «Бир кадам алга, эки кадам артка», «Материализм жана эмпириокритицизм», «Мамлекет жана революция» аттуу эмгектер кимге таандык?

а) К.Маркс;

б) Ф.Энгельс;

в) М.Ломоносов;

г) В.И.Ленин.

13. Байыркы Римде айрым кызмат ордун ээлегендердин атын жана коомдук ишмер, атагы чыккан оратор, публицист деген маанини түшүндүргөн сөз?

а) оратор;
б) пропагандист;
в) трибун;
г) лектор.

14. “Оратор жөнүндө”, “Брут, же белгилуу ораторлор жөнүндө”, “Оратор” аттуу трактаттар кимге таандык?

а) Цицерон;
б) Платон;
в) Аристотель;
г) Демосфен.

15. Футурологдор деп кимдерди айтабыз?

а) чечендерди;
б) аудиторияны;
в) акындарды;
г) олуяларды.

16. Элдин алдында сүйлөө же бирөөлөр менен баарлашуу мезгилинде чечендер өздөрүн кандай алып жүрүүсүн, кеп адебин, сүйлөшүү маданиятынын этикеттерин, оозеки, жазууга байланыштуу кептин норма-эрежелерин, чечендик өнөргө ээ болуунун жол-жоболорун окутуп-үйрөтүүчү илим эмне деп аталат?

а) кеп маданияты;
б) ораторлук искусство;
в) риторика;
г) чечендик өнөр.

17. Ооздон-оозго өтүп, эчен муундар тарабынан кылымдан-кылымга жетип, уламдан-улам аз да болсо өзгөрүүлөргө учурап, айрым кошумчалар-алымчалар менен эл тарабынан иштелип чыккан, бизге бабалардын калтырган улуу мурасы, казына-мүлкү.

а) элдик оозеки чыгармалар;
б) чечен сөздөр;
в) табышмактар, жыңылмачтар;
г) макал-ылакаптар.

18. Ар дайым курч мүнөздө, табышмактуу ыкмада боло бербестен турмуштук көрүнүштөрдү таамай чагылдыргандыгы менен кадимки кептерден айырмаланган сөздөр?

а) чечен сөздөр;

б) табышмактар;

в) жаңылмачтар;

г) макал-лакаптар.

19. Футуролог-олуялар кимдер болгон?

а) чечендер;

б) Аристотель, Сократ;

в) Маркс, Энгельс;

г) Калыгул, Кет Бука.

20. Сүйлөгөн сөзү уккулуктуу келип, ырдай куюлуп, "айдаган койдой ашыгып", улам сүйлөгөн сайын күчөп отурат да, айткан сөзүнүн мааниси алаканга салгандай ачык, терең, уккан адамды тажатпай магдыратып, үнү коңур келген чечендердин түрү?

а) акыл чечен;

б) тил чечен;

в) сөзмөр чечен;

г) маңыз чечен.

21. Буларга коомдо, турмушта болуучу чындыкты алдын ала көрө билүүчүлүк, тубаса олуялык, кылдат сынчылдык сапаттар тиешелүү болгон чечендердин түрү?

а) акыл чечен;

б) кургак чечен;

в) тил чечен;

г) көрөгөч чечен.

22. Жалпы элдик тилдин иштелип чыккан, фонетикалык, грамматикалык, лексикалык жактан калыпка салынган тийиштүү нормалары бар формасы эмне деп аталат?

а) адабий тил;

б) кеп маданияты;

в) риторика;

г) ораторлук искусство.

23. Эч кандай зарылчылыгы жок туруп кепте колдонулган, жалпы элге түшүнүксүз болгон адепсиз, чет сөздөр?

а) вульгаризмдер;

б) варваризмдер;

в) профессионализмдер;

г) жөнөкөй сөздөр.

24. Ырды, сөздү, муундарды жана баяндамаларды айтуудагы тактык, сүйлөө манерасы кандай аталат?

а) чечендик;
б) ораторлук;
в) дикция;
г) риторика.

25. Сөз аркылуу берилген ой-пикир, адамдардын бири-бирине айткан, сүйлөгөн сөздөрүн эмне деп атайбыз?

а) стиль;
б) жөнөкөй сөздөр;
в) айтылыш;
г) кеп.

26. Көпчүлүк алдына чыгып илимий темада сүйлөө, жогорку окуу жайларында бир предмет тууралуу мугалимдин оозеки сүйлөгөн сөзү?

а) лекция;
б) доклад;
в) реферат;
г) чечен сөздөр.

27. Жаңы риторика, ал классикалык риторикага негизделип, адамдар менен мамиле куруунун, байланыш түзүүнүн оптималдуу жыйынтыктарын табууга аракет жасайт?

а) неологизм;
б) неориторика;
в) негизги риторика;
г) паралингвистика.

28. Бир эле сөздүн же бирдей маанидеги сөздөрдүн кайра кайталанышы. Бир эле аныктаманы же далилди кайра-кайра аныктап, далилдеп көрсөтө берүү?

а) тезис;
б) тавтология;
в) цитата;
г) ораторлук искусство.

29. Көркөм сөз өнөрүнүн, чебер, чечен сүйлөөнүн, ораторлук искусствонун негизги үндүк тилдик каражаты?

а) чеберчилик;
б) тыным;
в) интонация;
г) тон.

30. Чет тилден кирген, угуучуга түшүнүксүз сөздөр жана адеп-ахлактык нормаларга туура келбеген орой, булганыч, адепсиз сөздөр катышпаган кептин сапаты кандай?

а) кеп адеби;
б) кеп байлыгы;
в) кеп тактыгы;
г) кеп тазалыгы.

31. Айтылбаган, сүйлөнбөгөн, үн катышпаган, субьекттин өзүнө гана тиешелүү речь – кандай речь?

а) оозеки речь;
б) ички речь;
в) жазуу речи;
г) өлчөм речи.

32. Кептин угуучу менен байланышынан улам кептин жеткиликтүүлүгү жана таасирдүүлүгү аныкталат. Маалыматты жеңил түшүнүү үчүн ылайыкталган кептин түрү кандай?

а) таасирдүү кеп;
б) маалыматтуу кеп;
в) байланыштуу кеп;
г) жеткиликтүү кеп.

33. Жаштарды коммуникативдик жактан даярдоонун маанилүүлүгүн мамлекеттик деңгээлге алып чыккан жана адамдардын карым-катнашы жана оратордук искусство боюнча институтту негиздеген америкалык педагог.

а) Дейл Корнеги;
б) Аристотель;
в) Джонь Болл;
г) Уолт Тайлер.

34. "Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу" – бул цитата кимге таандык?

а) Аристотель;
б) Ленин;
в) Демосфен;
г) Ч.Айтматов.

35. Кыргыздын белгилүү төкмө акындары кайсылар?

а) А.Туткучев, Ш.Дүйшеев;
б) А.Болгонбаев, А.Осмонов;
в) Э.Иманалиев, Ж.Токтобеков;
г) А.Токомбаев, А.Туткучев.

36. Эки же андан көп муундан турган сөздүн белгилүү бир муунундагы үндүү тыбыштын күчтүүрөөк эпкин менен өзгөчөлөнүп айтылышы?

а) басым;
б) интонация;
в) муун;
г) пауза.

37. Кеп маданиятына салым кошкон окумуштуулар?

а) Мусаев С., Т.Аширбаев;
б) Давлетов С., А.Иманов;
в) Капалбаев О., Ж.Мамытов;
г) Калыгул олуя, Кет Бука.

38. Бирдей жыштыктагы темптин ылдамдашы, жайлашы, тондун бийик көтөрүлүп, ылдый түшүп, муундун кыска жана узун болуп айтылышы менен ыр саптарындагы ритмикалык топтордун көркөмдүгүн арттыруу жагынан мүнөздөлгөн речь.

а) өлчөм речи;
б) эмоционалдык речь;
в) кинетикалык речь;
г) жазуу речи.

39. Кептин тилдик норма менен тыгыз байланыштуу сапаты кайсы?

а) кептин орундуулугу;
б) кептин көркөмдүүлүгү;
в) кептин логикалуулугу;
г) кептин тууралыгы.

40. Ар кандай илимий окууну, билимди, массалык коммуникативдик информациялык каражаттардын негизинде терең түшүндүрүп, элге жайылтып, көпчүлүккө саясий мүнөздөгү идеяларды, ой-пикирлерди кенен таратып, угуучуларга таасир этүү эмне деп аталат?

а) ораторлук искусство;
б) пропаганда;
в) этикет;
г) лекция.

Риторикалык тест

1.**Төмөнкү макалдын уландысы кайсы?**

Малдан жарды калсаң кал, …

а) акылдан жарды калба;

б) байлыктан жарды калба;

в) сүйүүдөн жарды калба;

г) тамактан жарды калба.

2. **Төмөндөгү табышмактын жандырмагын тап?**

Адамча тиктейт, адамдай өзү, ирмелбейт көзү.

а) маймылдын сүрөтү;

б) саат;

в) бала;

г) адамдын сүрөтү.

3. **«Эгиндериңер жакшы чыгып, жакшы бышты деп уктум. Орокчулар шай экен, кыштын арты кандай болот, кышка калтырбай эрте оруп алгыла. Толубай, Токтогул, Асанга кабар бергиле. Сокур кара теке бар, аны сакалынан байлап, көзүн оюп, көлгө салгыла. Болор-болбос бычагым бар, мизи курч кестигим бар, унутулуп журтта калбасын» - деген кимдин сөзү?**

а) Жаныбек хандын;

б) Жээренче чечендин;

в) Акыл Карачачтын;

г) Алдар Көсөөнүн.

4. **Төмөнкү макалдын уландысы кайсы?**

Карылык көркү – сакал,…

а) чечендик көркү – макал;

б) сөздүн көркү – макал;

в) кымыздын көркү – саамал;

г) сулуулук көркү – жамал.

5. **Асман менен жердин ортосу канча? – деген суроого Акылдуу кыздын берген жообу кандай?**

а) 1 444 000 км;

б) каш менен кабактын ортосундай, кашыңды көтөрсөң – асман, кабагыңды түшүрүп ылдый карасаң, жер көрүнөт.

в) белгисиз;

г) ортосу күн үчүн бир күндүк жол, жолдо конуп, түнөп жүргөн күндү көрбөдүк.

6. **Төмөнкү макалдын уландысы кайсы?**

Жоргонун кадыры жүргөндө билинет, жакшынын кадыры ...

а) конокто билинет;

б) сүйлөгөндө билинет;

в) өлгөндө билинет;

г) күлгөндө билинет.

7. **Айла сурасаң – Тилекмат акеге бар дейт, ал эми чындак сурасаң кимге бар дейт?**

а) Кыдыр акеге;

б) Садыр акеге;

в) Карга акеге;

г) Мойт акеге.

8. **Төмөндөгү табышмактын жандырмагын тап?**

Эртең менен төрт буттап басат,
Түштө эки буттап басат,
Кечинде үч буттап басат.

а) маймыл, мамалак, пил;

б) арстан, жолборс, барс;

в) балалык, жаштык, карылык;

г) чыгырык, лыжа, коньки.

9. **Төмөнкү макалдын уландысы кайсы?**

«Буттан жыгылган турат, ...»

а) макалдан жыгылган турбайт;

б) ооздон жыгылган турбайт;

в) сөздөн жыгылган да турат;

г) чечендер жыгылса турбайт.

10. **Төмөнкү ырдын аталышы кандай?**

Уй пул болор,
Кул бий болор,
Тегиз жерден тегирмен жүрөр,
Тексиз жерден бий чыгар.
Орой киши баатыр болор,
От чыкпай жериң такыр болор,
Каапыр менен аралаш айыл конор,
Ошол заман жакын болор.
Кызыл-кызыл кыялар,
Кыргый талга уялар,
Такыясын колго алып,
Кыз жигитти кубалар.

а) “Акыр заман”;

б) “Тар заман”;

в) “Зар заман”;
г) “Зилзала”.

11. **Төмөндөгү табышмактын жандырмагын тап?**
Көшөгө чакан, көп нерсе баткан,
Нурдан түшкөн сүрөт, сансыз элес берет.
Үйдөн чыккан эл, дүйнө жүзүн көрөт.
а) сыналгы;
б) театр;
в) сүрөт;
г) кинотасма.

12. **Киши акысын жегендик – ... белгиси.**
а) адалдыктын;
б) арамдыктын;
в) кеселдиктин;
г) акылсыздын.

13. **Адамды шайтан азгырат,**
Артык дөөлөт мас кылат.
Тумшугу таштай катаарда,
Тууганы менен кастыгат - деген кимдин сөзү?
а) Жээренче чечендин;
б) Акылдуу кыздын;
в) Алдар Көсөөнүн;
г) Акыл Карачачтын.

14. **Төмөндөгү табышмактын жандырмагын тап?**
Беш бир тууган бар эле, баары бирдей жаш эле.
Ичинде бирөө баш эле, баарынан бою пас эле.
а) чыпалак;
б) баш бармак;
в) бадал жүрөк;
г) ортон оймок.

15. **“Акыл – башта, уят – көздө, кубат – ...”.**
а) күчтө;
б) билекте;
в) сөөктө;
г) өнөрдө.

16. **Эп келтирип сөз айтуу - эстүүлүктүн белгиси,**
Туура сөздөн качпаган – ... белгиси.
а) калыстыктын;
б) каадалыктын;
в) чечендиктин;
г) акылдуунун.

17. **Төмөндөгү табышмактын жандырмагын тап?**

Үйдүн чырагы, эшиктин кулагы.

а) чырак, коңгуроо;

б) лампочка, тутка;

в) ата, эне;

г) бала, күчүк.

18. **Калыстык сурасаң Карач акеге бар дейт, ал эми касиет сурасаң кимге бар дейт?**

а) Кыдыр акеге;

б) Сарт акеге;

в) Тилекмат акеге;

г) Мойт акеге.

19. **Төмөнкү макалдын уландысы кайсы?**

Жаман сөз жанды кейитет, …

а) жакшы сөз балды эритет;

б) жаман сөз жанды сергитет;

в) жакшы сөз көңүл эргитет;

г) жаман сөз маанай кетирет.

20. **Коңшуңар кут болсун! – деп кайсы учурда айтылат?**

а) жаңы үйгө киргенде;

б) үйлөнгөндө;

в) конокко барганда;

г) келин алганда.

Глоссарий

Адабий тил – жалпы элдик тилдин иштелип чыккан, фонетикалык, грамматикалык, лексикалык жактан калыпка салынган тийиштүү нормалары бар формасы.

Агитация – саясий ойлорду, максаттарды жайылтуу, ынандыруунун каражаты.

Академиялык чечендик – жогорку окуу жайларындагы же илимий кеңешмелердеги илимий докладдарды, маалыматтарды жасоо чеберчилиги.

Анализ – көрүнүштөрдүн ортосундагы ички байланыштарды аныктоо.

Айтыш – ырчылардын бири-бири менен алым сабак айтып, көпчүлүк алдында сынашып ырдаган ыры, сөз жарышы; белгилүү бир маселе боюнча түрдүүчө ойлорун ортого салып, бири-бирине карата айтылган талаш-тартыш.

Аргумент – талаш-тартыштарда, талкуулоолордо келтирилген далил. Талашсыз, далилденген, текшерилген, ачык-айкын.

Аудитория – лекция, доклад окулуучу жай; ошол лекцияны, докладды уга турган угуучулар.

Аффоризм – кыска, даана жана таамай айтылган маанилүү санат ойлор.

Басым - сөз тутумундагы бир муундун (же речь тизмегиндеги бир сөздүн) ар кандай фонетикалык каражаттар менен көтөрүңкү абалда айтылышы.

Варваризмдер - эч кандай зарылчылыгы жок туруп кепте колдонулган, жалпы элге түшүнүксүз болгон адепсиз, чет сөздөр.

Вербалдуу – маалыматты оозеки, сөз түрүндө берүү ыкмасын билдирген термин.

Вербалдуу эмес -

Вульгаризмдер - турмуштук айрым бир кубулуштарды орой сүрөттөгөн, адамдык ар-намысты тебелеген, адеп-ахлактык нормаларга ылайыксыз сөздөр.

Глоссарий – эскирген жана сейрек учуроочу сөздөрдүн түшүндүрмөлүү сөздүгү.

Диалектизмдер - адабий тилдин нормасына ылайык келбеген, диалектинин аймагында гана колдонулган сөздөр.

Диалог – эки же андан ашык адамдардын бири-бирине карата өз ара сүйлөшкөн сөзү.

Дикция – ырды, сөздү, муундарды айтуудагы тактык, сүйлөө манерасы.

Дипломатия – мамлекеттин тышкы эл аралык саясатын жүзөгө ашыруу боюнча өкмөт тарабынан жүргүзүлгөн иштер.

Дипломатиялык чечендик – чечендик чеберчиликтин бир бутагы. Ал өтө жогорку такты, жүрүм-турум этикасын сактоону, жогорку маданияттуулукту, эл аралык укуктук нормаларды билүүнү талап кылат.

Дискуссия – талкуу: кандайдыр бир маселени жыйналышта, басма сөз жүзүндө, аңгемеде, илимий иштерде, чогулуштарда, конференцияларда талкуу жүргүзүү.

Жазуу – графика түрүндө кагаз же башка бир нерселердин бетине түшүрүлүүчү атайын белгилердин, тамгалардын жыйындысы, системасы.

Жаргондук сөздөр - жалпы кызыкчылыктары, иштеген иштери, коомдогу ал-абалы боюнча бириккен адамдардын социалдык айрым топторунун тар чөйрөсүндө колдонулган атайын сөздөр.

Жаңылмач – айтууга кыйын болгон уйкаш муундардын, сөздөрдүн туташ келиши менен түзүлүп, ылдам айтканда жаңылып, сөздү так айта албай кала турган сөз тизмектери.

Жатык – сыпайы, сылык, орой эмес, кичи пейил, элпек; кандайдыр бир ишке, бир нерсеге машыгуу, көнүгүү, маш болуп үйрөнүп кетүү.

Жорго сөз – кара сөз менен ырдын ортосунда, муун рифмасы сакталбаган уйкаш, куюлушуп айтылган сөз.

Жөө чечен – бирөөгө сөз бербей, өзү эле сүйлөй берген эзме.

Импровизация – күн мурун даярданбастан, ошол учурда эле чыгарып ырдап жиберүү же күү чыгаруу.

Интонация – сүйлөөдө үндүн өзгөрүлүп, бирде көтөрүңкү, бирде жай айтылган кубулуш.

Искусство – чындыкты көркөм образдарда чыгармачылык менен көрсөтүү, көркөм чыгармачылык өнөрү; кылдаттык, чебердик, устаттык.

Кажан – сөгүнүү, какшануу, бирөөнү жемеге алып какмалай берүү, кажап жиберүү.

Кайталоо – бир эле сөздүн же бир эле фразанын кайра-кайра колдонулушу аркылуу түзүлгөн стилистикалык ыктардын бир түрү, адатта поэтикалык речтин ыргагын басаңдатуу же күчөтүү аркылуу анын кооздук сапатын арттырат.

Канцеляризмдер - тилде өзүнчө бир штампка, мөөргө айланган, мааниси жоюлуп кеткен сөздөр же сөз айкаштары.

Кеп – сөз аркылуу берилген ой-пикир, адамдардын бири-бирине айткан, сүйлөгөн сөздөрү.

Кептик этикет – аныкталган жана жалпы кабыл алынган тилдик жүрүм-турум тартиптери, сылык кайрылуунун эрежелери; саламдашуунун, коштошуунун, өтүнүүнүн, ыраазычылык билдирүүнүн, таанышуунун, кечирим суроонун ж.б. абалдарда өзүн алып жүрүүнүн кептик формалары.

Келегей – таасын сүйлөй албаган, тили чалыштаган, тантык; толук эмес, чала уюган, чалалыгы бар.

Келекелөө – тамашага, күлкүгө айланган сөздөр менен шылдыңдоо, мазактоо, мыскылдоо жана шакабалоо.

Классификация – тилдерди же алардагы кубулуштарды окшоштуктарына, белгилүү бир касиетине ылайык топтоштуруу.

Композизия – адабият, искусство чыгармаларынын составдык бөлүктөрүнүн түзүлүшү, орун алышы, өз ара байланышы.

Комментарий (лат. – сүрүш-түрүү) – адабий текстти, мурастарды изилдеп, ага түшүндүрмө берүү, филологиялык багытта изилдеп-иликтөөнүн түрү.

Концепция – айрым бир мисалга же фактыга таянуу менен өнүктүрүлүүчү негизги идея.

Кыргыз тили – түрк тилинин чыгыш хун бутагынын кыргыз-кыпчак тобуна алтай тили менен бирге кирүүчү, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили.

Лексикон – сөздөрдүн жана туюнтамалардын жалпы жыйындысынын аты; сөздүк.

Лекция – көпчүлүк алдына чыгып илимий темада сүйлөө; жогорку окуу жайларында бир предмет тууралуу мугалимдин оозеки сүйлөгөн сөзү.

Литота – каймана сөздөрдүн бири. Образдуу айтылуу, кандайдыр бир нерселерди мүнөздөөдө өлчөмүн, күчүн ж.б. нерселерин атайылап жөнөкөйлөтүп айтуу.

Маданият – тарыхый өнүгүштүн жүрүшүндө адамзат иштеп чыккан жана өөрчүткөн материалдык жана рухий байлыктардын тиричилик жана иш-аракет формаларынын жыйындысы.

Макал – образдуу санат сөздөр, насаат тарбиялык мааниде айтылат.

"Мите" сөздөр - кепте эч кандай маани туюнтпаган, көнүмүш адат катары гана тез-тез колдонулган сөздөр.

Монолог – диалогдон айырмаланып, бир адамдын кайрылуу сөзү.

Неологизм – жаңыдан массалык пайдаланууга кирип жаткан сөз.

Неориторика – жаңы риторика, ал классикалык риторикага негизделип, адамдар менен мамиле куруунун, байланыш түзүүнүн оптималдуу жыйынтыктарын табууга аракет жасайт.

Орфография – жазуу эрежелеринин нормаларынын жыйындысы; айрым тамгалардын, мүчөлөрдүн, сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын жазылуу эрежелеринин жыйындысы.

Орфоэпия – сөздөрдү адабий тилдин нормасы боюнча туура айтууга үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүмү.

Паралингвистика – тил таануунун бөлүмү. Вербалдуу эмес каражаттарды изилдөө багыты.

Парадигма – белгилүү бир сөздүн сөз өзгөртүүчү бир категория боюнча баштан аяк өзгөрүүсүнүн жыйындысы.

Пофос – антикалык мезгилдеги риториканын үч негизинин бири: чечендин кебиндеги эмоционалдык башталыш.

Пленазм – кептеги ашык нерселер, көп сөздүүлүк, мааниси жок сөздөрдүн пайдаланылышы.

Профессионализм – сөз же ой, кепке мүнөздүү болгон бул же тигил топтун же адамдын кесипкөйлүгү.

Публика – лекция, докладдарды угуучулар, коомдук жайларга катышкан көпчүлүк эл.

Реферат – кайсы бир тема боюнча даярдалган доклад. Биринчи баскычтагы илимий иш.

Риторика – көркөм сүйлөө чеберчилигинин теориясы жана практикалык курсу, сөз аркылуу бардык маселелерди чечип алуу.

Сарказм – заардуу, ырайымсыз шылдың, түпкү маанисин терең түшүнбөй же түшүнгүсү келбей үстүнөн карап мамиле жасоо.

Стиль – тандоо өзгөчөлүгүн, айкалыштыгын жана тилдик каражаттарды мамиле куруу менен бирдикте байланыштарын уюштуруп туруучу тилдин ар түрдүүлүгү.

Сөз – тыбыштык жана грамматикалык жагынан калыптанган речтин бирдиги.

Сүйлөө – ар кандай коммуникативдик жактан пикир алышуунун шартында, кырдаалында, чөйрөсүндө сүйлөөчү тарабынан бир мазмунду туюндуруш үчүн тил каражаттарынын ички мүмкүнчүлүктөрүнөн толук пайдаланып, угуучуну же кубантып, же өкүндүрүп, баяндоонун өзгөчө ыкмалары менен информациялык билдирүүлөрүн, ой-пикирин ишке ашыруучу чыгармачылык процессти айтабыз.

Тавтология — бир эле сөздүн же бирдей маанидеги сөздөрдүн кайра кайталанышы. Бир эле аныктаманы же далилди кайра-кайра аныктап, далилдеп көрсөтө берүү.

Тезис - далилдөөнү талап кылган жобо, кыскача даярдалган докладдын, баяндын калыпка салынган жобосу.

Термин - илимдин, техниканын, искусствонун, чарбанын жана экономиканын ж.б. тармактарга тиешелүү атайын түшүнүктөрдү так атоо үчүн колдонулган сөз же сөз айкашы аталат.

Тил – грамматикалык түзүлүшкө ээ болгон тилдик система, мамиле кылуу үчүн ойлордун айтылышын пайдалануу; үндүн негизинде түзүлүп, ойлорду берүүдө колдонулат.

Тилдик норма – тилди пайдалануудагы жалпы кабыл алынган жана мыйзамдаштырылган эрежелер, үлгүлөр, калыптар.

Трактат – илимий темадагы чыгарма, XIX кылымдагы эл аралык келишимдердин аталышы.

Фольклор – (англ. – элдик акылмандык, элдик билим) – элдик оозеки чыгармачылык. Жалпы эле көркөм адабият оозеки чыгармачылыктан жана жазма адабияттан турат. Мына ошол элдик оозеки чыгармачылык 1847-жылы англиялык окумуштуу В.Томстун сунушунан кийин фольклор деп аталат. Бул сөз англис тилинде “элдик билим, акылмандуулук” деген маанини билдирет.

Футурология –

Цензура - **(**лат. – жаруу, кесүү) – ыр жолдорундагы сөздөрдү ажыратуу, паузанын бир түбү.

Цитата – кадыр-барктуу авторлордун кайсыл бир чыгармасынын үзүндүсүн талаш-тартыштарда, талкуулоолордо сөзмө-сөз айтуу.

Экспозиция – баяндалуучу чыгарманын баштапкы композициялык элементи, негизги орунду ээлеген окуя же абал мүнөздөлөт.

Эрудиция –

Этос – антикалык мезгилдеги риториканын үч негизинин бири: чечендин кебиндеги негизги нерселер этикалык башталыш, адеп-ахлактык принциптер.

Пайдаланылган адабияттардын тизмеси

1. Аширбаев Т. Кеп маданияты Ош, 2004.
2. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. Бишкек, 2004.
3. Античные риторики. М., Знание, 1978.
4. Введенская Л.А., Павлова Л.Г. Культура и искусство речи. Ростов-на-Дону, 1999.
5. Головин Б. Основы культуры речи. Москва, 1980.
6. Демосфен. Об ораторском искусстве. М., Знание, 1980.
7. Давлетов С. Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. I, II китеп Каракол, 2010.
8. Давлетов С. Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. III китеп Каракол, 2011.
9. Дүйшеев Ж. Мектепте көркөм окуунун методикасы. Бишкек, 1988.
10. Зарецкая. Риторика. Москва, 1979.
11. Закиров С. Кыргыз санжырасы Бишкек, 1996.
12. Интернет булактары.
13. Исаев Д., Абдулдаев Э. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. I,II том. Фрунзе, 1984.
14. Ибраимова А.. Элдик оозеки чыгармачылыктагы чечендик сөздөрдүн идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү. Бишкек, 1998.
15. Иманов А. Ысык-Көлдүн жети акеси Бишкек, 2004.
16. Капалбаев О. Кыргыз элинин чечендик өнөрү. Бишкек, 2015.
17. Кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү. Фрунзе, 1983.
18. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.
19. Кыргыз адабиятынын тарыхы. Фольклористика.1-том, Б., 2002.
20. Кыргыз поэзиясынын онтологиясы. II том. Фрунзе, 1975.
21. Култаева Y.Б. Кыргызча сүйлөшөбүз.
22. Львов М.Р. Риторика, Культура речи. Москва, 2002.
23. Маразыков Т.. Экстралингвистикалык факторлордун тексттеги интеграциясы. II китеп. Бишкек, 2005.
24. Мусаев С. Кеп маданиятынын маселелери. Бишкек, 1993.
25. Мусаев С. Кеп маданияты жана норма. Бишкек, 1999.
26. Мусаева В. Сүйлөшүү маданияты аркылуу чечендик кепке үйрөтүүнүн методикасы. Бишкек, 2012.
27. Рожкова И.М. Культура устной и писменной речи делового человека. Москва, 1997.
28. Николаевская С.Т.Техника публичной речи. Москва, 1980.
29. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. Фрунзе, Мектеп, 1967.
30. Об ораторском искусстве. Просвещение, 1978.
31. Основы риторики. Бишкек, 2000.
32. Формановская Н.И. Культура общения и речевой этикет. Москва, 2002.

Мазмуну

Киришүү.....

Дисциплинага байланыштуу колдонулуучу окутуунун интерактивдүү методдору.....

Баалоо усулдары.....

Кеп маданияты курсу боюнча лекциялык жана практикалык сабактардын тематикасы .....

Студенттин өз алдынча иштеринин камтылышы жана аны аткаруу боюнча методикалык жолдомолор……

Студенттин өз алдынча иштеринин тематикасы ……

Окуу-методикалык материалдар: лекциялык сабактар.....

Практикалык сабактар.....

Глоссарий.....

Кеп маданияты курсу боюнча модулдук суроолор.....

Кеп маданияты курсу боюнча тесттик тапшырмалар …….

Риторикалык тест

……

Колдонулган адабияттар .....